# Мектепте этно-экологиялык билим берүү

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Түзгөндөр:
Осмонова А.А., Жолчубекова А.Ж.
Которгон Турпанова Ж.А.

**УДК 372.8**
**ББК 74.26**
**М 54**

Методикалык колдонмо «Мектепте этно-экологиялык билим берүү аркылуу илбирстерди жана алардын экосистемасын коргоо» долбоорунун негизинде чыгарылды.

Долбоор «Таалим-Форум» коомдук фонду тарабынан ишке ашырылып, Кристенсен фонду менен Леонардо Ди Каприо фондунун биргелешкен программасы тарабынан колдоого алынды.

**М54 Мектепте этно-экологиялык билим берүү:** Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо/ Түз.: *Осмонова А.А.*, *Жолчубекова А.Ж.* Котор. *Турпанова Ж.А.* – Б.: «Турар», 2019. – 204 б.

ISBN 978-9967-15-936-5

Китеп мугалимдерге, экология боюнча адистерге жана жаратылышты коргоо демилгелерине арналат. Колдонмо мектептерде этно-экологиялык билимдерди өркүндөтүүгө багытталып, жаш муундардын экологиялык аң-сезимдерин жогорулатууга, маданий баалуулуктарды сактоого үндөйт.

Методикалык колдонмо Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар Кеңешинин чечими менен жалпы билим берүүчү мектептерде окутууга сунуш кылынды.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com

УДК 372.8
ББК 74.26

М 4306012200-19
ISBN 978-9967-15-936-5

© «Таалим-Форум» КФ, 2019

# МАЗМУНУ

Киришүү 5

I

ЭТНО-ЭКОЛОГИЯЛЫК ПЕДАГОГИКА

Этно-экологиялык педагогиканын актуалдуулугу 8

«Этно-экологиялык билим жана тарбия берүү» түшүнүгү 9

Жер жүзүндөгү түпкү элдер жана алардын укуктары 11

Түпкү элдердин салттуу экологиялык билимдери 13

Жаратылыштагы жана маданий ар түрдүүлүк 14

Ааламдашуу, анын биологиялык жана маданий ар түрдүүлүккө тийгизген таасири 15

Жаратылыш парктары жана ыйык жайлар этно-экологиялык билим берүүдө 17

II

МЕКТЕПТЕ ЭТНО-ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ

Мектепте этно-экологиялык билим берүүнү уюштуруу методдору 20

Изилдөөчүлүк долбоор 21

Жаратылышта таанып билүүчү жүрүштөрдү жана изилдөө саякаттарын уюштуруу 26

Мектепте аймак таануу музейин түзүү жана көргөзмөлөрдү өткөрүү 30

Мектепте эко-клубдарды түзүү 32

Салттуу билимдерди алып жүрүүчүлөр жана сактоочулар менен жолугушуу 38

Ачык сабактарды өткөрүү жана бет ачарларды жасоо 40

Этно-экологиялык лагерлерди уюштуруу жана өткөрүү 43

Интерактивдүү жана оюн ыкмалары 46

III

ЭТНО-ЭКОЛОГИЯ БОЮНЧА МАКАЛАЛАР
Шукуров Э.Ж. «Маданияттагы жаратылыш жана маданияттын жаратылышы: салт, маданият, мамилелер жөнүндө» 62
Шукуров Э.Ж. «Көчмөндүк. XXI кылымдагы дүйнө тааным» 69
Шукуров Э.Ж. «Этностук маданият жаратылыш менен эриш-аркак мамилелердин негизи катарында» 79
Ботоканова Г.Т. «Кыргыздардын экологиялык салттуу билимдери» 85

IV

ИЛБИРС – ШАМДАГАЙ ЖАНЫБАР
Илбирстин экосистемасы 96
Илбирс жөнүндө 99
Сырткы келбети жана дене түзүлүшү кандай? 100
Илбирстин таралуу ареалы 102
Илбирстин балдары кандай болот? 103
Эмне менен азыктанат жана кантип аң уулайт? 104
Эмне үчүн илбирстер коргоого алынган? 105

V

МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК ИШТЕЛМЕЛЕР

Экологиялык баш катырмалар 182
Белгилүү даталар 192
Айрым сөздөргө түшүндүрмө 195
Пайдаланылган адабияттар жана булактар 201

# КИРИШҮҮ

Кыргызстан жаратылышы кооз, ландшафты көркөм, биоартүрдүүлүккө бай аймак. Кыргыз эли айлана-чөйрөнү, жашаган аймагындагы ландшафттардын өзгөчөлүктөрүн, жаратылыштагы мезгилдик өзгөрүүлөрдү терең билими, байкагычтыгы, маданияты аркылуу аңдап билишкен. Ата-бабаларыбыз жерибизди көздүн карегиндей сактап бизге жеткирген.

Заманбап дүйнө тездик менен улам өзгөрүлүп, ааламдашуу процесстери «заманбап» жашоо образынын стандарттарын бир түргө келтирүүдө. Алар түпкү элдердин өз алдынчалыгын жана ар түрдүүлүгүн жоготууга таасирин тийгизүүдө. Дүйнө жүзүнүн ар түрдүү аймактары жаратылыш байлыктарын коргоону, аларды пайдаланууну жөнгө салган өз багыттарын, маданий жеке өзгөчөлүктөрүн жана салттуу экологиялык билимдерин жоготууда.

Азыркы күндө дүйнө жүзүндөгү бардык адамдар экологиялык проблемаларга кабылууда. Ландшафттар өзгөрүп, жаратылыш байлыктардын азайышына, суулардын, жерлердин жана абанын булганышына алып келүүдө. Заманбап экологиялык проблемалар – жаратылышка адамдардын ойлонбой жасаган таш боор мамилесинен улам келип чыгууда. Тилекке каршы, экологиялык проблемалардын кесепеттери адамдардын жашоосуна жана ден соолугуна кайра кайтып келерин эч ким эске албайт. Элдин көпчүлүгү экологиялык проблемалардын маанилүүлүгүн этибар алышпайт.

Өлкөбүздүн өнүгүп өсүшү же, тескерисинче, терең экологиялык кризиске батышы өсүп келе жаткан жаш муундарга түздөн-түз тиешелүү, башкача айтканда, экономика, социалдык жана саясий тармактардын кыйроосуна да алып келиши мүмкүн.

Окуучулардын экологиялык билими алардын жашоо-турмушуна, айлана-чөйрөсүнө, экологиялык маданиятына ылайык түзүлүшү зарыл. Бири-бири менен тыгыз байланыштагы экологиялык билим – этно-экологиялык билим болуп эсептелет. Мындай жол актуалдуу, анткени ал жаратылышты гана сактабастан, улуттун маданий мурастарын да сактап калат.

Ошондуктан, туулган жерин жана салттуу экологиялык билимдерди изилдөө иштери ар бир мектептеги билим берүүнүн маанилүү компоненти болушу зарыл. Мектептерде этно-экологиялык билимдерди өркүндөтүү аркылуу биз окуучуларды изилдөө иштерине кызыктыра алабыз. Туулган жеринин жаратылышын коргоо иштерин жандандыруу жана маданиятын сактоо менен бирге, биз улуу муундар менен жаштардын байланышын чыңдай алабыз.

Бул китеп маданий баалуулуктарды сактоого, өсүп келе жаткан жаш муундардын экологиялык аң-сезимдерин жогорулатууга өз салымын кошот деген ойдобуз. Колдонмодон теориялык маалыматтарды, мектеп окуучуларынын көндүмдөрүн калыптандырууда пайдаланыла турган практикалык материалдарды алууга болот.

Колдонмо беш бөлүктөн турат: «Этно-экологиялык педагогика», «Мектепте этно-экологиялык билим берүүнү уюштуруу методдору», «Этно-экология боюнча макалалар», ошондой эле ар түрдүү булактардан топтолгон «Илбирс – шамдагай жаныбар» аттуу илбирстер жөнүндө атайын бөлүм арналган. Ал эми «Мугалимдер үчүн практикалык иштелмелер» бөлүмүндө мугалимдер үчүн кеңири практикалык материалдар берилди.

# I



# ЭТНО-ЭКОЛОГИЯЛЫК ПЕДАГОГИКА

## Этно-экологиялык педагогиканын актуалдуулугу

Бүгүнкү күндө экологиялык проблемалар жана аларды ар түрдүү технологиялардын жардамы менен жоюу боюнча жолдорду билүү жетишсиз. Жалгыз эле экологиялык билим берүүдөн оолактап, заманбап дүйнөгө багыт алууга ийкемдүү чечимдерди тең салмактап, туура чечим кабыл алууга жөндөмдүү инсанды тарбиялоо үчүн кеңири гуманисттик тармакка өтүү зарыл. Жаш муундар жаратылыш менен эриш-аркакта жашоонун маанисин түшүнүүсү, Ата Мекенинин проблемаларына кайдыгер болбой активдүү позицияда болушу маанилүү. Бул аймакта жашаган улуттун жашоо-турмушун, кебете-келбетин, өзү туулуп өскөн аймагын, анын социо-жаратылыш ландшафттарын жүздөгөн жылдар бою өз алдынча маданият катары жаралгандыгын жакшы билүүгө тийиш.

Педагогикадагы этно-экологиялык жол мифтердин, уламыштардын, жомоктордун, тыюулардын (табулардын), жөрөлгөлөрдүн, ырлардын жана сакталып калган элдик даанышман накыл кептердин экологиялык маанисин өзүнө камтыйт. Мунун бардыгы экологиялык салттуу билимдер деп аталат. Чарбачылык жүргүзүү, жаратылышты пайдалануу ишмердүүлүгүнүн методдору жана салттары да ага кирет. Шаардын чөйрөсү адамдарды жаратылыштан жана түпкү маданиятынан өтө тез алыстатууда. Айылдарда жашаган тургундар жаратылыштан көбүрөөк көз каранды, алар табият тууралуу көбүрөөк билишет. Ал аймактардан ата-бабаларыбыздын ыйык салттарын унутта калтырбай эсинде сактаган, жаратылыш ресурстарын колдонууну жана сырларын жакшы билген адамдарды кезиктире алабыз. Анткени табияттын мыйзамдары адамдарды жаратылышка аяр жана аздектеп мамиле кылууга шарт түзгөн. Миса-

лы, жапайы жаныбарларга аңчылык кылуунун, жайыттарга мал жаюунун, сууну жана жерди сактоонун эрежелери жана тыюу салуулар сакталып келген. Байыртадан адамдар жаныбарлардын ыйык коргоочу ээси болоруна ишенишкен. Өсүмдүктөрдөн дары-дармектерди жасап колдонушкан, булактарга, тоо-таштарга сыйынышкан, бул жерлерди өзгөчө ыйык санашкан. Адамдардын жаратылыш менен өз ара карым-катышынын тажрыйбалары каада-салттарында, ишенимдеринде, салттуу кол өнөрчүлүктөрүндө, көркөм өнөрүндө, музыкасында, оюуларында чагылдырылган.

Азыркы күндө ата-бабаларыбыздын жерге кылган мамилеси, салттуу маданияты жана жаратылыш тууралуу билимдери унутта калууда, туулган жерибиз менен байланыштырган өзөк тамырыбыз бошой түшкөндүгүн байкоодобуз. Ошондуктан, этно-экологиялык педагогиканын негизги жоболорун окуу-тарбия процессинде колдонуу аркылуу балдарды туулган жеринин жаратылышы менен маданиятынын мейкиндигине багыттоодо үзүлүп бараткан байланыштарды бекемдей алабыз. Элибиздин, өлкөбүздүн туруктуу жана каатчылыксыз өнүгүүсү үчүн кайталангыс маданий баалуулуктарды сактоо маанилүү экендигин аңдап билебиз.

## «Этно-экологиялык билим жана тарбия берүү» түшүнүгү

«Этно-экологиялык билим жана тарбия берүү» эки негизги түшүнүктөн турат: «Экологиялык билим жана тарбия берүү», «Этникалык жана этномаданий тарбиялоо».

***Экологиялык билим берүү*** – инсанды өстүрүү жана тарбиялоого, илимий жана практикалык билимдери менен көндүмдөрүн жаратууга багытталган баалуулуктарга,

жүрүш-турушка жана ишмердүүлүккө, социалдык айлана-чөйрөгө, ден соолукка жоопкерчилик мамилени камсыз кылууну максат кылган окутуудагы үзгүлтүксүз процесс.

***Экологиялык тарбия*** – адеп-ахлактын негизги курамдык бөлүгү, ал аркылуу экологиялык аң-сезимге ылайык келген ынануу менен жүрүш-турушту түзөт.

***Этникалык тарбия*** – бул адептик баалуулуктарга үйрөтүү, өзү жашаган аймактын этносторунун жүрүш-туруш моделдерин түзүү жана өз маданиятынын элементтери менен тааныштырууга багытталат.

*Кыргыздардын маданиятын түптөөдө географиялык жашоо чөйрөсүнө мүнөздүү болгон Борбордук Азиянын тоолору, талаалары жана чарбачылык жүргүзүү тибине көчмөн мал чарбачылыгынын таасири абдан чоң. Көчмөн мал чарбачылыгы менен алек болгон эл жандуу жаратылыш менен тыгыз байланышта болгон. Жаратылыш кубулуштарына ылайык мекенинин флора, фаунасына, жерине сарамжал мамиле кылууга үйрөнүшкөн, өздөрү да жаратылыштын бир бөлүгү экендигин түшүнүшкөн. Биологиялык ар түрдүүлүктүн жогорку деңгээли жана аймактын жаратылыш мүмкүнчүлүктөрү, аларды пайдаланууда сакталып калган уникалдуу экологиялык жана салттуу методдор Кыргызстанды дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык мааниси бар, кайталангыс маданий комплекс катары атоого болот.*

***Этномаданий билим берүү*** – бул эне тили жана маданияты менен бирге дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарын өздөштүрүү аркылуу инсандын этномаданий окшоштугун сактоого багытталган билим берүү болуп эсептелет.

«Этно-экологиялык билим берүү» термини алгачкы жолу 2004-жылы ЮНЕСКОнун Өкмөттөр аралык «Тоолор жылына» арналган конференциясында алгачкы ирет айтылган. Анын натыйжасында «Жаратылышты пайдалануунун этно-аймактык концепциясы» деп аталган этно-экологиялык

билим берүүнүн глобалдык мүнөзү белгиленип, ишке ашыруу программасы кабыл алынган.

Концепцияда тоолуу экосистемалардын шартында билим берүү системасына этно-экологиялык жана жаратылышты рационалдуу пайдалануунун негиздерин түзгөн билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү киргизүү зарылдыгы негизделген.

Этно-экологиялык билим берүүнүн жалпы принциптерине жана милдеттерине карабастан, аймактын жаратылыш-климаттык шарттарына байланыштуу, маданий-тарыхый жана социалдык-экономикалык бөтөнчөлүгүнө жараша өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар.

## Жер жүзүндөгү түпкү элдер жана алардын укуктары

Планетанын булуң-бурчтарында жашаган түпкү элдер ар түрдүү. Бир мамлекеттерде түпкү элдер калктын көпчүлүк бөлүгүн түзсө, айрым өлкөлөрдө аз гана сандагы коомчулуктар бар. Түпкү элдер жер жүзүнүн бардык бөлүктөрүндө жашашат. Ыраакы Чыгышта эвенкилер, Түндүк Америкадагы Приполярьеде жана Ыраакы Чыгышта эскимостор менен алеуттар, Скандинавия жана Коль жарым аралдарындагы саамдар, Жаңы Зеландияда маорилер, Америкада индеецтер жашашат.

*Дүйнө жүзүнүн бүткүл континенттеринде жана өлкөлөрүндө 300дөн 500 миллионго чейин ошол аймактарда илгертен бери жашап келген түпкү элдер таралган. Алар дүйнөлүк маданий жана этникалык ар түрдүүлүктүн 80% түзөт. Түпкү элдер 5 миң түрдүү маданиятты жана 7 миңге жакын дүйнөлүк тилди алып жүрүүчүлөр болуп саналышат.*

Түпкү элдердин көпчүлүк бөлүгү качандыр бир убакта

колония катары басып алынып, мамлекетте баскынчылык бийлик жүргүзгөн социалдык коомчулук тарабынан кордолуп, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укугунан ажыраган.

Башка маданияттар жана цивилизация сыяктуу эле түпкү элдер дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө ыңгайланышат жана көнүшөт. Түпкү элдерди өздөрү мекендеген аймакты коргоп калуу, эне тилин сактап жана өнүктүрүү, салттуу маданияты менен билимдерин коргоо сыяктуу маселелер тынчсыздандырат.

БУУнун Генералдык Ассамблеясы 1993-жылды «Дүйнө жүзүндөгү түпкү элдердин эл аралык жылы» деп жарыялаган, эки жолу 1995-жылдан 2004-жылга жана 2005-жылдан 2014-жылга чейин дүйнөдөгү түпкү элдердин эл аралык он жылдыгын белгилөөнү жарыя кылган.

Маданий ар түрдүүлүгүнө карабастан, планетабыздагы түпкү элдерде өз алдынчалыгын, укуктарын коргоо сыяктуу жалпы проблемалар кездешет. Эл аралык коомчулук түпкү элдердин укуктарын коргоо, маданиятын жана жашоо-турмуш тиричилигин сактоонун зарылдыгын баса белгилейт.

*2007-жылы Бириккен Улуттар Уюму түпкү элдердин укуктары жөнүндө Декларация кабыл алган. Аталган документте түпкү элдердин татыктуу жашоосуна, маданияттарын жана өз институттарын өнүктүрүүгө, ошондой эле элди алар каалаган жана умтулган багытта укуктарын коргоону камсыздайт.*

## Түпкү элдердин салттуу экологиялык билимдери

Ар түрдүү аймактардагы түпкү элдер бири-биринен маданияты, тарыхы жана социалдык-экономикалык жашоо шарттары менен айырмаланышат, ошондой эле көптөгөн окшош да жактары бар. Жалпы окшоштуктардын бири – элдин айлана-чөйрө менен эриш-аркак жашоосу болуп эсептелет. Элдердин адам жана жаратылышка байланышкан мамилелери тууралуу, жүрүш-туруш тартиптеринин көптүгү жана экологиялык маданиятынын жогорулугун атасак болот.

*ЮНЕСКО* (англ. UNESCO — Бириккен Улуттар Уюмунун билим, илим жана маданият боюнча мекемеси) *белгилегендей, салттуу экологиялык билимдер – бул кылымдар бою чогулуп топтолгон жаратылыш, айлана-чөйрө жөнүндө кеңири билимдердин комплекси. Татаал экосистемалардын байлыгынын жана ар түрдүүлүгүнүн эсебинен жашаган түпкү элдер бул экосистемаларда өскөн өсүмдүктөрдүн касиеттерин, байыр алган жаныбарларды, аларды пайдалануунун жана башкаруунун ыктарын билишет. Ошондой эле жергиликтүү ресурстарды колдонуу аркылуу жан сактаган адамдар башка жактан келген адамдарга караганда, жоготуу менен пайданын чыныгы баасын билишет.*

Маданий мурастар, түпкү элдердин билимдери жана тажрыйбалары дүйнөлүк деңгээлде кайрадан жаңылануудa.

БУУнун айлана-чөйрө боюнча программасы эл аралык коомчулукка: жерди жана жаратылыш ресурстарын пайдалануунун салттуу жолдорун байыркы элдерден үйрөнүүгө чакырык жасаган. Башкаруунун мындай түрлөрүнө көчмөн мал чарбачылык, жер иштетүүнүн өзгөчө ыкмалары, аңчылык, балык улоо жана өсүмдүктөрдү жыйнап терүү кирет.

Табигый жаратылыш чөйрөсүнө түпкү элдердин укуктары жана салттуу экологиялык билимдеринин заманга ылайык мааниси бүткүл өлкөлөрдүн укук коргоочулары менен окумуштуулары тарабынан таанылууда. Азыркы кездеги ар түрдүү экологиялык проблемаларды чечүүдө жана аларга жооп табууда салттуу экологиялык билимдер чоң көмөк көрсөтө аларына ишенич бар.

## Жаратылыштагы жана маданий ар түрдүүлүк

Жандуу жаратылышта жашоонун түркүн түрлөрү жана формалары абдан көп. Алардын бардыгы түрдүү географиялык жана климаттык шарттарга калыптануу процессинен келип чыккан.

Адам кайталангыс, ал ар түрдүү экологиялык шартта жашай алат. Ар түрдүү аймакты өздөштүрүү менен адам алардын жаратылыш климаттык жана географиялык өзгөчөлүктөрүнө калыптанган. Бул процессте уникалдуу белгилери жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү иштелип чыккан, алар маданиятта жана чарбачылык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө чагылдырылган. Ар түрдүү жаратылыш экосистемаларын өздөштүрүп жатып, флора жана фаунадагы айырмачылыктарды байкай алабыз. Жаратылыш экосистемаларында, түрдүү

*Окумуштуулар жер жүзүндө биз менен катарлаш жашаган жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, козу карындардын, микроорганизмдердин канча түрү бар экендигин так айта алышпайт. Мурда белгилүү болбогон жөнөкөй организмдердин, курт-кумурскалардын, омурткалуу жана сүт эмүүчүлөрдүн жаңы түрлөрү жыл сайын табылууда. Илимде белгисиз түрлөрдүн саны белгилүү түрлөргө караганда көп экендигин адистер айтышууда. Илимдеги түрдүү изилдөөлөрдүн негизинде жандуу организмдердин 1,2 – 1,7 миллион түрлөрү белгилүү. Бул планетадагы ар түрдүүлүктүн чыныгы бир гана бөлүгү.*

аймактарда, жерлерде аларды мекендеген элдердин (эл, этнос же уруу) маданияты өзгөчөлөнөт, ошондой эле жаратылышты коргоочу өз салттары, өз ара мамиле кылуунун этикасы бар.

Ар бир элдин өзүнө таандык тили бар, ал маданияттын пайдубалын түзөт. Тил аркылуу ар бир эл салтын, тартибин, маалыматты, билимди, жүрүш-туруш моделин, ишенимин, сезимин, баалуулугун жана түзүлүшүн билдирет. Тил аркылуу коом туруктуулукка жана гармонияга жетишет.

Этно-экологиядагы негизги идея – биологиялык ар түрдүүлүк менен улуттардын түрдүү маданияттарынын өз ара байланышы жалпы эле коомчулуктун, дүйнөнүн жана экосистеманын туруктуулугуна жетүүнүн жолу болуп саналат. Маданий көп түрдүүлүктүн алсызданышы экосистеманы да алсыз кылат. Ошол сыяктуу эле маданий ар түрдүүлүктүн азайышы – улуттардын жана маданияттардын ассимиляциясынын натыйжасында тилдердин жоголушуна алып келет. Басым жасаган маданияттарды жайылтуу аркылуу адамзат дүйнөсүнүн туруктуу өнүгүшү төмөндөйт.

*Жер жүзүндө 7 миңге жакын тил бар. Алардын саны кыскарууда, орточо эсептегенде эки жумада 1 тил жоголууда. Кеңири тараган 40 тилде жер жүзүндө жашаган калктын 2/3 бөлүгү сүйлөйт. Көп сүйлөнгөн тилдер: кытай, хинди, англис, испан, араб, орус жана португал тилдери эсептелет.*

## Ааламдашуу, анын биологиялык жана маданий ар түрдүүлүккө тийгизген таасири

Этно-экологияда ааламдашуу (глобалдашуу) дүйнөлүк, биологиялык жана маданий ар түрдүүлүктү кыйратуучу күч же процесс катары каралат. Мындай көз карашта этноэкологдорду антиглобалист (ааламдашууга каршылар) деп

атоого болот. Ааламдашуу монокультуранын стандартын таңуулайт жана аны алып жүрөт, уникалдуу салттар, тилдер жана көп кылымдык маданияттарды жоготот.

Мурда географиялык жактан бөлүнүп турган (изоляцияланган) аймактар учурда ааламдашуу процессинин таасири астында ачылууда. Жаныбарлар жана өсүмдүктөр адамдар аркылуу дүйнө жүзүнө таралууда. ***Инвазивдүү*** (алынып барган) жана ***интродуция*** болгон түрлөр жергиликтүү түрлөрдүн азайышына жана жок болушуна алып келет. Чоң-чоң айыл чарба аймактарында ойлонулбай өстүрүлгөн монокультуралар жапайы түрлөр өскөн аянтты азайтат, жергиликтүү түрлөрдү жана сортторду кысымга алат.

Ааламдашуу, урбанизация жана айыл чарба азыктарынын гомогенизациясы, жогорку түшүм берүүчү сорттор менен монокультуралар ***биоартүрдүүлүктү*** кысымга алып, агро-био ар түрдүүлүктү жана жергиликтүү сорттордун жоголушуна алып келет, тамак-аштын салттуу рационун өзгөртүп, жашоо образын алмаштырат.

Көптөгөн салттуу маданияттар үчүн өз жерине калыптануунун түрдүү жолдорун иштеп чыгуу мүнөздүү болсо, өз айлана-чөйрөсү менен өз ара симбиоз жана гармония түзүүгө мүмкүн эрежелерди иштеп чыгуу мүнөздүү. Биз бул ыйык эрежелерди жоготпошубуз керек, анткени алар биздин жашообуздун улануусу үчүн маанилүү жана мындан ары дагы жаратылышка аяр мамиле кылууну, жердеги жашоону кыйроодон сактап турган заманбап процесстерди бекемдейт.

*Азыркы учурда 400гө чукул тил жоголуп кеткен тил катары эсептелет. Тилдер ал тилде сүйлөгөн акыркы адам жок болгондо толук жоголот. Тилдердин жоголуу себептерине ааламдашуу жана миграция (көчүп-конуу) кирет.*

*Интродуция же бөтөн түрлөр – бул аймакта мурда болбогон же өспөгөн түрлөрдү атайын же кокусунан адамдардын алып келиши. Мындай түрлөр аймактын мурдатан түзүлгөн экосистемасын өзгөртүп, жергиликтүү флора жана фаунадагы түрлөрдүн азайышына же жок болушуна себеп болушу мүмкүн. Ошондуктан мындай интродукцияны «биологиялык булгануу» деп аташат.*

## Жаратылыш парктары жана ыйык жайлар этно-экологиялык билим берүүдө

Биологиялык ар түрдүүлүктү жана табигый экосистемаларды сактап калуу максатында Кыргызстандын ар бир областында коруктар, жаратылыш парктары түзүлгөн. Алардын ичинде мамлекеттик коруктар: Ысык-Көл, Сарычат-Эрташ, Беш-Арал, Нарын, ал эми Талас областында Беш-Таш, Чүй областында Чоң-Кемин, Нарын областында Салкын-Төр жаратылыш парктары бар.

Мындай өзгөчө корукка алынган аймактарда өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо боюнча эрежелер киргизилген, ал жерлерде чарбачылык жүргүзүүгө, мергенчилик кылууга, бактарды кыюуга жана мөмөлөрдү терүүгө тыюу салынат. Ал жакка барган адамдар тынчтыкты бузбашы керек, гүлдөрдү үзүп, таштанды таштап кетүүгө болбойт. Бул жайлар жапайы жаратылыштын кол тийбеген аралы болушу зарыл.

Мындан сырткары Кыргызстанда ыйык жайлар абдан көп. Жаратылыштагы зыярат кылып сыйынуучу жайлар кылымдар бою жаратылыш менен адамдардын руханий эриш-аркак мамилесин байланыштырган ыйык жер катары белгилүү. Бул жайларга булактар, тоолор, бак-дарактар, үңкүрлөр ж.б. кирет. Ал жерлерге адамдар аяр мамиле жасап, тазалап сактап келишет, анткени бул жерлерде таазим кылуу, сыйынуу, каада-салттары, жөрөлгөлөрү өткөрүлөт.

Окуучуларга этно-экологиялык тарбия берүүдө жаратылыш парктары жана коруктар, ыйык жайлар четке калбашы керек.  Мектептер менен жаратылыш парктары биргелешип иш жүргүзүшү зарыл. Жаратылыш парктарында иштеген адистер, мугалимдер менен окуучулар чогуу бул аймактардын флорасы жана фаунасын сүрөттөгөн кызыктуу окуялар менен уламыштар камтылган экологиялык иш-чараларды иштеп чыгуулары керек.

Окуучулар менен ыйык жайларга жана руханий маанилүү жаратылыш аймактарына барып, алардын тарыхын билип, түрдүү ырымдарга, жөрөлгөлөргө катышуу пайдалуу. Мисалы, булактын көзүн ачуу жана тазалоо. Мындай иш-чараларды өткөрүүнүн  натыйжасында окуучулардын табиятка мамилеси оң жакка өзгөрүп, жаратылыштын мыйзамдарын сактоого шарт түзөт.

# II



# МЕКТЕПТЕ ЭТНО-ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ

# Мектепте этно-экологиялык билим берүүнү уюштуруу методдору

Мектеп окуучуларына класста же жаратылышта кызыктуу жана таанып билүүчү иш чараларды өткөрүү алардын экологиялык аң-сезимин жогорулатууга жардам берет. Окуучуларды туулган жерине жана анын жаратылыш байлыктарына сарамжал мамиле кылууга, ата-бабаларыбыздан калган салттуу экологиялык билимдерибизди сактоого тарбиялайт.

Этно-экологиялык билим берүүдө түрдүү методдор менен ыкмалар колдонулат. Бул ыкмалардын ар бирин окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана кызыгуусуна, аймактын жаратылыш шарттарына, жергиликтүү адамдардын сактаган салттуу билимдерине жараша пайдаланууга болот.

Төмөнкү билим берүү ыкмаларын пайдаланууга болот:

***1. Изилдөөчүлүк долбоор.***

***2. Жаратылышта таанып билүүчү жүрүштөрдү жана изилдөө саякаттарын уюштуруу.***

***3. Мектепте аймак таануу музейин түзүү жана көргөзмөлөрдү уюштуруу.***

***4. Мектепте эко-клубдарды түзүү.***

***5. Салттуу билимдерди алып жүрүүчүлөр жана сактоочулар менен жолугушуу.***

***6. Ачык сабактарды жана бет ачарларды өткөрүү.***

***7. Этно-экологиялык лагерлерди уюштуруу жана өткөрүү.***

***8. Интерактивдүү жана оюн ыкмалары.***

Салттуу экологиялык билимдерди үйрөнүү менен бирге жогоруда айтылган ыкмаларды пайдалануу аркылуу салттуу билимдерди алып жүргөн адамдар менен сактоочулардын аброюн жогорулатуу зарыл. Ошондой эле туулган

жерге, андагы ресурстарга, ата-бабаларыбыз өз укум-тукумдарына бул билимдерди сактап калууга өбөлгө түзгөн салттарды аздектөөгө үйрөтүүгө болот.

## Изилдөөчүлүк долбоор

Изилдөөчүлүк долбоорлор мектептерде абдан кеңири таралууда, анткени окуучулар өз алдынча иштөөгө жана чыгармачылык менен иш жасоого өбөлгө түзүп, таанып билүү жана изилдөөчүлүк көндүмдөрү калыптанып, маалыматтарды таба билүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Изилдөөчүлүк долбоорду жекече жана чакан топтор менен аткарууга болот.

**Изилдөө долбоорунун жүрүшүн бир нече баскычка бөлүүгө болот:**

1. Даярдоо баскычы;
2. Ишке ашыруу баскычы;
3. Алынган маалыматтарга талдоо жүргүзүү;
4. Жыйынтыктарды чыгаруу жана бет ачар түзүү.

**Изилдөөчүлүк долбоорунда мугалимдин орду**

*Мугалим изилдөөчүлүк долбоордун жүрүшүндө окуучуларга кеңешчи жана жардамчы болот. Ал изилдөө темасынын актуалдуулугун түшүндүрүп, керектүү маалыматтарды табууга көмөк көрсөтөт. Изилдөө долбоорлорунда окуучуларга талаа жумуштарын жүргүзүүгө туура келсе, мугалим план түзгөнгө жардам берип, жүрүш-туруш эрежелери менен тааныштырып, тартипти сактоого көрсөтмө берет. Долбоордун натыйжалары (жыйынтыгы) бет ачар түрүндө көрсөтүлөт. Мугалимдин ролу – окуучуга кызыктуу бет ачар жасоого жардам берүү, эл алдында чыгып сүйлөөгө үйрөтүү.*

| | |
|---|---|
| 1) Даярдоо баскычында | • Изилдөө темасы аныкталат;<br>• Максаты жана милдеттери коюлат;<br>• Мектеп окуучулары чакан топторго бөлүнүшөт;<br>• Ар түрдүү булактардан тема боюнча материалдар иликтенет;<br>• Долбоорду ишке ашыруу учурунда окуучулар текшере турган божомолду (гипотеза) тактоого мугалим жардам берет;<br>• Эгерде изилдөөчүлүк долбоор талаа жумуштарынан жана сурамжылоодон турса, анда талаа жумуштарынын планы жана графиги түзүлөт, коопсуздук техникасы иликтенет, маалыматты алып жүргөн адамдар менен маектешүүнүн эрежелери жана этикалык принциптери такталат. |
| 2) Ишке ашыруу баскычында | • Маалыматтарды чогултуу жана документтештирүү жүргүзүлөт;<br>• Жазуулар кагазга жана үн жазгычка жазылат, фото, видео тартууга болот. |
| 3) Алынган маалыматтарга талдоо жүргүзүү баскычында | • Мугалим окуучуларга алынган материалдар менен маалыматтарды түзүүгө жардам берет;<br>• Окуучулар алынган маалыматтардан окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү табышат;<br>• Божомолдор текшерилет (алынган маалыматтар аларды ырастайт же төгүнгө чыгарат);<br>• Жыйынтыктар чыгарылат;<br>• Долбоордун бет ачарынын форматы ойлонулат. |
| 4) Жыйынтыктарды чыгаруу жана бет ачар түзүү | • Бет ачардын слайддарын түзүү, сүрөттөр же плакаттар, жазуу жумуштары;<br>• Эл алдына чыгып сүйлөөгө машыгуу. |

## Изилдөөдөн алынган маалыматтарды эмне кылууга болот?

Топтолгон маалыматтарда тарыхый окуялар жана салттар, үрп-адаттар жана башкалар болушу мүмкүн. Бул материалдарды реферат, электрондук бет ачар, плакат, сүрөт тартуу же башка кызыктуу формада көрсөтүүгө болот. Техникалык мүмкүнчүлүктөр болсо компьютерге (аудио жана видео жазууларды) маалыматтарды сактап коюуга болот. Материалдардан видеоролик жасап, аны бет ачарда же сабакта колдонуу ыңгайлуу.

**Жакшы бет ачар кандай болушу керек?**

- *Бет ачар мазмундуу болушу керек, анын максаты, милдеттери, божомолдору, талаа жумуштарын чагылдыруу, топтолгон материалдарга талдоолор жана жыйынтыктар так көрсөтүлгөнү оң;*
- *Талаа иштерин аткарып жаткан учурдагы фотосүрөт же видеолор кошулса, бет ачарга өзгөчө жан киргизет;*
- *Бет ачар узакка созулбашы керек (5 же 10 мүнөт жетиштүү);*
- *Суроо жана жоопторго, талкуулоого убакыт бөлүү зарыл.*

## Этно-экологиялык изилдөөлөрдүн болжолдуу темалары:

Темалар жергиликтүү аймактардын өзгөчөлүктөрүнө жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Төмөндө мисал катары бир нече темаларды сунуштайбыз.

### 1 «Мекенибиздин дары өсүмдүктөрү»

**Изилдөөнүн максаты:** окуучулар жашаган аймактарда өскөн дарылык касиети бар өсүмдүктөрдү изилдөө.

**Милдеттери:** жергиликтүү дары өсүмдүктөрдү изилдөө, алардын колдонулушун, жергиликтүү аталышын жазып алуу жана башка.

**Изилдөө методу:** дары өсүмдүктөр тууралуу кеңири билген адамдарды таап, сурамжылоо өткөрүү.

Маалыматты алып жүрүүчүлөргө: жергиликтүү өсүмдүктөрдү билген адамдар, табыптар, дары чөптөрдү чогулткан, дары жасаган, алар менен адамдарды дарылаган же ошол аймактагы базарда кургатылган чөптөрдү саткан адамдар кирет.

Дары өсүмдүктөрдү сүрөттөп жазуу аркылуу окуучулар алардын жергиликтүү аталыштарын билип, китептерден илимий аталыштарын таап, пайдалуу касиеттерин сүрөттөп, жеңил жасала турган дары чөптөрдү даярдоону кагазга түшүрө алышат. Кайсы бир өсүмдүк тууралуу айтылган уламыштарды жазып алуу да маанилүү. Бул өсүмдүктөрдү чогултуп, чакан гербарий жасаса да болот.

**2 «Көчмөн/салттуу ашкананын сырлары»**

**Изилдөөнүн максаты:** көчмөн/салттуу ашкананын өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана жазып алуу.

**Милдеттери:** жергиликтүү адамдардын ичинен ашкана сырын жакшы билген адамдарды табуу; көчмөн ашкананын ар түрдүүлүгүн үйрөнүү; бир тамактын жасалышын видеого тартып видео долбоор жасоого болот.

**Изилдөө методу:** сурамжылоо аркылуу жергиликтүү адамдардан маалыматтарды жыйноо.

Азык-түлүктөрдүн аш болумдуулугун, тамак-аштын кантип желе тургандыгын, азык-түлүк жана тамак-ашты сактоонун салттуу жолдорун изилдөө, тамак-ашка байланышкан макал-ылакаптар, кызыктуу окуялар да таанып-билүүнү кеңейтет.

**3 «Көчмөн кол өнөрчүлүк жана айылдагы/шаардагы кол өнөрчүлөр»**

**Изилдөөнүн максаты:** жергиликтүү кол өнөрчүлүктү үйрөнүү.

**Милдеттери:** кол өнөрчүлүк тууралуу билүү, кол өнөрчүлүктүн жашоо-турмуштагы ролу, жаратылыш менен байланышы, көчмөн кол өнөрчүлүгүнүн азыркы абалы.

**Изилдөө методу:** жергиликтүү уздар менен усталарды табуу, өнөрдүн жана буюмдун түрүн сүрөттөө.

Долбоордун бет ачарында жергиликтүү чеберлердин буюмдарынын көргөзмөсүн өткөрүүгө да болот.

4 **«Жергиликтүү бакчалардагы агро-биоартүрдүүлүк»**

**Изилдөөнүн максаты:** айылдын бакчаларында өскөн мөмө-жемиш жана жашылчалардын ар түрдүү сортторунун түрлөрүн изилдөө.

**Милдеттери:** өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн ден соолук үчүн баалуулугун билүү, жергиликтүү экономикадагы ролу, жергиликтүү сортторду сактоо, алардын жоголуу проблемаларын, органикалык жана органикалык эмес (химикаттарды колдонуу менен өстүрүлгөн) өстүрүүнүн ыкмаларын жана сапаттарын билүү.

**Изилдөө методу:** жергиликтүү багбандардан, дыйкандардан сурамжылоо жүргүзүү.

5 **«Тегирмендин түзүлүшү жана иштеши»** (эгер ошол аймакта тегирмен болсо)

**Изилдөөнүн максаты:** тегирмендин иштеши тууралуу билүү.

**Милдеттери:** тегирмендин ролу, түзүлүшү жана аймактагы адамдар үчүн маанисин түшүнүү.

**Изилдөө методу:** байкоо жана сүрөттөө.

6 **«Жергиликтүү жаныбарлар менен канаттуулардын породалары»**

**Изилдөөнүн максаты:** жергиликтүү породаларды жана алардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Милдеттери:** үй жаныбарларынын ролу тууралуу көбүрөөк билүү, айылдын аймагындагы жаныбарлар менен канаттуулардын (жылкы, уй, кой, тоок ж.б.) породаларын иликтөө, жергиликтүү породаларды сактоонун маанилүүлүгүн билүү.

**Изилдөө методу:** сурамжылоо, байкоо, сүрөттөө.

7 **«Жайыттардын абалын баалоо»**

**Изилдөөнүн максаты:** айылга тиешелүү жайыттардын абалын баалоо.

**Милдеттери:** жайыттардын деградация проблемасын

изилдөө жана аны калыбына келтирүүнүн жолдорун, методдорун, экологиялык абалын баалоону үйрөнүү.

**Изилдөө методу:** адистерден сурамжылоо жүргүзүү, талаачылык иштери, жайыттардагы жүргүзүлгөн жумуштардын фото жана видеоматериалдарын жыйноо.

Маалымат булактары катары жайыт комитеттериндеги адистер, тажрыйбалуу чабандар боло алышат.

**8 «Тарыхый-маданий эстеликтер»**

**Изилдөөнүн максаты:** аймактагы тарыхый-маданий эстеликтерди билүү жана сүрөттөө.

**Милдеттери:** архитектуралык-маданий эстеликтердин баа- луулуктарын, тарыхын билүү, тарыхый-маданий эстеликтер белгиленген картаны түзүү.

**Изилдөө методу:** сурамжылоо, байкоо, сүрөттөө, картага түшүрүү.

## Жаратылышта таанып билүүчү жүрүштөрдү жана изилдөө саякаттарын уюштуруу

Таанып билүү жүрүштөрү же экспедиция изилдөөчүлүк иш менен тыгыз байланышта, алар жаратылышта сейилдөөдөн айырмаланат. Мугалим же жүрүштү/экспедицияны уюштуруучу окуучуларга жаңы маалыматтарды өздөштүрүүгө тапшырма бериши зарыл. Жаратылышка суктанып ырахаттануу менен бирге окуучулар атайын тапшырмаларды аткаруусу керек.

### Жүрүшкө/экспедицияга чыгар алдында:

- Жаратылышта өзүн кантип алып жүрүү боюнча мугалим жүрүш-туруш жана коопсуздук эрежелери менен бардык окуучуларды тааныштырышы керек;
- Экскурсияда мугалим менен бирге башка мугалимдер же ата-энелер болгону маанилүү;

- Мугалим жүрүштүн максаты жана милдеттери менен окуучуларды тааныштырышы керек. Окуучулардын тобу кайда жана эмнеге бараткандыгын билиши зарыл;
- Темага ылайык окуучулар атайын материалдар менен китептерден, ар түрдүү булактардан алдын ала окуп билгени жакшы.

**Маанилүү маалымат!**

*Жаратылышка жүрүшкө чыгуу күчтү талап кылат, жаракат алуу кокустуктары да болушу мүмкүн. Кырсыктан алдын алуу үчүн топту чоң кишилер коштоп жүргөнү коопсуз. Окуучулар коопсуздук эрежелерин сактап, бири-бирине кыйынчылыктарда жардам берүүлөрү керек.*

## Кайда баруу керек?

Жүрүшкө тоого, токойго, дарыя-көлдөргө, булактарга, жазгы шалбааларга же жайкы жайлоолорго барууга болот.

## Таанып билүүчү жүрүштүн болжолдуу темалары:

Жүрүштүн темасы, мисалы, туулган жердин өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөө болушу мүмкүн. Жүрүшкө жазында өсүмдүктөр чыгып, гүлдөп калган маалда чыккан жакшы. Китептерден өсүмдүктөрдүн сүрөттөлүшүн жана касиеттерин, алар жергиликтүү аймактын кайсы жерлеринде өсөрүн жүрүшкө чыгар алдында билүү керек.

Эгерде силер жашаган аймакта эндемикалык өсүмдүктөр өссө, жүрүш уникалдуу болуп, бул өсүмдүктөрдүн өсүп жаткан жеринен байкап үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Эндемикалык өсүмдүктөр ошол гана аймакта өсүшү мүмкүн. Мисалы, Баткен областында өскөн эндемик – Айгүл гүлү. Бул өсүмдүк Кызыл китепке кирген. Ал жөнүндө уламыштар, ар түрдүү окуялар бар, алар тууралуу алдын ала билип алсаңар болот.

Тоого чыгуу жүрүшүндө өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү тоо-

нун бийиктигине байланыштуу өзгөрүүлөр байкалса, анын натыйжаларын каттоо абзел. Жүрүштүн алдында ар түрдүү бийиктик курчоолорунда же ар түрдүү курчоолордун типтери жөнүндө материалдарды окуп билүү зарыл. Ар бир басып өткөн километрди өлчөө үчүн GPS менен бийиктикти жана координатты аныктоого, абанын температурасын өлчөөгө термометрлерди, ландшафтты жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүн тартуу үчүн фотоаппарат, гербарий чогултуу үчүн атайын папка алуу зарыл.

Эгерде аймакта дарыя болсо, анын жээгине барып байкоо жүргүзүүгө болот. Суунун башына жетип, ага куйган жана андан агып чыккан сууларды табууга мүмкүн. Окуучуларга суунун агымын сүрөттөө, флора жана фаунага, калктын жашоосундагы суунун ролу, экологиялык абалы жана башка байкоо жүргүзүүгө тапшырма берүүгө болот. Жүрүшкө чыгар алдында дарыяны картадан карап, дарыянын аталышына, ага байланышкан легендаларды, жергиликтүү эл үчүн маанисин, ошондой эле суунун булганышы жана суунун жээгиндеги токойлорду кыюу проблемалары жөнүндө билип алуу пайдалуу.

Эгерде жакын жерде көл болсо, көлгө жүрүшкө чыкса болот. Окуучуларга көл тууралуу легендаларды таап жазып алуу, көлдүн тегерегиндеги флора жана фаунанын жаралуу тарыхын изилдөөгө тапшырма берүүгө болот. Көлгө мүнөздүү белгилерди: суунун өңүн, даамын, тунуктугун, химиялык курамын (химия мугалими жардам бере алат), экологиялык абалын аныктай алышат.

Жайыттарга таанып билүүчү жүрүшкө чыгуу аркылуу, топурактын өсүмдүк капталган катмарын байкоого, экологиялык абалын эсептөөгө, анын акыбалын баалоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Эгерде жайыт бузулса, чабандар менен аңгемелешип, жайыттын деградация болгон деңгээлин аныктоо керек, жайытты калыбына келтирүү боюнча жүргүзүлгөн чаралар тууралуу билүү зарыл. Жүрүшкө чыгар алдында Кыргызстандагы жайыттардын ролу жөнүндө ма-

селелерди билүү, алардын жалпы акыбалы, экологиялык проблемаларынын мурунку жана учурдагы абалы тууралуу билгени оң. Жайытты пайдалануунун салттуу методдору менен таанышып, жыл мезгилине жараша көчүп-конуу методун колдонуу жөнүндө кагазга түшүрүп, көп жылдык байкоолорго жана көчмөн ата-бабаларыбыздын тажрыйбасына негизделген салттуу билимдерди чабандардан жазып алууга болот.

Таанып билүү максатында уюшулган жүрүштөр жаратылыш дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө шарт түзөт. Сезимдерди ойготуп, таңдануу, суктануу, урматтоо, кубанууну пайда кылат. Тынч эс алуу менен убакыт өткөрүп,  дарыяга, асманга, гүлдөгөн шалбаалар жагымдуу жагдай түзүп, жаратылышка ырахаттануудан, чарчоо кетип, стресс жок болот. Таанып билүүгө негизделген көнүгүүлөр жана оюндар кругозорду кеңейтип, окуучулардын экологиялык аң-сезимдерин жогорулатат.

**Таанып билүүчү жүрүштөн дагы эмнелерди билүүгө болот?**

- *Интерактивдүү көнүгүүлөрдү жана оюндарды аткаруу. Мисалы, «Эко-эстафета» оюнун ойноо (5-бөлүмдө берилген).*
- *Тандалган өсүмдүктөрдү жана бүтүндөй ландшафтты сүрөткө тартуу.*
- *Куштардын үнүн угуу. Үн жазгычка жазып, сайраган үнүнө жараша куштарды аныктоо.*
- *Ар кандай буюмдарды жасоо үчүн жаратылыш материалдарын чогултуу.*
- *Сүрөткө жана видеого тартуу.*
- *Жүрүш учурундагы ойлорду жазуу.*
- *Туристтик жолдордогу таштандыларды жыйноо.*
- *Көптөгөн пайдалуу нерселерди таанып билүү.*

## Мектепте аймак таануу музейин түзүү жана көргөзмөлөрдү өткөрүү

Мектеп окуучуларынын жана педагогикалык кеңеш-тин чечими менен мектепке музей ачууга болот. Музейди ачуу чечими жергиликтүү билим берүү бөлүмү менен макулдашылып, мектептин мүдүрүнүн буйругу аркылуу педагогдордун жетекчилиги жана коомчулуктун катышуусу менен түзүлөт. Эгер мектепте тарыхый-маданий жана жаратылыш эстеликтердин түп нускалары болсо, алар жалпы элдик менчик катары эсептелет, ошондой эле мамлекеттик каттоого алынат.

Мектептеги аймак таануу музейи маданий билим берүү борбору болуп эсептелет. Ал туулган жердин маданий жана көркөм баалуулуктарын өзүнө топтогон материалдык жана көркөм маданий буюмдарды  максаттуу сактоочу жай болуп саналат. Аймак таануу музейи мекенибиздин материалдык жана руханий баалуулуктарын, элдин салттарын жана ийгиликтерин чагылдырып, окуучуларды гумандуулукка, жаратылыштагы тарыхый жана маданий эстеликтерге аяр мамиле кылууга чакырат.  Музейде окуучулар жана жергиликтүү коомчулук үчүн массалык иш-чаралар өткөрүлөт.

Мектептин аймак таануу музейине уникалдуу экспонаттарды окуучулар менен айыл тургундарынын жардамы аркылуу чогултууга болот. Топтолгон экспонаттар ошол аймактын (айылдын, шаардын) салттуу жашоосу, маданияты тууралуу элес берет. Тарыхый фотосүрөттөр жана жердештердин өмүр баяндары тарыхый мезгилдерге жетелейт. Аймак таануу музейи жергиликтүү аймактын жаратылыштагы ар түрдүүлүгү жөнүндөгү маалыматтарды, тарыхый-маданий объектилердин картасын да өз ичине камтышы зарыл.

Музейди түзүүнүн дагы бир варианты катары салттуу турак жайыбыз боз үй түрүндө жасалгалоону тандасак да

болот. Боз үй өз алдынча этно чөйрөнү жаратып, ал жакка кол өнөрчүлөрдүн буюмдарын, улуттук кийим-кечелерди, улуттук аспаптарды, кыргыз элинин маданиятына мүнөздүү оокаттарды коюу ыңгайлуу. Мындай этно чөйрөнү бардык окуучуларга жаш өзгөчөлүгүнө карабастан, билим берүү процессинде колдонууга болот.

Элдик жомокторду, легендаларды, макалдар менен табышмактарды, элдик каада-салттарды, улуттук кийимдердин шөкөттөлүшүн, кол өнөрчүлүк буюмдарын, кыргыз маданиятына тиешелүү китептерди топтогон атайын китепкана үчүн орун берүүгө болот. Бул материалдар окуучуларга этно-экологиялык тарбия берүү максатында өткөрүлгөн сабактарда, оюндарда, майрам жана фестивалдарда мааниси чоң.

Мугалимдин жардамы менен окуучулар экспозицияларды, экспонаттар жөнүндө маалымат тексттерин, алардын ээлери кимдер болгонун, коюлган даталарын жазып, тематикаларга бөлүштүрүп, экскурсия жана бет ачарларды өткөрүү үчүн тексттерди даярдашат жана жатташат. Окуучулар ар бир буюмга, анын тарыхына жана алынган маалыматтарга аяр мамиле жасашы керек.

## Убактылуу тематикалык көргөзмөлөр

Эгерде мектепте музей уюштурууга материалдык база жок болсо же мүмкүнчүлүк жетпесе, убактылуу тематикалык көргөзмөлөрдү өткөрсө болот. Көргөзмөгө коюлуучу экспонаттар менен көргөзмө өткөрүлө турган күн тандалган темага байланыштуу болот. Тематикалык көргөзмөлөр жарманке, фестиваль, конкурстар жана массалык иш-чаралар менен коштолсо кызыктуу өтөт. Мисалы, жергиликтүү кол өнөрчүлөрдүн буюмдары коюлган көргөзмөлөргө (буюмдардын ээлеринин уруксаты менен) туш кийиздерди, улуттук кийимдерди, байыркы самоорлорду, жаргылчактарды жана башка буюмдарды койсо болот. Ошондой эле кол өнөрчүлөр менен окуучулардын жасаган буюмда-

рын сатуу жармаңкесин, фольклордук музыка концертин, окуучулар катышкан этно-мода жана эко-мода конкурсун уюштуруу кызыктуу.

Тематикалык көргөзмө изилдөө долбоорунун, экологиялык сүрөттөрдүн жана плакаттардын конкурсунун, мектеп окуучуларынын чыгармачылык иштеринин жыйынтыгы менен уюштурулушу мүмкүн. Көргөзмө бир теманын алкагында өткөрүлүп, көрүүчүлөргө бирдиктүү маалыматты бериши зарыл. Мисалы, мектеп окуучулары менен бирге жасалган аймактын жаратылыш ар түрдүүлүгү жөнүндө, жергиликтүү флора жана фауна тууралуу маалыматтар, сүрөттөр, гербарийлер коюлушу мүмкүн. Аларга дагы музейдин экспонаттары сыяктуу ээсинин аты-жөнү жазылышы зарыл, экскурсоводдор толук маалымат даярдап, экскурсия өткөрүшөт.

## Мектепте эко-клубдарды түзүү

Мектепте эко-клуб түзүү эмне үчүн маанилүү? Эко-клубдар мектептик, райондук, улуттук деңгээлдеги ар түрдүү экологиялык иш-чараларды уюштуруучу жана өткөрүүчү методикалык борбор боло алышат.

Эко-клубду түзүү демилгеси мугалимдерден же активдүү окуучулардан чыгышы мүмкүн. Эко-клубду түзөрдөн мурун «Эмне үчүн мектепте эко-клуб түзүү зарыл?» деген суроого жооп бериш керек. Муну менен эко-клубду түзүүнүн максаты менен милдетин аныктап, андан кийин уюштуруу маселелерин чечүү керек.

### Уюштуруу маселелери

Адегенде мугалимдер менен окуучуларга мектепте эко-клуб ачыларын жарыяланат. Маалымат берүүчү плакат же жеке чакыруу барактарын жасап, клубга активдүү мүчө

боло турган адамдарга таратуу зарыл. Клубдун биринчи жыйналышында анын жетекчиси эко-клуб жана клубдун өзгөчөлүктөрү жөнүндө кызыктуу кылып айтып бериши керек. Клубдун мүчөлөрү көптөгөн жумуштарды өздөрү кыларын баса белгилей кетүү оң.

Келген катышуучулар бат тил табышып кетүүсү үчүн ар түрдүү оюндарды жана талкуулоо үчүн темаларды даярдоо маанилүү. Ар бир катышуучудан клубдун ишинен эмне күтөрүн сурагыла. Идеяларды жана күтүлө турган натыйжаларды кагазга жазуу сунуш кылынат. Жазылган ойлордун автору купуя болгону жакшы. Үн чыгарып окуп, сунуш кылынган идеялардын бардыгын доскага жазып коюу зарыл.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен мектеп музейи жөнүндө типтүү жобого ылайык жоопкерчилик алган педагогдор төмөнкү иштерди жүргүзүшөт:**

- *Музейдин профилине жана темасына ылайык архивдик, адабий-тарыхый жана башка булактардан маалыматтарды изилдешет;*
- *Активдүү изилдөө жүргүзүү менен музейдин фондун толукташат;*
- *музейдеги экспонаттардын сакталышын камсыз кылат жана кабыл алынган буюмдарды атайын китепке катташат;*
- *Экспозицияларды жаңыртып түзүп, стационардуу жана көчмө көргөзмөлөрдү, сабак жана окуудан сырткары иш-чараларды, ачык сабактарды өтүү үчүн музейдик материалдарды окуу программасынын темаларына ылайык тандашат;*
- *Окутуу-тарбиялоо ишинде музейдин экспозициясын жана анын фонддорун пайдаланууга көмөк көрсөтөт;*
- *Окуучулар менен калк үчүн экскурсиялык-лектордук жана массалык иштерди жүргүзүшөт.*

«Мектеп музейи тууралуу типтүү жобонун» толук тексти менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сайтынан же Республикалык балдар жана өспүрүмдөрдүн экология, аймак таануу жана туризм борборунун сайтынан окуп таанышсаңар болот.

Биринчи жолугушууда демилгечи топ тандалат, алардын мүчөлөрү аныкталат. Демилгечи топ төмөндөгүдөй даярдоо иштерин аткарышат: адегенде клубдун аткара ала турган мүмкүнчүлүктөрү аныкталат, иштин багытын, клубдун уставын жана жоболорун иштеп чыгышат, иштин планын, өзгөчө белгилерин, клубдун мүчөлөрү качан жана кайда жолугушарын, кыз- матташуу жана байланышуу үчүн кимге кайрылуу керектиги такталат. Кийинки жолугушууда клубдун кеңеши, анын төрагасы/төрайымы шайланат. Сунуш кылынган устав менен жобосу, бир жылдык иштөө планы клубдун өзгөчөлөнгөн атрибуту бекитилет. Эко-клуб жөнүндө жобо жана анын уставы мектептин жетекчилиги тарабынан да расмий бекитилиши керек.

Клубдун аталышы анын багытын, ишмердүүлүк мүнөзүн чагылдырып турганы жакшы. Мисалы, «Ак илбирс», «Жашыл десант», «Жаш экологдор», «Жаратылыштын достору». Клубдун аталышы жергиликтүү аймакка байланыштуу болушу да мүмкүн.

Клубдун атрибуттарына эмблема, девиз, мүчөлүк билет, значок жана гимн кирет. Символикалар коомчулуктун мүчөсү экендигин сезүүгө жардам берет, топту бириктирип, таанымал кылат. Клубдун ишине жаңы мүчөлөрдү тартууга жана клубдун ишмердигине пайдалуу болгон ар түрдүү мекемелер менен байланышуу зарыл. Адегенде жергиликтүү экологиялык уюмдар, ар түрдүү коомчулуктар, жергиликтүү массалык маалымат каражаттары менен кызматташуу зарыл. Массалык маалымат каражаттары менен тыгыз байланышта иштеп, жарнама жана өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалыматтарды таратууга болот. Булардын бардыгы окуучулар менен коомчулуктун арасында клубдун абройун көтөрөт.

Клубдун ишмердүүлүгүнүн маанилүү бөлүгү – анын жыйналыштары же мүчөлөрүнүн жолугушуп туруусу. Клубдардын жыйындары бири-бирине окшобой, ар түрдүү болушу керек. Аларга талкуу, диспут, конкурс, тематикалык кече

формасында, экологиялык уюмдардын өкүлдөрү, салттуу экологиялык билимдерди алып жүрүүчүлөр менен жолугушуулар кирет. Программалардын тематикалык бөлүгүндө интерактивдүү жана оюн ыкмаларын колдонуу ыңгайлуу.

## Клубдун документтери

Клубдун өз документациясы болушу зарыл, ал төмөнкү документтер:

- Устав (же жобо);
- Клубдун паспорту;
- Иштин планы;
- Клубдун күндөлүгү;
- Иш-чаралардын сценарийи;
- Катышуучулардын же клубдун мүчөлөрүнүн тизмеси.

***Устав (же жобо)*** – клубдун негизги документи. Ал эпиграфтан, лозунгдан же клубдун девизинен башталат. Устав (жобо) клуб ачылган билим берүү мекемесинин жетекчиси тарабынан бекитилет.

**Клубдун уставына (жобого) эмнелерди киргизүү зарыл?**

- Жалпы жоболор: клубдун багыты тууралуу маалымат, анын аталышы, түзүлгөн жылы, кайсы мекеменин базасында уюштурулган, клубдун ишин тескей турган мыйзамдар;
- Клубдун атрибутикасы, девизи, салттары;
- Негизги максаты, милдеттери жана ишмердүүлүк принциптери;
- Негизги багыттары жана ишмердүүлүк формалары;
- Клубдун түзүлүшү жана активдери (жетекчиси, активи);
- Клубдун мүчөлөрү, алардын укуктары менен милдеттери (талкууга маселелерди көтөрүп чыгуу, талкууларга катышуу, чечим кабыл алууга добуш берүү; клубдун катышуучуларына коюлган талаптарды аткаруу, анын иштөө тартибин сактоо, иш чараларына жана жыйналыштарына катышуу).

***Клубдун паспорту – уставдан*** (жободон) кийинки документке кирет. Клубдун паспортунун болжолдуу формасы төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- Клубдун аталышы;
- Дареги;
- Мекеменин телефон номери;
- Кайсы билим берүү мекемесинин базасында түзүлгөн;
- Түзүлгөн жылы;
- Жыйналыштар кайда өткөрүлөт;
- Бирикменин мүнөзү;
- Бирикменин максаты;
- Каада-салттар;
- Жолугушуулардын күндөрү, үзгүлтүксүздүгү (айына бир жолу);
- Катышуучулардын саны;
- Клубдун жетекчиси тууралуу маалымат:
  - Аты-жөнү;
  - Туулган жылы;
  - Негизги иштеген жери;
  - Ээлеген кызматы;
  - Аталган клубда иштөө стажы;
  - Билими.
- Клубдун негизги иштөө формалары;
- Клубдун жетекчисинин колу;
- Толтуруу датасы.

***Иш планы*** – клубдун жетекчиси тарабынан белгилүү убакыт аралыгы үчүн, адатта, бир жылга, ишти майнаптуу аткаруу максатында түзүлөт. Анда аткарыла турган иш-чаралардын аталышы, аткаруу мөөнөтү, жоопкер адамдардын ишти аткаргандыгы тууралуу белгилер көрсөтүлөт.

***Клубдун күндөлүгү*** – клубда аткарылган бардык иштердин документи: жыйналыштар, жолугушуулар, экскурсиялар, көргөзмөлөр, эко-акциялар жана башкалар. Бардык

иш-чаралар өткөрүлгөн күнүнө карата хронологиялык тартипте катталат, талдоого алынат жана сүрөттөлөт.

### Күндөлүк толтуруунун болжолдуу схемасы

| Иш-чара өткөрүүнүн датасы | Иш-чаранын кыскача сүрөттөлүшү (ким, кайсы жерде өткөргөн, кандай ийгиликтерге жетишти) | Катышуучулардын саны, угуучулар кимдер, жаш өзгөчөлүктөрү | Кыскача анализ (оң жана терс жактары) | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

***Массалык иш-чаралардын сценарийлерин*** клубдун жетекчиси өзүнчө папкага топтоп сактайт.

***Клубдун мүчөлөрүнүн тизмеси*** маанилүү документтердин бирине кирет.

### Клубдун мүчөлөрүнүн болжолдуу тизмеси

| Аты-жөнү | Туулган жылы | Үй дареги, байланышуу номерлери, классы | Тапшырмалар/ клубдагы жоопкерчилиги |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

Клубдун документтерин туура толтуруу, басып өткөн жолду жана иштөө тажрыйбасы тууралуу материалдарды чогултууга, клубдун ишин өркүндөтүү максатында анализ жүргүзүүгө жардам берет. Клубдун ишмердүүлүгү ачык-айкын жүргүзүлүп, анын катышуучуларына эле эмес, ал жерге барган адамдардын бардыгына даана көрүнүп турушу керек. Бул үчүн маалымат бурчу уюштурулуп, анда клубдун тарыхы, атрибутикасы, программасы, өткөрүлгөн иш-чаралары чагылдырылып турушу зарыл. Бурч клубдун мүчөлөрү тарабынан үзгүлтүксүз көрсөтмө материалдар менен толукталып турганы жакшы. Кооз жана маалыматтуу бурч мектептеги эко-клубдун ишмердүүлүгү жөнүндө көргөзмөлүү жарнама боло алат.

Клубдун ишмердүүлүгүн токтотуу жолу (реорганизация)

башка клубга же бирикмеге кошулуу аркылуу же жоюу менен ишке ашат. Клубдун ишин токтотуу же жоюу мектептин жетекчилиги же клубдун жетекчиси тарабынан ишке ашырылат.

## Салттуу билимдерди алып жүрүүчүлөр жана сактоочулар менен жолугушуу

Окуучуларга этно-экологиялык тарбия берүүдө салттуу акылмандыкты, маданиятты алып жүргөн, өз ишин, туулган жеринин тарыхын жакшы билген, маанилүү окуялардын күбөсү болуп, тарыхый инсандарга кездешкен адамдар менен жолугушууларды өткөрүү өтө маанилүү. Өзгөчө экология боюнча салттуу экологиялык билимдерди (СЭБ) билген адамдар менен жолугуу баалуу.

СЭБди алып жүрүүчүлөр менен окуучулардын жолугушуусуна айыл аксакалдарын, жергиликтүү аймактын жаратылышын мыкты билген адамдарды, ыйык жайлардын шайыктарын, кол өнөрчүлөрдү, музыканттарды, манасчыларды, мүнүшкөрлөрдү, ата-бабалардын жер, жаратылыш, андагы байлыктар тууралуу накыл кептерин эсинде сактаган адамдарды чакыруу оң натыйжаларды берет.

Билимдерди сактоочулар ар түрдүү болушат, биомаданий ар түрдүүлүк сымал ар түрдүү. Бүткүл биомаданий ар түрдүүлүк түшүнүгүн камтыган нерселерди сактап жана келечектеги муундарга өткөрүү маанилүү экендигине ишенген адамдар же уюмдар «сактоочулар» болушат.

Бул адамдар эл үчүн баалуу болгон нерселердин бардыгын жоопкерчилик менен коргоого алышат. Тактап айтканда, ыр, күү, музыкалык аспаптар, ыйык жайлар, мал чарбачылык, жергиликтүү чөптөрдү, өсүмдүктөрдүн сорторун өстүрүү, үй куруунун жолдору, тамак-аш даярдоо, дарылык касиети бар чөптөрдү колдонуу, мал жаюу, жер-

гиликтүү породаларды жана маданияттарды өстүрүү жана ырым-жырымдарды сактоочулар. Алар бул вазийпаны өздөрү тандашпайт, адамдар үчүн, алардын уруусу, теги үчүн жаралгандай эле сактоочулар акылынан, жүрөгүнөн чыккан, колунан келген өзгөчө билимдерге ээ. Алар өз билимдеринин иш жүзүндөгү тажрыйбалар менен байланышта экендигин, эмне үчүн билимдер маанилүү экендигин түшүнүшөт. Бул билимдер менен көндүмдөрдү китептен эмес, өз ата-бабаларынан же элден чыккан билерман адамдардан үйрөнүшкөн. Алар билимдерди өмүр бою үзгүлтүксүз колдонушат. Өздөрү жашаган аймакка жана табиятка чоң таасирин тийгизишет.

Окуучулар жолугушуунун алдында алдын ала суроолорун даярдап, келе турган адам тууралуу көбүрөөк билүүлөрү зарыл. Эгерде СЭБди сактоочу адам изилдөө долбоорунун маалымат булагы болсо, ал адамдын үйүнө барып окуучулар интервью алышса болот. Алдын ала жолугушуунун күнүн, саатын белгилөө керек. Окуучулар үн жазгычка же блокнотко аңгемелешүүнүн мазмунун жазып алышы зарыл. Анда ал адамдын аты-жөнү, кайсы жерде жашары, жашы, кесиби, эмне иш кылары тууралуу кыскача маалымат жазылышы керек. Суроолор сылык түрдө болуп, ыңгайсыз, тиешеси жок суроолорду берүүгө болбойт. Улгайган адамдарды чарчатпай, жагымдуу жагдайда аңгемелешүү маанилүү. Видеого же сүрөткө тартуу үчүн уруксат суроо зарыл.

**Салттуу экологиялык билимдер (СЭБ) – муундан муунга берилген айлана-чөйрө жөнүндө билимдердин комплекси.**

*Кылымдар бою бул билимдер жаратылыш экосистемаларынын шарттарына ыңгайланып, жашоого, анын ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга, климаттык өзгөчөлүктөрүнө калыптанууга шарт түзгөн жана кыйын кезеңдерди жеңе алган.*

*СЭБге жергиликтүү ландшафтка, жаратылыш объектилерине байланышкан легендалар, мифтер, уламыштар, салттар, үрп-адаттар, жөрөлгөлөр, ырлар, күүлөр ж.б. кирет.*

# Ачык сабактарды өткөрүү жана бет ачарларды жасоо

Мугалимдер ачык сабактарды өткөрүп, жаңы тажрыйбаларын башка мугалимдер менен бөлүшүшөт. Ачык сабакта сөзсүз жаңы методика же жаңы мазмундагы материалдар болушу зарыл. Ошондуктан, сабактын адаттан тышкары жана инновациялык формалары өткөрүлгөнү өзгөчө маанидe. Адаттан тышкары өткөрүлгөн сабактар окуучулардын кызыгуусун арттырат. Заманбап мындай сабактар окуучуларды басынтпай, сезимдерин эркин билдирүүгө таасирин тийгизет, бекем жана терең билим берет.

Ачык сабактарды ар түрдүү экологиялык даталарга байланыштуу өткөрүүгө болот. Ак илбирс боюнча ачык сабакты 23-октябрда – Илбирстердин күнүндө өтүү керек. Мисалы, Нооруз майрамына жакын, апрель айында Айгүл гүлүнүн ачылышына байланыштуу иш-чараларды өткөрүүгө болот.

Окуучуларга этно-экологиялык билим берүүдө төмөндө берилген адаттан тышкары жана инновациялык ыкмалардын типтерин колдонуу менен ачык сабактарды өтүүгө болот:

**«Талкуу сабагы»** – сабакта окуучулар экологиялык проблемаларды талкуулашып, проблеманы чечүүнүн өз жолдорун сунуш кылышат. Окуучулар тигил же бул божомолду же көз карашты конструктивдүү сынга алууга, алардын күчтүү жана алсыз жактарын табууга, өз көз караштарын аргументтүү коргоого үйрөнүшөт. Мугалимдин милдети талкуу урушка айланып кетпешине, башка ой-пикирлерди да угуу керектигин көзөмөлдөп туруу керек.

**«Аңгемелешүү (интервью) сабагы»** же «пресс-конференция» – бул сабакта окуучулар «журналисттин» ордунда боло алышат, алар салттуу билимдерди билген адамдардан

жана эксперттерден кызыктуу маалыматтарды көбүрөөк билүүгө аракет кылышат. «Эксперттер» катары да окуучулар чыгышат. Мындай сабакта иштөө аянтын ыңгайлуу жана кызыктуу кылып уюштуруу керек.

**«Билимди баалоо сабагы»** – бул сабак окуучулардын алган билимин баалоого багытталат. Сабакка чейин окуучулар көп маалыматтарды алышат, мисалы, илбирс жана анын экосистемасы тууралуу. Мугалимдер менен башка класстардын окуучулары да  бул сабакты көрүүгө чакырылат. Бирок сабак сынакка айланып кетпестен, окуучулар билимин көрсөтө алган майрамга айланышы керек. Сабактын ар түрдүү жана кызыктуу формада өтүшү үчүн жооптуу угууга так убакыт белгилөө зарыл.

Төмөндө «Илбирс жана анын экосистемасы» тууралуу сабактан алган окуучулардын билимдерин баалоо ыкмасын колдонуунун бир нече жолдорун сунуштайбыз.

Дагы көптөгөн кызыктуу тапшырмаларды ойлоп табууга болот. Сабактын акырында калыстар тобу баа коюп, жыйынтыктап, мыкты даярдыктагы окуучуларды аныкташат. Чакан белектерди, сертификаттарды даярдыгы жакшы окуучуларга тапшыруу менен сабакты аяктаса болот.

**Илбирстер тууралуу окуучулардын билимдерин текшерүү үчүн сабактын болжолдуу тапшырмалары:**

- *Эки же үч вариант жообу көрсөтүлгөн тесттен туура жообун таап жазуу (5−10 мүнөт);*
- *Илбирстин плакатын тартып, анын анатомия жана физиологиясын сүрөттөө (3 чакан топ менен иштөө, 10 мүнөт даярданууга, 3−5 мүнөт бет ачарга берилет);*
- *Тез сурамжылоо (блиц-сурамжылоо) илбирстер жана алардын экосистемасы жөнүндө алдын ала даярдалган суроого ким тез арада туура жооп берет;*
- *Илбирстерди коргоого чакырган окуучулардын кайрылуусун жазуу (чакан топтордо иштөө, даярданууга 5−10 мүнөт берилет, плакат тартуу).*

**Мультимедиалык материалдарды колдонуп сабак** өтүүдө класста окутууга зарыл болгон техникалык каражаттар: компьютерлер же ноутбук, проектор, экран, колонкалар, ошондой эле интернет керек. Мультимедиалык материалдарды: иллюстрация, видеоролик, фильм, анимация, аудио, интерактивдүү тесттерди даярдап же интернеттен алсаңар болот. Мисалы, «Таалим-Форум» коомдук фондунун сайтынан (www.taalimforum.kg) илбирстер жөнүндө мультимедиалык бир топ материалдарды табууга болот. Башталгыч класстар үчүн: www.ibilim.kg дарегинен мультимедиалык билим берүү комплексин пайдалануу кажет.

**Оюн кырдаалдарын пайдалануу менен өтүлүүчү сабак** ролдук оюн формасында, шайырлар жана тапкычтар клубу (КВН) форматында, брейн-ринг, саякат сабагы, чыгармачыл сабак жана башка формада өткөрүүгө болот.

Сабактын темасына карата Power Point программасында жасалган бет ачарлардын слайддарын көрсөтүү көңүлсүз лекцияларды алмаштырат. Мындай бет ачарларды мугалимдер да, окуучулар да жасай алышат. Бет ачарлар кызыктуу болушу үчүн интерактивдүү элементтерди: кыймылдарды, ар түрдүү эффекттерди, үндөрдү, сүрөттөрдү, видео фрагменттерди кошуу зарыл. Слайддагы тексттер чакан болгону жакшы. Мисалдарды келтирип айтып берсеңер уккулуктуу болот. Бет ачардын акырында суроолорго жана талкууга убакыт бөлүү зарыл.

**Маанилүү маалымат**

- *Ачык сабактарды өткөрүүнүн формасын жана методдорун мугалим өзү тандайт. Бул мугалимге сабак өтүүнүн методикасын өркүндөтүүгө жол ачат, ошондой эле чыгармачылык идеяларын жана ойлорун ишке ашырууга жардам берет. Мындай сабактар мугалимдин жана окуучулардын кылдат даярдыгын талап кылат.*
- *Мисал катары 5-бөлүмдө «Ак илбирс: анын экологиясынын өзгөчөлүктөрү, таралышы жана корголушу» аттуу оюн формасында иштелип чыккан ачык сабактын планы сунушталат.*

## Этно-экологиялык лагерлерди уюштуруу жана өткөрүү

Этно-экологиялык билим жана тарбия берүүдө жайкы этно-экологиялык лагерлер маанилүү билим берүү аянтчасы боло алат. Жаратылышта окуучулар мектептеги сабактан алган билимдерин бышыктап жана кеңейте алышат. Жаратылышка сүңгүп кирүү аркылуу окуучулар табият жана маданият жөнүндө тереңирээк биле алышат.

Мектеп окуучуларына билим берүүчү этно-экологиялык лагерлерди уюштуруу жана өткөрүү билим берүүдө педагогикалык инновация катары эсептелет. Анткени алар комплекстүү формада, этникалык маданият менен экологияны табигый шарттарда терең изилдөөгө алат.

Лагерде жашоо менен балдар жаратылышты бардык сезимдери менен сезип-туюп, кызыгуусу жана активдүүлүгү артат. Көчмөн маданиятка сүңгүп кирүү үчүн боз үйдө жашоо лагерин уюштуруу натыйжалуу. Түзүлгөн жагдай окуучуларды элдик каада-салт менен тааныштырат. Театралдык көрсөтүүлөр менен концерттерге чыгууга өбөлгө түзөт. Боз үйдө класстагыдай эле бет ачарлар менен тааныштырып, дарстарды окуса болот. Тоого, дарыяларга саякатка чыгуу маалында байкоолор менен изилдөөлөрдү өткөрүп, көптөгөн тажрыйбаларды жүргүзсө пайдалуу.

Этно-экологиялык лагерди уюштуруу алдында программаны абдан кылдат карап чыгуу зарыл. Лагердин иштөө максаты, милдеттери такталып, зарыл болгон материалдар, жабдуулар, окуучулардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч болбогондой коопсуздук маселелери да кылдат иштелип чыгышы маанилүү.

Лагерди даярдоо маалында ага ылайык келген символикаларды – эмблема, желек, баннерлерди жасоо зарыл. Программаны түзүүдө негизги тематикалык иш-чаралар-

дан тышкары, окуучуларды бири-бирине, тренерлерге, жергиликтүү коомчулуктардын мүчөлөрүнө тааныштыруунун жолдорун тандоо керек. Окуучулар өз айылы/шаары, мектеби, анда өткөрүлгөн экологиялык иш-чаралар тууралуу аңгемелерин айтып таанышканы кызыктуу. Окуучулар лагерде жүрүүнүн тартибин өздөрү чогуу иштеп чыгышы жана сакташы натыйжалуу.

Колдонмонун 5-бөлүмүнөн Тянь-Шань аймагындагы илбирстер таралган ареалдагы 4 областтын активдүү окуучуларына өткөрүлгөн «Ак илбирс» лагеринин программасы менен тааныша аласыңар.

Ал лагерге 12–15 жаштагы окуучулар жана алар менен бирге мугалимдер да чогуу келишкен. Лагерь «Чоң-Кемин» улуттук жаратылыш паркында жайгашкан. Катышуучулар боз үйдө жашашып, сабактар боз үйдө жана эшикте өткөрүлгөн. Лагердеги иш-чараларга улуттук жаратылыш паркынын кызматкерлери, жергиликтүү билермандар, салттуу билимдерди сактаган адамдар, тажрыйбалуу эксперттер жана мугалимдер катышкан.

«Ак илбирс» лагеринин программасынан окуучулар «Чоң-Кемин» улуттук жаратылыш паркынын жаратылышы тууралуу көптөгөн пайдалуу нерселерди биле алышты. Кыргыз элинин көчмөн маданиятын жакындан үйрөнүштү. Экологиялык иш-чарадан окуучулар улуттук жаратылыш паркынын аймагындагы эреже тартиптер менен таанышышып, паркта эмне кылууга тыюу салынарын билип жана көптөгөн суроолорго жооп алышты.

Жаратылыш паркынын адиси жергиликтүү флора жана фауна жөнүндө, фото капкан кантип иштерин көрсөтүп, камерага кайсы жаныбарлар түшкөнүн айтып берди.

Окуучулар илбирстер жашаган аймактарды, илбирстерди коргоо боюнча жаратылыш паркы өткөргөн иш-чаралар, жаныбарлар менен ал жакта өскөн өсүмдүктөрдү коргоо максатында аткарылган иштер менен таанышышты. Жаратылышка жүрүшкө чыгуу менен бирге ар түрдүү интерак-

тивдүү оюндар, акциялар өткөрүлүп, кумурскалардын уюктары тосулду, ача туяктуу жаныбарларга тоют даярдалды, кышкы тоюттандыруу үчүн чөптөр бооланды.

Лагердин этнографиялык компонентинде салттуу кыргыз боз үйүн тигүү, анын жыгачын, кийизин, кооз буюмдарынын түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү менен тааныштырылды. Көчмөн кыргыз ашканасы менен тааныштыруу максатында түрдүү тамак-аштар жасалды. Окуучулар нан жапканды, жупкага камыр жууруганды, азык-түлүктөрдүн пайдалуу касиеттерин билип, тамак-аш жасоонун түрлөрүн үйрөнүштү. Жергиликтүү адамдардан окуучулар ат жабдыктарынын өзгөчөлүктөрү, жылкынын көчмөн кыргыздардын тиричилигиндеги орду жөнүндө билишти. Эркек балдар ат токуп көрүштү. Андан кийин ат минип сейилдешти. Окуучулар жергиликтүү чеберлерден кол өнөрчүлүктүн түркүн түрлөрүн көрүштү. Мисалы, аркан эшүүнүн, кийиз жасоонун ыкмаларын үйрөнүшүп, жука кийизге оюу түшүрүштү, чийге оюу салып чырмашты.

Жергиликтүү аксакалдар менен мергенчилер окуучуларга салттуу мергенчилик, жаныбарлар дүйнөсү, кайберендердин каргышына калган аңчылар, мергенчилер колдонгон жазылбаган мыйзамдар тууралуу кызыктуу окуяларды айтып беришти.

Албетте, лагерде активдүү оюндар менен түрдүү эс алуу формалары уюштурулду. «Алты бакан» орнотулуп, селкинчек тебишти, жайлоодо ойнолуучу оюндар, ыр-бийлер салттуу кыргыз маданияты тууралуу өзгөчөлүктөрдү билүүгө өбөлгө түздү.

Лагердеги бардык күндөр окуучулардын күндөлүгүнө жазылды. Алар дубал газеталарга сүрөт тартышып, бет ачарларды даярдашты. Кечинде документалдуу жана көркөм тасмаларды көрүшүп, талкуулашты.

Лагерь тууралуу окуучулардын пикирлеринен унутулгус көз ирмемдер, эс алуу, көптөгөн жаңы нерселерди өздөштүрүү жөнүндө окусаңар болот.

# Интерактивдүү жана оюн ыкмалары

Окутуунун интерактивдүү жана оюн методдору чоң эмоционалдык мүмкүнчүлүккө ээ жана азыр да кеңири колдонулууда. Өзгөчө тапшырмалар жана көнүгүүлөрдү аткарууда кеңири талкууну талап кылган бир нече чечимдери бар маселеде, түрдүү көз караштарда, альтернативага (тандоого) баа берүүдө көптөгөн ыкмалар колдонулуп келе жатат.

Үзгүлтүксүз пикир алышуу аркылуу иштөөдө, эмоционалдуу сезим менен кабылдоосунда, балдар коммуникативдүү билгичтиктери жана көндүмдөрүн өөрчүтүшөт, классташтары менен тажрыйба бөлүшүү менен бирге педагогдон эле эмес, бири-биринен да билим алышат, инсандык мамилелер жана баалуулуктар системасын өздөштүрөт.

Мындай методдорду экологиялык билим берүүдө колдонуу абдан маанилүү, анткени балдар үчүн экосистемалар же экологиялык проблемалар тууралуу теориялык билимдер аздык кылат. Алар экологиялык системага сүңгүп киргендей сезимди, ички «экологиялык» дүйнөнү түзүшү зарыл. Жаратылышты ички дүйнөсүндө сезүү жөндөмүнө ээ болуу, экологиялык проблемаларды чечүү боюнча ишмердүүлүгүндө өз жаратылышы баалуу багыт боло алат.

Окуучуларга этно-экологиялык билим берүүдө интерактивдүү окутуунун төмөндөгүдөй методдорун колдонууга болот:

1. *Экологиялык оюндар;*
2. *Театрлашкан көрсөтүүлөр;*
3. *Тематикалык тасмаларды (фильмдерди) көрүү;*
4. *Этно-экологиялык мода.*

### ① Экологиялык оюндар окутуунун методу катары

Адамдар байыркы замандардан бери эле оюнду окутуу методу катары колдонуп, улуулардын тажрыйбалары кичүүлөргө берилип келген. Бүгүнкү күндө оюн методдорун пайдалануу балдарды таанып билүүгө кызыктырып, кругозорун кеңейтип, жаңы көндүмдөрдү жаратып, жаңы жөндөмдүүлүктөр менен бирге күтүүсүз шыктарын ачып, чыгармачылыктарын ишке ашырууга жол ачат.

Туура уюштурулган жана өткөрүлгөн оюндар комплекстүү иштерди аткарууга, жаңы сабакты өздөштүрүп, өткөрүлгөн сабактарды бышыктоо, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү үчүн колдонулат. Оюн аркылуу үйрөнүү окуучуларга ар түрдүү позицияда окуу материалдарын өздөштүрүүгө, коммуникативдүү көндүмдөрүн өстүрүү, өз алдынча жана жамаатта иштөөгө үйрөнүүгө болот.

Оюн сөзсүз этно-экологиялык билим берүүдөгү алдыңкы методдордун бири боло алат, анткени балдар ойноп жатканда түркүн билимдерди тез өздөштүрө алышат.

Бул колдонмонун 5-бөлүмүнөн экологиялык оюндардын болжолдуу мисалдары менен тааныша аласыңар. Алар окуучуларга экология боюнча билимдерин, ошондой эле биздин өлкөбүздөгү биоартүрдүүлүк, илбирстер жана алардын экосистемасы, жаратылышка аяр мамиле жасоонун салттары жана маданияты жөнүндө көбүрөөк маалымат алууга жардам берет.

Оюндарды үзгүлтүксүз өткөрүү көптөгөн кошумча билимдерди эле бербестен, аларды өз алдынча табууга да үйрөтөт. Оюн кызыктуу болушу үчүн, мисалы, мугалим сабак башталганда: «Келгиле элестетели, биз классыбыз менен Тянь-Шань тоосунун бийик жеринде экологиялык саякатка бардык дейли» – деп баштасаңар окуучуларды оюн кырдаалына жетелейсиңер, кызыктуу саякатка көңүл бурдурасыңар. Сүрөттөрдү, фотосүрөттөр, видеофильмдер жана башка көрсөтмө материалдарды, кырдаалдарды колдонуу маанилүү жана пайдалуу.

Бардык оюндардын натыйжалуулугу уюштуруу менен тыгыз байланыштуу.

Адатта ал үч баскычтан турат:

1) Даярдоо;

2) Оюнду өткөрүү;

3) Жыйынтык чыгаруу.

Интерактивдүү оюн учурундагы мугалимдин аткарган милдеттери:

- Оюндун шартын айтуу;
- Баалоо;
- Машыктыруу;
- Жетектөө.

Экологиялык оюндарды шарттуу түрдө бир нечеге бөлсөк болот.

## Экологиялык ролдук оюндар

Ролдук оюндар экологиялык ишмердүүлүктүн мазмунунун моделин түзүүгө негизделген. 5-бөлүмдө «Кыргызстандын биологиялык ар түрдүүлүгүн коргойлу» аттуу ролдук оюн берилди. Катышуучулардын арасында төмөнкүдөй ролдор бөлүштүрүлөт: ботаник, зоолог, эколог, эксперт, салттуу билимдерди алып жүрүүчүлөр. Оюн ток-шоу түрүндө өтүп, Кыргызстандын биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо проблемасына арналган, себеби ресурстар тез эле түгөнө турган эң аялуу проблема.

5-бөлүмдө берилген «Илбирстердин жашоо чөйрөсүнүн жоголушу» аттуу ролдук оюнда окуучулар тоолуу экосистеманын жаныбарларына жана илбирске «айланышат». Оюн бардык жаныбарлардын жашоосу үчүн тамак-аш, суу, түнөк жана мейкиндик керектигин түшүнүүгө көмөк берет. Оюндун жүрүшүндө илбирстин жашоосуна жолтоо болгон коркунучтар аныкталат. Илбирстин жашоо чөйрөсүн сактап калуу үчүн эмне кылуу керектигин түшүнүшөт. Ошондой эле окуучулар адамдардын ишмердүүлүгү тоолуу экосистемаларга кандай терс таасир тийгизерин билишет.

## Тууроо менен ойнолуучу экологиялык оюндар

Бул оюндар көрсөтмөлүү моделдерди түзүүгө жардам берет. Мисалы, 5-бөлүмдө берилген «Жашоонун желеси» оюнунда экосистемадагы байланыштардын модели көрсөтүлөт.

## Жарыш түрүндөгү экологиялык оюндар

Мындай оюндар катышуучулардын өз билимдерин көрсөтүү жана ага ээ болуу жөндөмдүүлүк активдүүлүгүн, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин ойготот. Ар түрдүү конкурстарды, викториналарды, эстафеталарды, оюндарды: «Тапкычтар жана шайырлар клубу» (КВН) форматында, «Укмуш талаа» («Поле чудес») же «Брейн-ринг» түрүндө өткөрүүгө болот. Бул оюндарда окуучулар өз билимдерин көрсөтө алышат, логикалык ой жүгүрткөнгө үйрөнүшүп, тез чечим чыгарууга, практикалык тапшырманы аткарууга, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

5-бөлүмдөн мелдеш, жарыш оюндарынын бир нече түрлөрүн таба аласыңар. «Сөздөр жана образдар» оюнунан окуучулар теориялык түшүнүктөрдү же божомолдорду образдуу элестете алышы зарыл. «Этно-экологиялык калейдоскоп» оюнунда Кыргызстандын жаратылышы жана маданияты жөнүндө суроолор камтылган. Оюн «Брейн-ринг» форматында өтөт, андагы суроолорго окуучулар командасы менен талкуулап, анан жооп беришет.

## Саякат оюндары

Экологиялык саякат оюндары тажрыйбада кеңири колдонулат, ал окуучулардын дүйнө тууралуу билимдерин кеңейтүүгө, курчап турган нерселерге туура мамиле жасоого үйрөтөт, туулган жерине анын жаратылышы менен маданияты жөнүндө көп маалыматтарды билүүгө умтулуу сезимдерин ойготот.

Колдонмонун 5-бөлүмүнөн: «Кыргызстанга саякат» жана

«Экологиялык станциялар» оюндары менен тааныша аласыңар. Бул оюндар аркылуу балдар өлкөбүздүн кайталангыс жерлери, жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн кызыктуу өкүлдөрү тууралуу биле алышат.

## Дидактикалык оюндар

Дидактикалык оюндар ар түрдүү мүнөздө: өз оюн ортого салуу жана эл алдында чыгып сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүчү, логикалык ой жүгүртүүгө жетелөөчү жана кыймылдуу оюндар болушат.

5-бөлүмдө мындай оюндардын бир нечеси берилет. Алардын бири – «Биздин көйгөйдү ким чечет?». Бул оюн аркылуу ар түрдүү экологиялык проблемалардын түрлөрүн окуучулар талкуугa алышат, оюн ал проблемалардын чечилишин ойлоого, жекече жоопкерчилигин түшүнүүгө көмөк берет. Кыймылдуу оюндун дагы бири – «Окшош түрдү тап», бул оюн биоартүрдүүлүктү түшүнүүгө жана окуу учурунда чарчоо менен чыңалууну жоготот.

Экологиялык оюндар абдан маанилүү, алар окуучулардын экологиялык аң-сезимин жана маданиятын жогорулатууга жардам берет. Окуучулар жаратылышты таанып билүүдө чарчабай, кыйналбай жеңил өздөштүрө алышат. Бардыгы жеңил, табигый, көңүлдөнүү менен, эң негизгиси – кызыгуу жана кубануу сезими менен ишке ашат.

Оюндун жүрүшүндө балдардын кыймылдуулугу жана активдүүлүгү жогорулайт. Логикалык ой жүгүртүүгө, эл алдында чыгып сүйлөөгө, жаратылыш жөнүндө көптөгөн жаңы нерселерди билүүгө, эң негизгиси айлана-чөйрөгө туура мамиле кылууга үйрөнүшөт, бири-бирине жардам берүүгө да даяр болушат. Оюндарга экологиялык маданият жана салттуу экологиялык билимдер темасын аралаштыруу менен окуучулар элдин даанышмандыгын баалоого, мекенине аяр жана анын байлыктарына сарамжал мамиле жасаганга үйрөнүшөт. Натыйжада, окуучулар жаратылыш ресурстарынын керектөөчүлөрү гана эмес, жаратылыштын

байлыктарын коргой турган түрдүү аракеттердин катышуучулары болуп, элдик акылдарды жана экологиялык маданиятты сактап, кийинки муундарга өткөрүшөт.

### ② Театрлашкан көрсөтүү

Этно-экологиялык билим жана тарбия берүү үчүн театрлашкан көрсөтүүлөрдү натыйжалуу пайдаланууга болот. Мектепте театрлашкан көрсөтүүлөрдү уюштуруу көптөгөн педагогикалык милдеттерди чечет: көркөм-эстетикалык тарбия, руханий баалуулуктарды билүү, чечендик өнөр менен кеп маданиятын өстүрүү, сезимталдуулукту, туюм жана эмпатияны (башка адамдын сезим-туюмдук акыбалын түшүнүү) ойготууга болот.

Айлана-чөйрөнүн жана маданияттын маселелерин, жаратылышка камкордук менен мамиле кылууну өркүндөтүүнү окуучулар костюм кийип, театрлаштырылган көрсөтүүлөр, ырлар, ыр-бийлер аркылуу ачып бере алышат.

Мектепте окуучуларды театрлашкан көрсөтүүлөргө катышууга тартуу максатында «Театр бурчун» уюштурууга болот. Бул жерге ар түрдүү костюмдар, баш кийимдер, жаныбарлардын маскалары менен декорациялар (мисалы, жаратылыш объектилерин), театр жөнүндө китептер менен журналдар, жакында боло турган көрсөтүүлөрдүн афишалары жана сценарийлер коюлат. «Театр бурчунда» канчалык көп материалдар, предметтер болсо, театрлашкан көрсөтүүлөргө окуучулардын кызыгуулары артат, ага катышкан окуучулардын талантын ачууга шарт түзүлөт.

## Мектеп театрларынын жетекчилерине көрсөтмөлөр

Мектеп театрын уюштуруу иштери көбүнчө мугалимдерге жүктөлөт, алар профессионал театр кызматкерлери болбогондуктан, көптөгөн кыйынчылыктарга кездешишет. Төмөндө биз мектепте окуучулар менен бирге этно-экологиялык көрсөтүү уюштура турган мугалимдерге чакан көрсөтмөлөрдү беребиз.

Окуучулар берилген чыгармачылык тапшырмасы менен иштеп жатып, өздөрү түзө турган образдарды түшүнүп, сезип-туюшу зарыл. Коюлуучу постановка менен иштеген учурда окуучулар менен бирдикте жетекчи спектаклдеги оң жана терс учурларды талдап, каармандардын кылган иштерин, жасалган иштердин натыйжасына баа берүүлөрү зарыл. Театралдык чыгармачылык аркылуу экологиялык өз ара байланыштарды түшүнүп, экологиялык аң-сезим жана жоопкерчилик сезим пайда болот. Мисалы, окуучу сахнада илбирстин образын аткарып жатып, илбирстин жашаган чөйрөсүндөгү катаал жашоо шартынан, мергенчилердин кол салуусунан, жашоо чөйрөсүнүн тарышынан кантип тирүү калууга болорун ойлонот.

Экологиялык труппанын ишинин биринчи баскычында спектакль же спектаклдин темасы тандалат. Экологиялык багыттагы, жаныбарлар жөнүндө темалар тандалганы жакшы, анткени бала өзүн жаратылыштын бир бөлүгү катары сезиши маанилүү. Сценарий түзүп жатканда жаратылыш пейзажындагы образдарды кошуу керек, балдар аларды көрүп, өзүн гүл, көпөлөк, бак, булут жана башкалар катары элестетет.

Даяр экологиялык спектаклдин сценарийин таап же мугалимдин жардамы менен балдар өздөрү жазган спектаклдерди койсо болот. Сценарийдин мазмуну өлкөбүздүн кооз аймактарына саякатка баруу, коруктар менен улуттук парктар жөнүндө кызыктуу аңгемелер, алардын жаратылышты коргоодогу жана экологиялык тең салмактуулукту сактоо мүнөзүндө болушу максатка ылайык.

Сценарийдин башталышы терс мүнөздө болуп, ал эми акыры оптимисттик нукта бүтүшү мүмкүн. Муну 5-бөлүмдөгү «Ак илбирс» сценарийинен көрсөңөр болот. Андан илбирстердин жашоосу жеңил эмес экенин байкоого болот, анткени аларга аңчылар кол салышат. Жалгыз калган илбирстин баласы башка жаныбарлардан жардам сурайт, бирок өз өмүрүнөн коркуп, жаныбарлар ага жардам

берүүдөн баш тартышат. Качан илбирстин баласы мергенчилерге бетме-бет кездешкенде, бардыгы чогуу болгондо гана тирүү калууга мүмкүн экендигин түшүнгөн башка жаныбарлар ага жардамга келишет.

Толук негативдүү спектакль коюлушу деле мүмкүн, мисалы, цивилизациянын кыйрашы тууралуу, бирок мындай постановкаларды сейрек коюу керек, анткени балдардын аң-сезимине жагымсыз таасир этип, жаратылышты коргоодо активдүү жашоо позициясынын ордуна пессимизм менен апатияга алып келиши мүмкүн.

Көрүүчүлөргө спектакль же көрсөтүү кызыктуу болушу үчүн балдар менен бирге сценалык чеберчиликти үйрөнүү керек, сахнада өзүн кантип алып жүрүүнүн эрежелерин өздөштүрүү керек. Так айтылбаган кеп, тез сүйлөө, сценада өзүн туура эмес алып жүрүү спектаклдин жүрүшүнө терс таасирин тийгизет. Сахнада артисттер көрүүчүлөргө артын салып турбашы керек (сценарий боюнча зарыл болгондо гана тескери караганга болот), орунду туура таап, кырынан туруу зарыл. Жаш актерлор элден көзүн ала качпай, залды карашы керек. Элди тике карай алышпаса өйдөрөөк, мисалы, каршысындагы дубалды караса болот.

Ролдун текстин жатташ керек, бирок кимдир бирөө текстти унутуп калса, өзүнүн сөзү менен оюн улантып кетсе болот. Роль аткарып жатканда жаңылып калуу коркунучтуу эместигин балдарга түшүндүрүп, элдин көңүлүн ашыкча өзүнө бурбай, улантып кетүү керектигин үйрөтүү зарыл.

Оюндагы өнөктөшүнүн сөзүн бузбай, колдоо көрсөтүү. Спектакль бир актердун оюну эмес, бирге аткарылуучу аракет экенин эске алуу абзел. Сахнада бири-бирин жаап турууга болбойт, ар бир адам өз ордун билиши зарыл. Репетиция учурунда текст менен эле иштебестен, кыймыл-аракеттерди да кайра иштеп чыгуу зарыл. Окуучунун үнүнө көңүл буруу керек, алар таамай, так, сөздү жебей акырына чейин айтышы керек. Үнгө, дем алууга, дикцияга, кептик тактык жана паузаларга көңүл бөлүү маанилүү.

Спектаклдеги негизги аракет сахнанын ортосунда, көрүүчүлөргө жакшы угулуп жана көрүнүп турушу абзел. Ошондуктан балдарга сахнада кайда туруу керектигин көрсөтүү зарыл. Ыңгайлуу болушу үчүн репетиция учурунда сахнага сызыктарды чийип белгилеп койсо да болот. Репетицияларда чыныгы спектакль ойноп жаткандай эле бардык реквизиттерди пайдалануу зарыл, антпесе балдар аларды колдонууну унутуп калышы мүмкүн.

Спектакль коюлуп жатканда жетекчи жана анын жардамчысы көшөгөнүн артында туруп, балдардын өз кезеги менен чыгышына жардам бериши, текстти жана кыймылдарды айтып турушу керек. Көшөгөнүн артында тынч болууну эрте эскертип коюу керек. Спектаклден кийин бардык катышуучулар элге жүгүнүшү зарыл, аны да кайталап коюу ашыкча болбойт. Балдарды спектакль аяктаган соң (ролду жакшы аткара албаса да) көңүл буруп, сөзсүз мактоону унутпоо кажет.

### ③ Билим берүү процессинде фильмдерди колдонуу

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адам уккан маалыматтын 15% эстеп калат, көргөн учурда эсинде 25% маалыматты, бир убакытта угуп жана көргөндө 65% маалымат эсте калат. Кино тасмаларды көргөндө бул мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы кошулат. Ал бир эле учурда угуу жана көрүү маалыматын берет, ошондой эле эмоционалдуу таасир этет.

Этно-экологиялык билим берүүдө окуучуларга фильм көрсөтүү эң натыйжалуу. Анткени экран коммуникациянын түз жана натыйжалуу формасы. Экранда көрсөтүлгөн жакшы фильм күчтүү курал сымал аң-сезимге таасир этип, элестөөсүн ойготуп дем берет, адамды өзгөртөт. Фильм аркылуу көрсөтүлгөн идея эсте жакшы сакталат, кызуу талкууга алынат жана ойду түрдүү багытка бурат.

Бүгүнкү күндө кинематографияда айлана-чөйрөнү коргоо темасы өзгөчө жана маанилүү орунду ээлейт. Айлана-чөйрөнү коргоонун зарылдыгы жөнүндө келечек муун-

дарга  жеткирүүгө кино чоң жардам берет. Экологиялык маселелер фильмдердин негизги темасы болууда. Экология проблемалары жөнүндө окуган жана уккандан көрө, ал жөнүндө көрүү таасирдүү. Экологиялык темада тартылган документалдуу жана оюн фильмдерин, мультфильмдер менен комедияларды, кыска роликтер же толук метраждуу фильмдерди санасак болот.

Дүйнө жүзүндө жыл сайын экология темасына арналган 400дөн ашуун кино картина чыгат. Экологиялык проблемалар, туруктуу жана «жашыл» өнүгүү маселелери тууралуу тартылган экологиялык фильмдердин көптөгөн фестивалдары бар. Green Film Network (GFN) тармагы бир нече ири экологиялык фильмдердин кинофестивалдарын бириктирет, алар жыл сайын бүткүл дүйнө жүзүндө өткөрүлөт. Мисалы, ушундай фестивалдардын биринде Вашингтондо шаардын 35 аянтында 150 экологиялык тасма көрсөтүлгөн, алардын ар биринде айлана-чөйрөнүн проблемаларын чечүүнүн өз идеялары, сунуштары жана жаңы жолдору көрсөтүлгөн.

Көркөм фильмдерден окуучуларга америкалык илимий-фантастикалык «Аватар» аттуу фильмди көрсөтүүгө болот, анда адамдын жаратылышка кылган мамилеси кызыктуу тартылган. Анын сюжети ойдон чыгарылган. Окуя «Пандора» планетасында 2154-жылы болот. Анда адамдардын жаратылыштын баалуу ресурстарын алууга умтулган ач көздүгүнөн, ал планетада жашаган өз жерин, руханий дөөлөттөрүн сактоого аракет кылган адамдарды жана бүтүндөй планетаны кыйратуу жүрөт.

Адам менен жаратылыштын эриш-аркактыгына, салттуу маданияттын дөөлөттөрүнө арналган кыргыз кинематографиясындагы фильмдер дайыма өзгөчө орунда болгон. Режиссер Төлөмүш Океевдин чыгармачылыгында адам менен жаратылыштын мамилелери бир нече ирет көтөрүлгөн. «Кожожаш» эпосунун негизинде тартылган «Ак илбирстин тукуму»  фильминде, режиссер бардыгыбызга адамдардын

жаратылышка көз карандылыгын эске салат. Жаратылышка жасалган бардык кыянат адамдын өзүнө бумеранг сымал кайра тиери айтылат. Фильмде илбирстер мекендеген жерде адамдар да жашашат, алар илбирстерге аңчылык кылышат, бирөөлөрү аларга атаандашышат, экинчилери өздөрүн илбирстердин тукуму катары сезишет. Аталган фильмде адам менен жаратылыш темасы козголуп, жашоо шарты катаал шартта адамдар өмүр сүрүп, өз мекени, анын жаратылышы жөнүндө баатырдык, эрдик, сүйүү тууралуу легендалар айтылат.

Өлкөбүздүн жаратылышын, маданиятын жана этникалык көп түрдүүлүгүн коргоого багытталган фильмдер жана роликтер биологиялык жана маданий мурастарды сактоо жана таратуу маселелерин кайра жаратуу иштери менен алектенген коомдук фонддордун, маданий-изилдөө борборлорунун, Кыргызстандын экологиялык бирикмелеринин күчү менен дагы тартылууда. Колдонмонун 5-бөлүмүнөн экология маселелерине арналган фильмдердин тизмесин таба аласыңар.

### Сабак учурунда фильмдерди колдонуу методикасы

Документалдуу жана көркөм фильмдерди сабакта көрсөтүү билим берүү максаттарын көздөйт, бирок алар мугалимди алмаштыра албайт.

Окуу процесси – чыгармачылык процесс, анын натыйжалуулугу көрсөтүлгөн фильмдердин санынан көз каранды эмес. Фильмди көрсөтүүнүн ыгы, сабакта пайдалануу мүмкүнчүлүгү мугалимдин билими жана көндүмү, чыгармачыл фантазиясына жараша колдонулат.

Жаңы теманы өтүүдө фильмдерди көрсөтүүгө болот. Ал теманы түшүндүрүүгө кошумча иллюстрация катары колдонулат. Фильмдерди өтүлгөн сабакты кайталоо, бышыктоо жана жалпылоо үчүн көрсөтүүгө да болот.

**Фильмди тандоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:**

- *Фильмди же анын фрагменттерин туура тандоо жана талдоо. Бул үчүн фильмди мугалим өзү эки жолу көрүш керек;*
- *Фильм үйрөнүлүп жаткан тема жана программага толук ылайык келерине ынануу;*
- *Фильм окуучулардын билим деңгээлине жана жаш өзгөчөлүгүнө туура келерине ынануу;*
- *Фильмдин же тандалган фрагменттеринин узактыгын аныктоо.*
- *Фильмди көрсөтүүнүн алдында киришүү жана коштоо текстин даярдоо зарыл. Алар кыска болгондуктан, анын мазмунун айтып берүүнүн зарылдыгы жок. Кыска жана көркөм фразалар менен репликалар гана айтылышы зарыл.*

### ④ Этно-экология модасы

Эко-мода көрсөтүү экологиялык билим берүүдө окуучулардын көңүлүн экологиялык проблемаларга буруунун дагы бир формасы катары каралат. Мисалы, мектепте өткөрүлгөн эко-мода пластик менен булгануу проблемасын көтөрүү менен кеңири талкуу жарататат. Бул үчүн жаш дизайнерлер менен моделдер колдонулган пластик бөтөлкөлөрдөн, полиэтилен жана башка пластик буюмдардан өз коллекцияларын жасашат. Пластик жана полиэтиленден жасалган буюмдар чыккандан кийин жер жүзүндө кандай проблемалар пайда болгондугу, ар түрдүү өлкөлөр менен шаарлар бул проблеманы кантип чечип жатышкандыгы жөнүндө плакаттар менен бет ачарларды даярдашат. Бул аракеттер катышуучулар менен көрүүчүлөрдү бир жолу колдонуучу оромолор менен пластик идиштерди пайдаланууга мамилелерин өзгөртүүгө түрткү бериши керек.

Эко-мода көрсөтүүнүн дагы бир түрү эко-баштыктардын конкурсун уюштуруу. Мындай иш-чаралар дүкөндөрдөн полиэтилен пакеттерди албай, көп жолу колдоно турган өз баштыктарын алып жүрүүнү элге жеткирүү болуп саналат. Конкурстун шарты боюнча мурда колдонулган эски буюмдардан, жаратылыш материалдарынан же баш-

ка материалдардан, журналдардан баштык жасаса болот. Калыстар тобу жасалган баштыктын кайталангыстыгына, чыгармачылык ыкмасына баа бериши зарыл. Конкурс өткөрүлүүчү залга бир жолу колдонула турган полиэтилен пакеттерди колдонбоо, анын ордуна дүкөнгө же базарга көп жолу колдоно турган баштыктарды көтөрүп жүрүүгө чакырыктар илингени жакшы натыйжа берет.

Плакаттарга кайсы буюм канча жылда чириндиге айлана тургандыгы, планетанын пластик таштанды менен булгануу масштабын көрсөткөн же пластик таштандыларды жутуп, аларга чалынып өлгөн жаныбарлар жөнүндө сүрөттөрдү, графикаларды чагылдырууга болот.

Эко-мода көрсөтүү ар түрдүү темадагы бет ачарлар менен коштолуп, окуучулар талкууга алышы зарыл. Мисалы, азыркы кездеги адамдардын модага жана буюмдарга карата мамилесин талкуулоого болот. Адамдар ар бир буюмду баалашпайт, аяр мамиле жасабайт, анткени заманбап мода улам кийим-кечелер менен буюмдарды алмаштырып турууга, көп керектөөгө түртмөлөйт. Анткени модасы өтүп кеткен буюмдарды ыргытуудан тоодой таштанды чыгышына себеп болууда.

Этностордун, улуттардын маданияттарын билүү окуучуларга пайдалуу, анткени дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүн жана анын кооздугун көрсөтүп турат. Бирок уникалдуу маданияттардын жоголуп бара жатышы бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча актуалдуу маселелердин бири. Этникалык маданиятты сактоодо алардын башатын билүү зарыл. Өз элинин салтын билүү, өз улутунун этно улуттук бирдейлигин аң-сезиминде өркүндөтүү зарыл. Заманбап экологиялык каатчылык кырдаалдар жана чакырыктардан улам, жаратылыш менен органикалык байланышта жаратылышты бузбай колдонууда өзүнүн уникалдуу ыкмаларын иштеп чыгып, салттуу маданияттардын тажрыйбасына кызыгуу артат.

Салттуу маданияттын маанилүү элементтеринин бири– кийим-кече, ал элдин материалдык жана руханий маданиятын билдирет. Кыргыз элинин салттуу улуттук кийими тарбиялык, билим берүүчүлүк жана эстетикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ошондуктан, окуучуларга этно-мода конкурсун көрсөтүү элибиздин руханий жана материалдык мурасын өздөштүрүүгө, түпкү тегин билүүгө чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Этно-мода аркылуу курчап турган айлана-чөйрө жана дүйнө менен эриш-аркак жашоо идеясын өөрчүтүүгө, саламаттыкты сактоого өбөлгө болот.

Органикалык жана табигый кездемелерден, пестицид жана агрохимикаттарды колдонбой өстүргөн өсүмдүктөрдөн тигилген кийимдер анын экологиялык кийим экендигин билдирет. Териден, булгаарыдан жана башка жаныбарлардан алынган материалдардан тигилген кийим жана аксессуарлар биоартүрдүүлүктү коргоо темасын, мода үчүн ар түрдүү жаныбарларды кыруу проблемасын талкуулоого мүмкүнчүлүк жаратат. Ошондуктан, мода көрсөтүүнү уюштурууда ар түрдүү тематикалык багыттарды бөлүп көрсөтүү зарыл: экологиялык таза материалдардан жасалган моделдер; материалдарга экинчи жашоо берүү, табигый кездемелерден кийим тигүү, таштандылардан (кагаз, пластик, полиэтилен ж.б.), кайра иштетилген буюмдардан жасалган буюмдар, пластик менен полиэтилендин зыяны жана көркөмсүздүгү, буюмдарга, жаратылыш ресурстарына сарамжал мамиле кылуу аркылуу айлана-чөйрөнүн, дүйнөнүн кооздугун, көрктүүлүгүн, өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүн, жаратылышты коргоо жана башкалар.

Эко же этно-мода көрсөтүүгө катышкан окуучулар көңүлдү көтөргөн ар түрдүү тамашалуу номинациялар боюнча грамоталар менен сыйланышы зарыл. Мисалы, «Табигый бийкеч» (саман, урук, дан сымал жаратылыш материалдарын колдонуп жасаган буюмдары үчүн); «Винтаж бийкеч» (эски, керектен чыккан жана  буюмдардан жана материал-

дардан жаңыланып, модалуу, саркеч жасалган моделдерге), ошондой эле «Экология ханзаадасы», «Күтүүсүздүк сулуусу», «Жомоктук каарман» деген аталыштагы дипломдор менен сыйлоого болот.

*Окуучулар менен өткөрүлгөн ар түрдүү этно-экологиялык иш-чараларда аларга негизги маанилүү идеяны түшүндүрүү керек. Элдин салттуу маданиятында биз азыр түшүнгөн маанидеги экология болгон эмес. Бирок ар бир улуттун же этностун жашоосунда жана ишмердүүлүгүндө өзүнүн уникалдуу жолу болгон. Жаратылыш жана аймак менен тыгыз байланышып, адам менен жаратылыштын мамилесин белгилүү экологиялык нормалар аркылуу жөнгө салып турган. Бул нормалар тарбия, каада-салт, элдик оозеки чыгармачылык, музыка, бий жана кол өнөрчүлүк аркылуу кийинки муундарга берилген. Курчап турган айлана-чөйрөнү коргоочу элдик экология ушинтип иштелип чыккан.*

*Салттуу элдик билимдерди үй-бүлөгө жеткирүү чынжыры ар түрдүү учурларда үзүлүп, үзгүлтүккө учурашы мүмкүн. Ошондуктан мугалимдердин, элдик акылмандардын, насаатчылардын милдети жаш муундарга бул билимдерди берүүдө жана үйрөтүүдө туулган жери менен байланышын бекемдөө аркылуу этникалык аң-сезимдерин жогорулатуу. Дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүн эриш-аркакта жана көркөм, туруктуу кылат жана плюрализмди сактоого жардам берет.*

# III



# ЭТНО-ЭКОЛОГИЯ БОЮНЧА МАКАЛАЛАР

Шүкүров Э. Ж.

# Маданияттагы жаратылыш жана маданияттын жаратылышы: салт, маданият, мамилелер жөнүндө

Адам баласынын заманбап тибинин тарыхы, дүйнө жүзүндө маданият феномени жаралгандан башталат. Алгачкы адам курал-жаракты колдонуп, эмгектенгенде жаралган эмес (ал айбандардын деле колунан келет), маданият феномендерин жаратып, керектей баштаганда пайда болгон. Бүгүнкү адамдардын тарыхы маданияттын өкүлү катары калыптанышынан башталат. Адам баласынын тарыхы – бул согуштардын, мамлекеттердин, техниканын жана башкалардын тарыхы эмес, маданияттын тарыхы. Маданиятсыз адам айбандан айырмасы жок. Маданият – адам баласынын уруулук белгиси. Адам баласы түпкү тегинен калган бир да инстинкти жоготкон жок. Адам баласынын биологиялык жан катарындагы өнүгүүсү токтоп, «маданияттуу адамдын» тарыхы эми башталды. Адам баласынын тарыхынын чыныгы маңызы – маданияттын таасири, күчү менен инстинктерди жакшыртуу, адамгерчиликтүү кылуу.

Бүтүндөй элдердин жоголуп кетиши – бирөөлөр кыргын салгандын кесепетинен эмес, маданиятынан айрылып же аны бурмалагандыгынан улам болду. Маданият – руханий, эстетикалык өндүрүштүн жана керектөөнүн феномени. Качан гана материалдык керектөөчүлүк үстөмдүк кылып, тиричиликтин негизги мааниси боло баштаганда, аргасыз түрдө, маданият, анын артынан – адам, коом, адамзат да деградация боло баштайт.

Билим менен маданиятты айырмалоо керек. Маданият – билимдин чектелишин жеңип чыгуу. Билим менен жете албаган, мүмкүндүк. Билимдин кереги жоктугунан эмес, ну-

кура маданияттын жоктугунан, билим жетишсиз, ал түгүл зыяндуу болушу мүмкүн.

Маданият менен технологияны айырмалоо керек. Байыркы таш доорунан баштап, азыркы убакка чейинки материалдык керектөө объектилерин өндүрүүгө тиешелүү бардык технологиялар, маданият болуп эсептелбейт, маданияттын тармагы – руханий (эстетикалык, этикалык) баалуулуктар, жан дүйнөнү чагылдырган чыгармаларды жаратуу жана пайдалануу (сезүү, өздөштүрүү, орундоо) болуп эсептелет.

Маданият – тарыхый тажрыйба, чыгармачылык, кесиптик жана таланттын эриш-аркактуулугу. Билим – маалымат тармагы. Маалымат – кайталанып туруучу катнаштар тармагы. Кайталанып туруучу катнаштар – дүйнөдө болгон катнаштардын арзыбаган бөлүгү. Билимдин түпкү маңызы анын чексиздиги. Маданияттын жаратканы индивидуалдуу, кемтиксиз, кайталангыс. Ал өзү эле кайталангыс дүйнөнүн кайталангыс бөлүгү болуп калат.

Элдин социалдык абалга өтүү убагында, инстинктердин негизинде башкаруу натыйжалуу эмес, коркунучтуу мүнөзгө ээ боло баштаганда, маданият адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салууда, уюштурууда эң күчтүү таасирин берди. Адамдардын түпкү теги табият чөйрөсүндө тиричилик өткөрүп, табигый тандоого кабылган кезде, инстинкттер иштелип чыгып, сыноодон өткөн. Социалдык тиричилик аны табияттан бөлүп, ажыратып алды. Тирүүлүктө калуу эми табияттын таасиринен көз каранды гана болбостон, жекече же топтордун жүрүм-турумун жөнгө салган социалдык механизмдердин тирүү калуу максатына дал келишине байланыштуу болуп калды. Бул механизмдер тирүү калган топтордо үрп-адат, табу түрүндө бекип калган. Кабыл алынган – кыйла үрп-адаттар жана табу кокустан болуп, адатта, алгачкы топтордун түшүнүгүндө болгон эмес, бирок аларды бузгандар катуу жазаланган – өлүмгө тартылып же өлүмгө барабар болгон сүргүнгө айдалган. Андыктан,

дал ушундай топтор гана тирүү калган. Социалдык жөнгө салуунун мазмуну өзгөрүп турган, адамдын түр катары аман калышын шарттаган. Айыгышкан тандоодон өтүп, тандалмалар сакталып калган.

Бул адамзат тукум курут болууга аз калган, эң катаал мезгил болгон. Жалпы элдин саны кескин кыскарып, популяциянын кайра жаралуусу мүмкүн эмес деңгээлге жакындаган. Табу жана жазмышты сөзсүз аткаруу санкциялары ийгиликтүү айкалышканда топтор жок болуп кетүү коркунучунан аман калышкан. Алардын жардамы менен топтун ичинде жана топ менен табияттын ортосундагы тең салмактуулукту туруктуу сактоо мүмкүнчүлүгү ачылды.

Алгачкы маданиятка сый мамиле кылуу керек. Ал дегеле примитивдүү эмес. Ал азыркы замандын накта маданиятындай эле кемтиксиз, анткени маданияттын бардык негизги критерийлерине толук жооп берүү менен адамзаттын аман калышын камсыз кылган.

**Биринчи сабак.** Табигый тандоонун көзөмөлүнөн кеткен адам баласынын тирүү калышы, эми аны мурастап алган жеке сапаттарына көз каранды болбой калды. Тандоонун жүрүшү алгачкы топтордун ичиндеги, топ менен табият чөйрөсүнүн ортосундагы катнаштарды жөнгө салууну камтыган, социалдык уюмдун деңгээлинде болуп калды.

**Экинчи сабак.** Социалдык жөнгө салгычтар маданият пайда болгондон бери улам кемтиксиз жана таасирдүү болуп, инстинкттерди адамгерчиликтүү кылуу мүмкүнчүлүгүн ачып, кыймыл-аракети накта айбан сымал эмес, аталган маданияттын алкагына жөндүү, турмушка ылайык ниеттерге жана аларга жетишүүнүн жол-жоболорун алып келди. Өзүң билгенди күчүң жетип, каалаганыңды эмес ырым-жырымдарда, каада-салттарда бекиген, бул элде, бул урууда мураска калып, кабыл алынган иш-аракеттер аткарыла баштады. Коомдук аң-сезимдин бул формалары

күчөтүлүп, жайылып, көркөмдөлүп, маданияттын ар түркүн формалары: мифтер, уламыштар, оозеки, музыкалык чыгармачылык, бий, көркөм-сүрөт искусствосу аркылуу ишке ашырылып, элдин керектөөсүнө айланды. Ырым-жырымдар, мистериялар (жашыруун үрп-адаттар), каада-салттар, табулар ж.б. пайда боло баштайт. Маданият жүрүм-турумду жөнгө салуунун эң күчтүү формасы болуп, адамзаттын тирүү калуусунун жолу болуп калат. Аман калган коомдордун бардыгынын маданиятында орун алган маанилүү жана алмашкыс шарты – табиятка кылдат, сый мамиле кылып, ага сыйынуу, табияттын кубулуштарына жана жандыктарына тең же өзүңөн да жогорураак кароо.

**Үчүнчү сабак.** Башынан эле, индивиддер менен топтордун жүрүм-турумдарын социалдык жактан ылайыктуу жөнгө салуунун даяр жолдору болушу мүмкүн эмес эле, болгон да эмес. Тирүү калууга мүмкүндүк берген, мазмуну табылгалуу жана айкалышкан жүрүм-турумду жөнгө салуу формалары, изденүүлөрдүн жана жаңылышуулардын натыйжасында келип чыккан. Жаңылыштардын баасы өтө эле жогору болгон. Чечимдерди таба албай, ийгиликтүү тажрыйбаны маданияты аркылуу жайылта албаган коомдор жок болуп кеткен. Адамзат тирүү калуунун көксөгөн формуласын тапкан алгачкы урууларга ыраазы болуусу керек.

**Төртүнчү сабак.** Тирүү калуу үчүн түрлөрдүн кайсынысы болбосун жашаган чөйрөсүнүн бүткүл касиет-өзгөчөлүк-төрүнө (табигый жана социалдык) таасирденип, аларды өздөштүрүүсү керек. Түрдүн уюшкандыгынын татаалдыгына жараша, чөйрөнүн ошончолук көп факторлорун эсепке алууга туура келет. Түрлөрдүн бири дагы, канчалык уюшкандыгы татаал болсо да, тирүү калуу үчүн айлана-чөйрөнүн эң негизги, маанилүү касиеттерин толугу менен чагылдыра албайт. Ошондуктан, илгери түзүлүшү жана функциялары таптакыр бөлөк биологиялык коомду түзгөн, түрлөрдүн

кызматташтыгында гана тиричилик кылуу мүмкүн болгон. Киши социалдык жандык болору менен, жандуу табияттан бөлүнүп чыгып, табигый экосистемалардын кайсы бирине да таандык болбой калды. Ал биологиялык түр катары канчалык кемтиксиз болсо да, тирүү калуу үчүн дүйнөнүн бардык мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырууга, билүүгө, ачып көрсөтүүгө, эсепке алууга кудурети жетпейт. Маданият аны бөлүп, табияттан ажыратып салды. Бирок ошону менен бирге маданият ага, башка тирүү жандыктарда болбогон, өзүнө окшогондор менен, табият менен аракеттенишүүнүн жана сезүүнүн жол-жоболорунун түркүмдөгөн түрлөрүн берди. Түрлөрдөн түркүмдүүлүгү функционалдык жактан тилдердин, этностордун, жашоо түрлөрү, маданияттардын ар түрдүүлүгү менен толукталат. Бир эле тилдүү, жападан-жалгыз маданияты бар этнос түрүндө адамзат жашай албайт, анткени ал дүйнөнүн фундаменталдык түркүмдүүлүгүн көрбөй калат. Тирүү калуу үчүн өтө маанилүү болгон болмуштун касиеттерине көңүл бурбай калган соң, ал тукум курут болот. Адамзат үчүн бул жөн эле жакырланып же түркүмдүүлүгүн жоготуу эмес. Адамзатты унификациялоо – аны сөзсүз жок кылуу. Ар түрдүү этностордун, тилдердин, маданияттардын жалпы аракеттенишүүсү гана адамзаттын адекваттуу жүрүм-турумун камсыз кылып, татаал дүйнөдө аман калуусуна кепилдик бере алат.

**Бешинчи сабак.** Билим, технология, техника жана илим бардык кудуретине карабастан, адамдар коомунун ичиндеги же коом менен табияттын ортосундагы туура катнаштарды курууга алсыз болот. Табияттан канчалык алыстаганы менен киши тирүү жандык бойдон калды, бирок ал тиричиликти, өзүнүн жашоосунун башкы шарттарын жарата албайт. Тиричилик, анын ыңгайлуу шарттары – миллиондогон тирүү жандыктардын түрлөрүнүн талыкпас кыймыл-аракетинин натыйжасы. Аларды эч кандай жасалма түзүлүштөр алмаштыра албайт. Биз жапайы

табият деп атаган татаал уюшкан биологиялык коомдордун жыйындысы – биосфераны жаратуунун өзү да тиричилик. Жапайы табият – жалпы тиричиликтин, ошону менен катар адамдардын тиричилигинин түбөлүк пайдубалы. Адам өзүн өзү шаарлар, бак-дарактар, талаалар, заводдор, мекемелер, жолдор, транспорт менен курчап алып, жасалма жол менен, жашоосуна керектүү жана жагымдуу шарттарды өз алдынча түзүп алууга кудурети жетет деген маңыроолук жаңылыштык жана өлүмгө тете болгон калп. Тирүү табиятты аёосуз бүлдүрүп, аны менен кошо адамдын жашоосунун негизин да бузуп жаткан, адамдын материалдык керектөөсүн кандырганга көп салым кошкон, технологиялардын жана техникалардын дүйнөсү – бул жансыз дүйнө. Техниканын чектелбеген үстөмдүгү, жапайы табияттын жана маданияттын адамзаттын өркүндөшү үчүн кажети жоктой, иллюзияны туудурат. Техникалар, финансылык спекуляциялардын жансыз дүйнөсүндөгү эбегейсиз финансылык жана материалдык агымдар менен табиятты коргоо, калыбына келтирүү жана табиятка өнөктөштүк, сый мамилени камтыган, анык жогорку маданиятты өнүктүрүү сферасына тамчыдай түшкөн каражаттарды салыштырсак жетиштүү.

**Алтынчы сабак.** Цивилизация жөн жерден маданияттын синоними, анын эң жогорку көрүнүшү деп эсептелбейт. Цивилизация чындыгында маданияттан жаралганы менен ага көр казган да ошол. Цивилизациянын маңызы – адамдын материалдык жана руханий жактан керектөөлөрүн улам толуктап канааттандыруу. Бирок алардын товарга айланышы, материалдык жана руханий ресурстардын обу жок ысырап кылынышы менен элдин чыныгы муктаждыктарына тиешеси жок, улам жаңы керектөөлөрдүн келип чыгышына алып барат. Муну эбак эле биринчи даочулар, конфуциандар, буддисттер иудейлер, христиандар, мусулмандар түшүнүшкөн.

Адамдын керектөөлөрүн (чыныгы жана жалган) алдыга коюп, аларды ийгиликтүү канааттандырууда табияттын таламын көмүскөдө калтыруу, табияттын маданияттагы өз алдынчалык маңызынын жоголуп кетишине алып келди. Ал жалаң гана адамга керектелүүчү объект, анын муктаждыктарын, каалоолорун кандыруунун булагы катары каралып калды. Бардык алгачкы цивилизациялар артынан чөл калтырып, жер менен жексен болду. Маданиятты табияттын гана эмес, катнашуулардын субъекти катары санаган адамдын өзүн да жоготкон, азыркы глобалдуу цивилизация ошол эле тарапты көздөй бара жатат. Табият да, адамдар да (топ, өлкө ж. б.), бөтөн адамдардын (топтун, өлкөнүн ж.б.) максатын ишке ашыруунун объектиси, ресурсу болуп калды. Субъект менен субъекттин катнаштарын, дээрлик толугу менен субъект менен объекттин катнаштары сүрүп чыкты. Азыркы замандагы массалык аң-сезимде материалдык муктаждыктар биринчи орунду ээлеп, руханий, маданий өнүгүү такыр эле керексиз, ал үчүн материалдык бейпилдиктен баш тартуу арзыбагандай көрүнөт. Массалык аң-сезим үчүн табияттын өз кызыкчылыгы жок болушу да мүмкүн эмес, башка тирүү жандыктарды өзү менен бир деңгээлге же жогоруураак коюу, жапайы адамдарда эле болот, цивилизациялуу адамдарда болбойт. Бул айрым адамдардын, топтордун, өлкөлөрдүн башкалардын эсебинен ийгиликке жетишине алып келет. Маданияттын жалпы деградациясы жана адамдар коомунун руханий үрөн-бутагынын жок болуп кетүүсү жүрүп жатат. «Гүлдөтүүнүн» цивилизациялык негиздери түбөлүк эмес, акыры бүлгүнгө алып барат. Жергиликтүү цивилизациялар жергиликтүү кыйроолорго учурап жатат. Эгерде глобалдык цивилизация, маданияттын табиятын калыбына келтирбесе жана бардык элдердин, тилдердин жана маданияттардын толук кандуу теңчилигин, толук кандуу катышуусун калыптандырбаса, бүткүл адамзаттын бүтүндөй жок болушуна алып келет.

# Шүкүров Э. Ж.
# Көчмөндүк.
# XXI кылымдагы дүйнө тааным

*Бул дүйнөдө баарыбыз жолоочубуз.*

*Бул дүйнөдө баарыбыз сапардабыз.*

*Бул дүйнөгө убактылуу келгенибизди баарыбыз билебиз.*

*Бул жагдайда баарыбыз тең бирдейбиз.*

*Эч кимге, эч качан өзгөчө шарт түзүлбөйт.*

*Конок каалаганыңа же күткөнүңө карабай келет.*

*Бул дүйнөдө баарыбыз коноктуз.*

*Биз арбынбыз, бирок бизден да башкалар көп.*

*Бакытка бөлөнгөн жашоо үчүн, керектүү нерселерди куржунга батырса болот.*

*Жандуу жаратылыш, татыктуу тиричилик кылууга мүмкүндүк бере алат.*

*Дүйнө жүзүндө өмүрдөн бийик эч нерсе жок.*

*Өмүр, махабат жана эркиндик – ажырагыс.*

*Адамдардын, элдер ортосундагы чек аралары бийликтин күчү менен орнотулган.*

*Алар бакытка алып келбейт.*

*Бак-дөөлөтүң канчалык көп болсо да, чеги бар.*

*Руханий дүйнө менен үстүбүздөгү асман гана түбөлүк чексиз.*

*Жакшылык кылуу, аба жуткандай эле табигый нерсе.*

*Ата-бабалардан калган үрп-адаттар – бул дүйнөдө тексиз, уруу-тукумсуз калбаганга мүмкүндүк берет.*

*Бизге өмүр бергендер, бул дүйнөдө өмүр сүргөнгө акыл-эс берген.*

*Бардыгы кетет. Биздин аман-эсен жашообузга жолтоо болгондор да, унутулуп жок болот.*

Жайлоо. Берекелүү жаратылыштын табигый сулуулугу менен көчмөндүктүн ээн-эркин турмушу, кыштын узакка созулган күндөрүнүн сыноосунан, жазгы катаал үзүмчүлүк маалдан өткөн соң, самаган белектей. Жай саратан, бийик тоолуу жайыттардагы көчмөндүн оор эмгегин майрамга айландырат. Анын урматына, далай эргүү ырлары менен обондору арналганы бекеринен эмес.

Жашоонун көчмөндүк түрү менен байланышкан мекенчилдик, атуулдук сезимдер Европалык түшүнүктөрдөн кескин түрдө айырмаланат. Европалыктар үчүн табиятка көз артуу, XIV кылымда Петрарка биринчилерден болуп, атайын жапайы ландшафттын келбетине суктануу максатында, саякат жасаган кезден башталган. Аны Европанын эң алгачкы туристи десе болот.

Бирок дүйнөдөгү анык алгачкы туристтер көчмөн элдер болгон. Туруктуулук менен ар качан сапар жолдо жүргөндөрүнөн эле эмес, жаратылыштын көркөмүн баалап, ыраактанганды билгени үчүн ошентип атаса болот. Алар түркүмдүүлүктүн көп түрлөрүн абдан жакшы айырмалашкан. Канаттуулардын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жүздөгөн аталыштары муундан-муунга оозеки салт түрүндө берилген.

Тоо-талаалар, көл-суулар суктануу менен көркөмдөлүп, ошону менен бирге так мүнөздөлүшү, элдин эпикалык мурасынын бөлүнбөс мазмунун түзөт.

Ушунун бардыгы Петраркага чейин жүздөгөн жылдар мурун, миң жылдыгы жакында белгиленген, кыргыз энциклопедиясы – «Манас» эпосунда, башка эпикалык чыгармаларда, элдик фольклордо чогултулуп, сакталып келген. Бул эпикалык мурас байлыкты Улуу Жибек жолунун борбордук бөлүгүн сүрөттөгөн алгачкы поэтикалык жол көрсөткүч деп эсептесе болот.

Жаратылыш чөйрөсү менен тынымсыз, жандуу байланышысыз көчмөндү элестетүү мүмкүн эмес. Ага болгон кылдат мамиле кылымдар бою калыптанып келген.

Көчүүнүн же жайыт алмашуунун эрежелери кыйшаюусуз аткарылып, жайыттардын эрте же тынымсыз пайдалануудан бузулушуна жол берилген эмес. Элдик даанышмандар жаратылыштын көрүнүштөрүн, айбандардын жүрүш-турушун, өсүмдүктөрдүн абалын же кандайдыр бир белгилерин баамдоо менен алдын ала айтып турушкан.

Кыраакылык – жаратылыш менен эриш-аркак аракеттешүүнүн маанилүү жагы.

Дүйнөнүн тарыхындагы кыраакылыктын кайталанбас зор күчү «Кожожаш» эпосунда так көрсөтүлгөн. Дасыккан мергенчи күч-кубатына таянып, Сур эчкинин өтүнүчүн кабыл албай, так тукумун кырып салып, өзү да ажал табат. Эпос бүгүнкү күнгө ушунчалык жооп бергендиктен, азыр эле «жашылдардын» колуна кармата салса болот. Бул окуя кыргыз драматургу Мар Байжиевдин биздин күндөрдө сахнада ийгиликтүү коюлуп жаткан пьесасынын өзөктүк сюжети болгону бекеринен эмес.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын таасирдүү күчү жана жакындыгы, дээрлик эл акылына, жандуу жаратылыштын алкагынан чыкпаган, көчмөндөрдүн түшүнүгүнө, көз карашына таянгандыгында.

Күч-кубатына таянган, заманбап адам өзү кыйратууга учураткан жаратылышка кылчайып да карап койбойт. Бирок жаза кайтпайт. Көчмөндөрдүн тажрыйбасы муну ачык-айкын көргөзгөн. Азыркы дүйнө жүзүндө үстөмдүк кылып турган, Батыш цивилизациясынын уюткусу болгон, отурукташкан дыйкандардын тажрыйбасы, бүлүнүүгө учураган табияттан чыккан сигналдарга кайдыгер. Эгерде көчмөндөрдү токой душманы десе, отурукташкан дыйкан, иш жүзүндө, бүткүл жапайы жаратылыштын душманы. Канткенде да жаратылыш – биздин бул дүйнөдө жан сактообуздун жападан-жалгыз кепилдиги.

Айтылган кепте батыш цивилизациясын жөнү жок эле, далилсиз айыптоо эмес. Анын жетишкендиктерин бардыгы билип тааныйт. Бул жерде универсализмдин өзүмчүл-

дүгүнөн абайлоону эскертип, рынок мамилелеринин кууш сферасында жүрүп жаткан аракеттерди гана тейлеген, ошондо да бүгүнкү бурмаланган формада, дүйнөнүн чыныгы баалуулуктарына кайдыгер мамиле кылган, кеңири жайылган дүйнө таанымынын артыкчылыгына күмөн саноо болуп жатат. Ошол баалуулуктар, бизди руханий жана экологиялык кризистин сормо сазынан, такыр чөгүп көмүлө электе сууруп чыгат.

Дүйнө такыр эле бир ченемдүү эмес. Каалаcак-каалабасак дагы анын ичинде көптөгөн ченемдүүлүктөр менен көрүнүштөр бар. Биз аларга маалы келгенче эле, көңүл бурбай келебиз. Алар жоголбойт. Аларды тоготпогонубуз, кыймыл-аракетибиздин реалдуулукка дал келбөөсүнүн күчөшүнө алып келет. Акыры келип, катастрофаларга айланчу кризистер болушу мүмкүн (балким, азыр болуп жаткандыр).

Бул дүйнөдө биз көпчүлүкпүз. Бирок бизден да бөлөктөр бар. Дүйнөнүн көп түрдүүлүгүнө дүйнө таанымынын көп түрдүүлүгүн – ар башка маданияттардын тажрыйба байлыгын ылайыктайбыз, акыры бардыгы чогулуп, туура жолду тандоодо жетишээрлик негиз алабыз.

Максатка ылайыктуулук, рационалдуу эстүүлүктөн сырткары эстетикалык жана этикалык императив – чыныгы адамдын инстинкти, чыныгы маданияттуу адамдын инстинкти бар. Анын жаман жорукка барбаганы, жазадан корккону нан эмес, инсандыгы бузулуп, өзүнүн дүйнө тааным системасын жоготуп салуу коркунучунан аттай албаганында. Жол тандоодогу мындай багыт, рационалдуулуктуктун морт алкагына караганда, туруктуу жолдомо болуп эсептелет.

Жаратылыш, жапайы жаратылыш, табигый топтор – бул Жараткандын адамзат менен сүйлөшкөн тили. Көчмөндөр ал тилди билген, аны билип угууга мажбур болгон. Мейли анын түшүнүгү толук болбогону менен, адамдардын мыйзамдарынан алда канча күчтүү жаратылыш мыйзамдарынын таасирин, аны менен күнүмдүк катышуудан түшүнүүгө мүмкүндүк алган.

Ар бир тирүү жандыктын жаратылыштын көз ирмемге да токтобогон, Жаратkандын эң кымбат белеги болгон, тиричиликти кайрадан жандандырууга багышталган максаты бар. Ар бир организм, ар бир түр бир тексттеги сөздөрдөй бири менен байланышкан. Кай бирөөнү алып таштасаңар же алмаштырсаңар, таптакыр мааниси бузулат!

Бул көз караш менен караганда, аталган «өнүктүрүлгөн жерлер» тиричиликтин маңызына шарт келбеген, бири-бирине байланышпаган сөз – организмдердин жана түрлөрдүн тизмеги. Заманбап экологиялык илим далилдегендей, «өнүктүрүлгөн жерлер» канчалык багылып-каралган болсо да, табигый тең салмактуулукту кармап турууга күчү жетпейт, тескерисинче, планетабыздагы экологиялык туруксуздуктун очогу болуп калууда. Алардын мүмкүн болуусу, күндөн-күнгө кичирейип бараткан жапайы жаратылыштын эсебинен гана болуп жатат.

Байкасаңар, планетадагы түрлөрдүн бардыгынан адам өзүнүн тегерегине өзүнө гана жаккан сөздөрдү топтогон. Ошол эле мезгилде, жаратылыштын улуу китебинин барактары айрылып, жексен болуп жатат. Алардын ордунда, мазмундуу текст түзүүгө жараксыз, байланышсыз сөздөрдүн түрлөрү пайда болууда. Адамдын колдоосу болбосо, башаламан чогулган түрлөрдөн жашоого жөндөмдүү коомчулугу түзүлө албайт эле.

Адамдардын кудайга кулагын төшөгөнгө чолоосу тийбейт. Тиричилик кадимки адаттагыдай, кайта өндүрүү жөндөмдүүлүгүн жоготот. Мына, Вавилондогу кымкгуут тууралуу жомоктун кайрадан дагы бир айтылышы. Табигый коомчулуктардын жана түрлөрдүн кыйратылышы, аралашуусу, адамдын тилдеринин аралашуусундай эле же андан да оор кесепеттүү окуя!

Мына жаратылышка үстөмдүк кылып, аны кайрадан оңдоп жасап маскаралоо жоругу – көчмөндүн аң-сезимине, көчмөндүн жаратылыш менен өз ара мамилесине туура келбеген жорук ошентип аяктайт.

Жайлоо. Көчмөн тиричилигинин көп маанилүү символу. Акыры чыдамкайлыктын, талыкпаган эмгектин символу. Кылым карыткан үрп-адаттардын жана тиричиликке керектүүнүн бардыгын өндүрүү чеберчилигинин символу. Катаал кадыресе күндөрдөгү чектөөлөрдүн, майрамдык күндөрдүн күүлөнгөн шаттыгынын символу. Кайраттуулуктун, марттыктын символу, өз ара колдоочулуктун, меймандостуктун символу. Тиричилик аракетинин туруктуулугунун символу. Ата-бабаларыбызда эзелтен бар болгондор түбөлүктө боло берет.

Эчен чыйыр жолдордо жүрүп, кар баскан белдерди ашып, малын сактап, айдап, майлуу сүттүү кең жайыттардын шатыра-шатман берекесин көрүү үчүн кыштын кыраан суугуна, жутчулукка, аргасыздан жокчулукка дуушар болуп, канчалык узак күндөргө чыдап өтүү керек эле. Бул өйдө-ылдыйлар, басып-туруп жыгылыштар каатчылык мезгилдерге чыдаганга көндүрдү. Бул көчүүлөр эң керектүү гана оокат-буюмдарды пайдаланууга көндүрдү. Кыргызда: «Кедей болсоң көчүп көр» дешет. Эгер кереги жок ыпыр-сыпырыңдын канча экенин билгиң келсе…

Өркүндөө – экстремалдуу кырдаалдардын жемиши. Ка-наттуу учууга жаралган, эч бир алымча-кошумчасы жок, кынтыксыз жандык жана ал үчүн эптеп-септеп жасалган канаттар жарабайт. Көчмөндүн канаты – жер мейкиндигинде жеңил жүрүп, оор жүк болуп, күч келтирбеген эмерек-буюмдары. Ээсине кызмат кылган буюмдар. Кылымдар бою кынапталган, алардын баары өзгөчө сонун. Боз үйдүн аркадай болгон түзүлүшү соборлордун, мечиттердин куполдорунан алда качан мурун келип чыккан. Ат жабдуулары, кийим, бут кийимдер, музыкалык аспаптар жана зергердик жасалгалар өзүнө жүктөлгөн милдетин гана аткарбастан, ошону менен бирге искусствонун чыгармалары болгон. Биздин күндөрдө алардын коллекциялык буюмдарга айланганы бекеринен эмес.

Бирок эң негизгиси, көчмөндөрдүн табигый материалдардан жасаган буюмдары, иштетүү процессинде да, узак

мөөнөткө колдонууда да жаратылышты булгаган эмес. Жаратылышка оор залакасын тийгизген бир жолу керектөөчү идиштер, дегеле бир жолу керектөөчү буюмдардын келип чыгышы, көзүн май баскан отурукташкан адамдын кежирлигинин натыйжасы. Чынында эле, эч кимге пайдасы жок буюмдарды чыгаруудан чыккан тоодой таштандылардын, планетанын денесиндеги рак оорусунун шишигиндей таркашы, көчмөндөрдүн дүйнө таанымына такыр сыйышпайт.

Айтылгандарды, цивилизациянын жетишкендиктерин четке кагып, кайрадан артты көздөй бурулууга чакырык деп түшүнсөк туура эмес болуп калат. Бирок андай чакырыктардын кээде айтылып жатканын жашырбаса деле болот. Нукура кыргызга жылкысы менен боз үйүн, бешбармагы менен комузун кошуп берсе эле болот, калганынын бардыгы ага жат нерселер. Айталы, живопись, балет жана классикалык музыка, батыштан келген ар кандай маданияттар.

Иштин жагдайы, адамзатка руханий жана маданий биригүүдөн баш тартуу жапайылануунu билдирет. Бирок башка жактан алганда, бөтөн стандарттарды ойлонбой кабыл алып, өз руханий тамырларын унутканга шашылган туура эмес. Убакыттын узак аралыгында көчмөн маданиятынын дүйнөлүк цивилизациясына киргизген салымы көмүскөдө калып, азыркы мезгилде дагы татыктуу бааланган жок. Айтор, ал азыркы кырдаалга абдан үндөш болгону, дүйнөлүк коомчулукту белгисиз багытты көздөй түрткөн, индивиддин же чакан топтун (өлкөнүн) жеке кууш таламдарын көздөгөн үстөмдүк көрсөтмөлөрү, адамдар менен жаратылыштын ортосундагы гана эмес, адамдардын өз ара байланыштарын бузуп жатканында.

Көчмөндүк тиричилик  бир жагынан алганда, өтө эле катуу чектөөлөрдү коёт. Чакан элдин көлөмү жагынан эбегейсиз эпикалык, фольклордук мурасы таң каларлык. Бирок ал баары бир жазмачылык салттардын ордун ээлей албайт. Божомолдор айткандай, бул зор эпос эл тарабынан – мамлекеттик эгемендүүлүктөн ажыраган, кыргыздар Манжу-

риядан Алтайга чейин чачырап, катаал жылдарда жоголуп кеткен, мурда жазма түрүндө болгон окуяларды оозеки түрүндө сактап калууга болуп көрбөгөндөй аракети.

Ким билет, эгерде кыргыздарда көчмөндүүлүк менен бирге монгол дацан-монастырлары сыяктуу, руханий жана маданият борборлору болгондо, руханий жана маданий мурасы, жазма маданияты бир кыйла байыраак болор беле…

Бирок тарых ыңгайлуу шарттарды тандабайт.

Улуу талаалар чабуулдар менен согуштарды да, элдердин улуу боордоштугун да көргөн. Үйүнөн жеңил-желпи чыккан жолоочу, ар бир боз үйдөн мейман болуп жүрүп, талаанын баш аягына чейин басып өтчү. Барган жеринен коноктор түнөк таап, камкордукка бөлөнүп, тамак-ашка тоюнушкан. Үйдүн ээси конокко көңүлүнө жаккан буюмун, ал буюм өзүнө керек болуп турса да тартуулаган.

Көчмөндүн канындагы конок культу, бул бирин бири колдоо салтын сактоо. Колунда бары болгон, жогу болгон, бирок тагдыры кыйылган жетимдер, карылар, жесирлер болгон эмес.

Патриархалдык теңдикти кээде көчмөндүк демократия деген ат коюп, азыркы заманга жакындатуу аракеттери бар. Кээ бир окшоштуктары болгону менен алардын табияттары бөлөк. Жалгыз көчкөн – кырсык кармайт. Илгертен калыптанган кыргыз коомунун айылдык системасына ылайык чарбалык, көбүнчөсү туугандык байланышта болгон адамдардын тобунун көчүп жүрүшү, көчмөн тиричилигине төп келген. Айылда бир топ жагынан алганда, керектүү иш-аракеттердин бардыгы бөлүштүрүлгөн, экономикалык жана социалдык жактан жетилген коомдук табигый бирдик болгон.

Кызыктуусу, совет мезгилиндеги отурукташуу менен колхоздук түзүлүшкө өтүү, айылдык структуранын кайрадан жаралуусуна алып келди. Айыл-кыштактардын айыл деп аталып келгени бекеринен эмес. Ошентип, жайыттуу мал чарбачылыгы ийгиликтүү улана берип, калктын бир

бөлүгүнө көчмөндүк жашоо мүнөзү кайтарылды. Колхоздор менен совхоздорду ирилештирүү айылдык түзүлүшкө катуу сокку урду.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы малды ойлонбой менчиктештирип, колго таратып жиберүү айылдык мамилелерди ого бетер бошоңдотту. Малдын көбүнүн союлуп сатылып, элдин чабандыкка чейин төмөндөп артка кеткени, таң каларлык эмес. Майда-барат мал ээлери эл жашаган жерлердин тегерегиндеги чөп-чарды тебелеп тепсеп жоготту, ошол эле мезгилде алыскы жайыттар, атактуу жайлоолор кол жеткис болуп калды.

Отурукташкан кошуна калктардай аялдарды күң караткан көчмөн үчүн көп жакшылык алып келбейт. Аялзатынын башка улуттарга караганда салыштырмалуу эркин болгону, кай бирлерине атактуу инсандарга чейин өсүп, эл тарыхында көрүнүктүү из калтырганга мүмкүнчүлүк берген. Бул эпосто дагы чагылдырылган. Манастын жубайы Каныкей, аны жоктотпой элин башкарган. Атактуу Алай канышасы Курманжан датка катаал мезгилде элдин таламын жактаган, акылман башчы катары даңкы чыккан.

Эркиндик жана теңдик салты, кол салгандарга тарттырып жибербей, сактап калуучу баалангыс мурас. Цивилизациялык коомго, бийликтин эң жогорку деңгээлинде жарыяланып, калктын калың катмары колдоп, курулган укуктук мамлекетке жат, эң эле уят көрүнүш катары кыз ала качмай салты кала берет.

Тукумун уланткан, очок ээси, жаңы муунга алгачкы насаат айткан, аял-эне көчмөн үчүн замандаштарындай жакшы тааныган жети атасындай ыйык.

Адам атадан берки санжырасын тизе алган, байыркы элдердей эле көчмөндөр үчүн тарых жандуу. Чексиз талаа мейкиндигинде, көлдөй көп элдин арасында ата-бабалардын элеси, арбактардын үнсүз колдоосу бириктирген адамдарга күйүп турган шам болгон. Улууларды даанышмандыгы үчүн гана эмес, тирүүлөр жана өлгөндөр менен

жылдар бою байланышуу тажрыйбасы үчүн кадырлашкан. Алар туруктуу тартиптин, калыстыктын, жашоо жол-жоболорунун, жакшылыктын пайдубалы болгон.

Коомдун өркүндөөсү топтогон байлыгы менен эмес, ал коомдо алсыз, өзүн өзү коргой албаган, байкуштар менен мунжулар, кембагалдар менен жесирлер, карылар менен оорулуулардын жашоо шарттарына жараша аныкталат. Көчмөн элдер аларды эч качан жалгыз, мүшкүлдө калтырган эмес. Азыр деле элдин салтында жетимдерди же карыларды баш калкалатуу салты бар. Бирок береке менен бирге көпчүлүккө таш боордук келди. Негедир бардыгы жайында эмес. Кеп мансаптын жоктугунда эмес, илгерки көчмөндүк салттарды унуткарып, руханий жакырдангандыгында.

Дагы бир коркунучтуу нерсе болуп жатат. Тууганчылык, айылдаштык, жердешчилик жалпы элдин биримдигине коркунуч туудурууда. Алар трайбализмге, жердешчиликке, протекционизмге айланды. Өткөн убактарда мансап менен бийлик талашкандардын айынан, элдер өзүн өзү кырганга чейин барган. Ошондой элде ыйык сезимдерди эзүүгө каршы калканыч пайда болуусу керек эле. Эгерде ал аракеттер алсыздар менен кордолгондорду колдоого жана абалдарын жакшыртууга багытталса, алар алдаган жок. Эгер алар кууш кызыкчылыктарды көздөп спекуляцияга барышса, урууң менен эмес, эл менен бол.

Үрп-адаттардын бузулушунун себебин, сырттан тийген таасирге шылтаган жеңил. Бирок ар бир эл өз кылган ишине бойго жеткен адам сымал жоопкерчиликтүү. Ошондуктан ал өз тагдырын өзү чечүү үчүн, өз күчүнө таяна алат жана таянууга тийиш. Сырттан келген жардам өз аракетиңдин ордун ээлей электе пайдалуу. Бешбармак даярдаганга жардам берсе болот. Бирок бешбармакты ар бири өзү жеп, сиңиргени абзел. Сыйкырдуу бешбармакты курулай күтүп отурганга жардам бере албайсың.

Эл эмне кылсын? Эл жөн эле күтүп отурбай, бейпилдикке карай өзгөрүүлөргө өзү жетишет. Кандай гана каатчылык-

тар башынан өткөн жок. Бирок бир ордундан жылбай калуу, өлүмгө барабар экенин көчмөн так билет. Биз өз жолубузду тандообуз керек. Аракеттерди токтотпоо зарыл. Ата-бабалардын жолунан тайбай, токтобошубуз керек. Болбосо берекелүү, бейпил жайлоого эч качан жете албайбыз.

## Шүкүров Э. Ж.
## Этностук маданият жаратылыш менен эриш-аркак мамиленин негизи катарында

Ар бир маданияттуу адам, кандай элге таандык болбосун чоочун үйгө киргенде, ал үйдө орнотулган тартипке баш иет. Балким, мындай жүрүш-туруш, жаратылыш үйүнө келген адам баласынын өз бейпилдигин сактоо үчүн, бул үйдүн жашоочуларына кесепети тийген аракеттерге жол бербей, андагы тартипти урматтоого милдеттүү экенин түшүнгөндүгү, тээ илгерки убактардагы окуялардын жаңырыгыдыр.

Байыркы адам түшүнүгү, бул үйдөн уруксатын сурап, ыраазылыгын көрсөтүп, өзүңө эң керектүүсүн гана алууга мүмкүн болгон. Жаныбар менен өсүмдүктөр гана эмес, табияттын кубулуштары, тоо-таш менен жер-суулары, асман жылдыздары – бардыгы жандуу нерселер болгон. Адам баласы аларга кебин айтып, өзүн аларга теңеп, аларды өзүнө теңеген.

Мындай дүйнө сезими, өзгөчө отуруктуу турмуш-тиричиликке өтпөгөн, табият менен үзгүлтүксүз байланышта болгон этносторго мүнөздүү. Байыркы цивилизациялардын борборлору, отуруктанган дыйканчылык борборлоруна туура келгени кокусунан эмес. Көчмөн элдерден айырмаланып, дыйкандар Жаратылыш үйүнө кирип алганы аз келгенсип, бир эле убакта аны «өз үйүнө», «өз жерине» айландырганы, кыйла даражада жаратылыш үйүн кыйратууга учураткан. Кыйратуулар өз территориясы менен гана чектелбестен, чек арасынан алыс жакка да тараган.

Дүйнөдөгү эң ири чөл Сахара, улуу Жер Ортолук деңизи цивилизациялардын: Финикия, Египет, Рим, Карфагендердин кеме куруугa, курулуштарга керектүү жыгачка муктаждыгынын натыйжасы. Жыгач издөө экспедициялары токой өскөн, адам жете алар бардык жерге жөнөтүлгөн. Токойлору кыйылгандан кийин Түндүк Африканын батыш жээктеринде, Атлантикалык океандын нымына каныккан аба массаларынан жаан-чачындарды стимулдоого, токойсуз, дарманы жок тасырайган жээктер калган. Чөл континенттин терең ичин көздөй бат тарай баштаган. Сахара – адамдын, тагыраак айтканда, баштапкы цивилизациялардын кесепетинен жаралган. Сахаранын ортосундагы, Тассилдеги аска бетиндеги сүрөттөр күбө болгондой, бул жерде саванна, дарыя, көлдөрдө страустар, пилдер, бегемоттор, крокодилдер жашаган бай, ар түрдүү түрлөр өмүр сүрүп турган. Азыр суудан да, жандыктан да дайын жок.

Бул бүлгүндүн бардыгы кургак жерлердин бир азын гана ээлеген бир нече байыркы цивилизациялардын колунан келди. Буга салыштыргыс зор күч бар, планетаны басып алган, заманбап глобалдык цивилизация үстөмдүк кылып жаткан кезде, планетанын биотүрдүүлүгүнүн абалы кандай болору жөнүндө ойлонуу абзел.

Макул болбогондор, заманбап цивилизация байыркыларга караганда бир кыйла өнүккөн, илгеркилердин түшүнө кирип көрбөгөн илимий жетишкендиктер, техникалык мүмкүнчүлүктөр менен куралданган деп айтуусу мүмкүн.

Байыркы цивилизацияларга канчалык кызыгуу, кадырлоо болсо да, аларга текебердүүлүк менен карайбыз. Алар да «варварларга», цивилизациядан четте калган элдерге дал ушундай текебер карашкан. Кыязы, «жапайыларга» болгон мамилебиз боюнча биз алардан айырмаланбайбыз.

Андан артык, заманбап дүйнөдө цивилизациянын деңгээли «жыргалчылыкка» батуу деңгээли менен аныкталат. Өнүккөн өлкөлөрдүн, алтын миллиардер өлкөлөрүнүн өкүлдөрү, «чала өнүккөндөргө» текебердүү карайт. Өз ке-

зегинде, тигилер аларга көз артып, «оокаттуулуктун бейишине» баргысы келет. Биринчилердин текебердүүлүгү да, экинчилердин көз артканы да жакшылыкка алып келбейт. Анткени эң башкысы, көзгө илбөөгө да, көз артууга да жалпысынан караганда, негиз жок. Тигил же бул жол белгисиздикке, туюкка алып барат, байыркы цивилизациялар жексен болуп, тарыхтын түпкүрүндө калды.

Заманбап цивилизациянын тиричилик принциби байыркылардын тиричилик принцибинен айырмасы анча эмес. Анын маңызы, бузулган жаратылыш үйүнүн үстүнө, өзүнүн үйүн курууга аркет кылуу. Ким эмне дебесин, ааламдык цивилизациянын дүйнөсүнүн кадимкидей жана тайбаган кыймыл-аракети ушул багытта жүрөт. Болгон айырмачылыгы, байыркы цивилизациялардын жок болушу, планетанын салыштырмалуу чакан жерине, айрым өлкөлөргө экологиялык, экономикалык жана маданий кыйроо алып келген. Адамзаттын тарыхы башка территорияларда, башка өлкөлөрдө улана берген, ал эми жаратылыш үйүнүн азыркы мезгилдеги планета масштабындагы ураганы адамзат тарыхынын улануусуна жер калтырбайт.

Бардык заманбап формалары кошулуп, цивилизациялардын орчундуу мүчүлүшү, «жапайыларга» дагы, «жапайы жаратылышка» да карата жайылган текебердүүлүгү. Жапайылардан эч нерсеге үйрөнүүгө болбойт, аларды аёо керек жана цивилизацияга тартуу керек. Жапайы жаратылыштын адамдын муктаждыгынан сырткары болууга эч кандай негизи жок, аны маданий жайларга айландыруу керек. Заманбап цивилизацияда үстөмдүк кылган ишеним мына ушундай.

Жаратылыш үйү биз үчүн чоочун болуп, «акылы кем жапайыларга» таандык болгон адептүүлүктөн өзүбүздү бошоттук.

Жаратылыштын бактысы – зор запасынын бардыгында. Адамдын бактысыздыгы, жаратылыштан алган «жеңиштери» өзүнүн кыйроосуна сөзсүз алып келет. Цивилизациянын арамдык азгырыгы, чектөөлөрдөн баш тартуу, көп жагынан

маданиятты төгүндөө, маданиятка карама-каршы болсо да, аны маданият деп эсептөө.

Ар түрдүүлүктө жана өз ара аракеттенүүдө, өз ара көз карандылыкта биримдүүлүк, туруктуулук менен жакшылоо, жашоо чөйрөсүн кайрадан өзгөртүү жана басынтпай, өз ара ылайыкташтыруу – бул жашоо-тиричиликтин маанилүү касиеттери, аныктоочу белгилери.

Адам – миллиондогон биологиялык түрлөрдүн бири. Адамзат аман калуу аракетинде, дүйнө менен өз ара катышы, көз карашы өз алдынча болгон, өз тили жана өз маданияты бар, этносторго бөлүнүүгө мажбур болгон. Тил жана маданият – жаратылыш дүйнөсүн жана адамдар дүйнөсүн таануу жолу. Тиричилик сферасын жаратууда жөнөкөй зат алмашуудан бийик турган, эң татаал топторго биргелешкен, тирүү жандыктардай эле этносторго бириккен адамдар дагы, түзүлүштүк катнашы менен адамзатка бириккен этностор дагы, потенциалы боюнча тиричилик сферасына теңтайлаш маданиятты, рухий сферасын жаратууда жөнөкөй маалымат алмашуудан, материалдык байлыктан бийик турган.

Биомаданий ар түрдүүлүк – бул белгилүү бир этноско тиешелүү, биологиялык курчоосунун, биологиялык айлана-чөйрөсүнүн жана маданиятынын биримдиги. Так ошол этностун өзүнө таандык маданияты болуш керек. Эгерде цивилизация заманбап жана глобалдуу болсо, көпчүлүк убакта жашоонун табигый чөйрөсүн туура чагылдырууга жана аны менен адекваттуу аракеттешүүгө жооптуу, этникалык тилдер менен маданиятты четке кагып турат. Жаратылыш шарттары эң эле түркүн болгондуктан, аны менен арекеттешүү (чарба жүргүзүү) жолдору, бир жерге жарактуу болсо, экинчи жерге жараксыз. Маданиятты унификациялоо акыры биологиялык структуралардын ар түрдүүлүгүнүн жок болуусуна алып келет, ал эми мамлекет экономика менен саясаттын аракети менен өз көмөчүнө күл тартат. Ошондуктан менин оюмча, мамлекет, экономи-

ка, саясат, аларга кошулуп илим менен техника жаратылыш менен туура аракеттешүүгө таяныч боло албайт. Жалгыз эле адекваттуу жолу бул этникалык жана табигый айкалышууларга бай болгон, дүйнөдөгү бардык этностордун улуттук маданияттарын заманбап формаларын кайрадан жаратуу.

Этностордун кайталангыстыгы, алардын өздөрү калыптанган табигый курчоосунун айырмачылыгын жана өзгөчөлүгүн, кайталангыстыгын чагылдырып, кай бир маанide, анын бир бөлүгү болуп калат. Ар бир калыптанган этностун жашоо мүнөзү өлкөнүн ар түркүндүүлүгү менен айкалышкан. Жергиликтүү биомаданий ар түрдүүлүк, өз кезегинде, жандуу адаптивдүү система катары белгилүү жол менен этноско ылайыкташып алган. Эки жактан тең адаптация процесси жүрүп турган. Биомаданий ар түрдүүлүктүн мазмунун жана этникалык өзгөчөлүктүн негизин түзгөн, этникалык коомдо калыптанган каада-салттар жана үрп-адаттар, муундан муунга өткөн салттуу жол-жоболор жана ыкмалар, тиричилик тартиби, маданий өсүмдүктөрдүн жергиликтүү сорттору жана үй жаныбарларынын түрлөрү, бардыгы конкреттүү жаратылыш чөйрөсү менен болгон үзгүлтүксүз үзүлбөс жана терең, байланыштардан келип чыккан. Аймактын жаратылышы этностун мекени болуп калган, анткени ал аны жаратып, бутуна тургузуп, тиричилигин камсыз кылган.

Этностун туулуп өскөн жаратылышы менен болгон түпкү, руханий өз ара байланыштарынан ажырашы сөзсүз маргиналдашууга алып келген жана алып келет. Жайылтылган пикирге карабастан, бул чоң жана кичи этносторго тең абалда тиешелүү. Чоң этносторго бул көбүнчө жайгашуу зоналарынын кеңейүүсү менен же жагдайы бир кыйла бөлөк табигый аймактарга көчүүсү менен байланышкан. Чоң этностордун таасирине түшкөн кичи этностор үчүн, бул салттуу тиричилик тартибин жоготууга же тигил же бул ченемде этникалык маданиятынан алыстап, андан ажырашына байланышкан.

Маданияттын коом менен жаратылыштын өз ара мамилесин жөндөө функциясын жоготуусу жана бул функциялардын илим, экономика жана саясатка өтүүсү, коомду курчаган өз жаратылышына катастрофалык түрдө келишпей калганына өбөлгө түзөт.

Коом менен жаратылыштын өз ара мамилесинин эриш-аркактуулугу биомаданий ар түрдүүлүктү кайра жаратуунун негизинде гана мүмкүн болот. Бул кайра жаралуу биздин жалпы Мекенибиз – жер биосферасына сый мамилебизди ордуна келтирүү үчүн, жалпы адамзаттын стратегиясын иштеп чыгууга багышталып, бөлүнгөндүк менен улутчулдуктун, патриархалдык тартипке кайра кайтуу жолунда эмес, кылымдардан бери жаратылыш менен эриш-аркакта жан сактатып келген, планетадагы бардык этностордун салттык тажрыйбасын кадырлоо жолунда, этникалык маданияттардын конструктивдик диалогунун жолунда бардыгыбыздын жалпы жыргалчылыгыбыз үчүн болот.

# Ботоканова Г. Т.
# Кыргыздардын экологиялык салттуу билимдери

Кыргыздардын салттык билиминде табият таануу билими чоң орунду ээлейт. Табият түшүнүгү, жаратылышка болгон мамилеси өзгөчө терең мааниге ээ. Жаратылыш кыргыз көчмөндөрү үчүн тиричилик керектөөлөрүн, жашоо шартын гана камсыз кылбастан, руханий, социалдык, маданий байланыштарынын калыптануусунун жана өнүгүшүнүн булагы болгон. Жаратылышка сыйынуу сезими элдин салттык аң-сезиминде борбордук орунду ээлейт. Табиятты бир бүтүн система катары, аны тирүү, руху бар жан сыяктуу кабыл алуу салттык дүйнө таануу көз карашынын негизги өзгөчөлүгүнө кирет. «Кыргыз маданиятынын башаттары жана өнүгүү тенденциялары» китебинин авторлору эң туура баамдагандай: «Кыргыз көчмөнүнүн салттык аң-сезиминде адам табиятка карама-каршы коюлган эмес. Адам эч качан табияттан сырткары каралган эмес. Ошондуктан, көчмөндүн турмуш тиричилигин айлана-чөйрөдөн бөлүп кароого мүмкүн эмес...»

*Урманбетова Ж.К., Абдрасулов С.М.* Истоки и тенденции развития кыргызской культуры. – Бишкек: Илим, 2009. – С. 34–35.

Кыргыз көчмөн турмушунда салттуу билим жана тажрыйба катуу тутулган. Турмуш тиричилигинде жана чарбасында адам табиятка залал тийгизбегенге умтулгандыгы элдик оозеки чыгармаларында адамдын жаратылышка болгон мамилеси айкын чагылдырылган. Анда жаратылыш адамга таандык болбостон, адам жаратылыштын тубаса бир бөлүгү болгон. Көчмөндөр ойлорунда да, кебинде да, жасаган аракетинде да өмүрдүн бир гана булагына – табиятка кайрылышкан. «Табиятка көз карандылыгы, табияттын кээ кубулуштарына сыйынуу – ал убакта жашаган кыргыздардын

ишенимин мүнөздөйт. Табиятка сыйынуу сезими көп учурда анын кубулуштарын руханий жактан жандандыруунун/сезимдештирүүнүн негизинде калыптанган.

Жаратылыш – кудуреттүү күч, аны ыйык тутуп, ага толугу менен баш ийип, аны менен бирге залал тийгизбестен жашоо зарыл. Тирүү, сезимдүү жан, ыйык/касиеттүү табият дайыма адамдын бардык иш-аракетине жооп кайтарышы мүмкүн. Салттык табият таануу билими фольклордо, элдин ишениминде чагылдырылган. «Эмне улук?» деген суроого төмөнкүдөй жооп беришкен:

Теңир улук, күн улук,
Төбөсү ачык көк улук,
Жан-жаныбар бүт улук.
Жарык улук, от улук,
Төшү түктүү жер улук,
Ордо күткөн журт улук,
Адам улук, жан улук.

*Жусупов К.* Кыргыздардын байыркы маданияты. – Б.: Байтик, 2006. 41-б.

Келтирилген ыр кыргыздардын салттык дүйнө таануу түшүнүгүн аныктайт, мында биринчи орунда айланадагы дүйнө – аалам: асман, күн, жандуу жаратылыш, жер, от, андан кийин гана эл жана адам берилген. Аалам, табият – бир бүтүн, ал эми адам – анын бөлүгү. Мындай дүйнө таануу түшүнүгү көчмөндөргө жаратылыш менен айкашып жашоого мүмкүнчүлүк түзгөн. Кыргыздар көчмөн калк болгон үчүн айлана-чөйрө менен тыгыз байланышта жашап, эч качан өздөрүн табияттын кожоюну катары эсептешкен эмес, тескерисинче, теңир жараткан табияттын жөнөкөй бир бөлүгү катары сезишкен. Жандуу жана жансыз табият адам менен тең укуктуу деп эсептешкен. Адам жаратылыш менен диалог түзгөн, ал үчүн бушайман болгон, ошол эле учурда адам менен жаратылыштын ортосунда түшүнүк сезими калыптанышы керек деп ишенген.

Ар кандай кубулуштардын, жаратылыш феномендеринин баалуулугун күчөтүү үчүн атайын ыкма – сакрализация колдонулган. Ал эми өтүп кеткен ата-бабаларды сакралдаштыруу урууну бириктирип, бир бүтүн эл кылууга шарт түзгөн. Жаратылыш феномендерин ыйык тутуу адамдын жаратылышка болгон көз карандылыгын белгилеген жана терең аксиологиялык маанисин аныктаган. Күнгө сыйынуу дүйнө таануу маанисине ээ, күнсүз жерде тиричилик пайда болмок эмес, күн бардык нерсенин башаты, негизи.

Дүйнөнүн бир бүтүн система катары кабыл алынышы, көчмөндүн диний-мифологиялык аң-сезиминин антропоморфизми төмөнкү макалдан байкалат:

Тирүү жандын атасы – Күн,
Энеси – Жер,
Каны – Суу,
Жаны - Аба.

*Аманалиев Б.* Из истории философской мысли
киргизского народа. – Ф., 1963. – С. 41.

Ар түрдүү образдар аркылуу: атасы – күн, ата башаты; энеси – Жер, эне башаты; каны – суу, күч-кубат берген күч, жашоо булагы; жаны – аба, жан – сезим берген күч, көчмөндөрдүн дилинде жаратылыш менен адам баласы бир бүтүн система экендигин бекемдеген ыйык күч чагылдырылган. Жогоруда берилген макалда биз адамдын дүйнөгө болгон холистикалык мамилесин, жаратылыш феноменинин маңызын көрөбүз: жаратылыш кубулуштарын жана процесстерин гана эмес, физикалык, биологиялык, психикалык, руханий, социалдык чөйрөлөрүн да камтыган. Холизм салттык дүйнө таануу түшүнүгүнүн негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. Байыркы кыргыздардын дүйнө таануу түшүнүгүндөгү холистикалык ыкма катары ден соолукту чыңдоо максатында кымыз суусундугун ичүү салтын карап өтсөк болот. Космосту, адамдын организмин, жаратылышты (өсүмдүк жана жаныбар дүйнөсү) бир бүтүн кубулуш ката-

ры карап, байыркы кыргыздар кымызды жазында, «Үркөр» топ жылдызы чыга электе ичүүнү сунушташкан, анткени дарылык касиетке ээ болгон чөп ошол гана убакта чыккан. Эң алгачкы өсүү баскычындагы жаш чөптү жеген бээнин сүтү адамдын ден соолугуна өзгөчө пайдалуу таасир тийгизген. «Үркөр» топ жылдызы чыкканда чөп быша баштайт, ошондуктан мындай чөп жеген бээнин сүтүнүн пайдалуулугу төмөндөйт. «Үркөр кулжа айынын биринде кулпуга кирет; текенин онунда чыгат – кулжа айынын биринчи күнү топ жылдыз көрүнбөйт, онунчу күнү теке чыгат; Үркөр ооп, жыл келди – топ жылдыз ооп, жаз келди; Үркөр чыкты – чөп үркөт, топ жылдыз чыгып – чөп дүркүрөп өстү».

Ошентип, бээнин сүтү 35–40 күн ичинде пайдалуу касиетке ээ. Бул салт биздин күнгө чейин сакталып келет. Кыргыз көчмөндөрү бээнин сүтүнүн, өсүмдүктөрдүн химиялык, биологиялык курамын билбестен, узак мөөнөттө топтолгон тажрыйба байкоосунун, туюп-билүү сезиминин негизинде бээнин сүтүнүн пайдалуу касиетинин күчөп турган, керектүү жыл мезгилин так аныкташкан. Бул мисал салттык дүйнө таануудагы  жаратылыш, биологиялык, социалдык кубулуштардын бири-бири менен байланышта болуп, бир бүтүн системаны түзгөндүгүн далилдейт.

Жаратылыш феномендерин сакралдаштыруу, табият кубулуштарын жандандыруу, бир жагынан адамдын табияттан болгон көз карандылыгын белгилеп, башка жагынан, терең аксиологиялык мааниге ээ кылып, табияттын баалуулуктарынын даражасын көтөргөн.

Байыркы кыргыздардын көз карашында Теңир – эң жогорку кудурет күч, асмандагы кудай. Ал чексиз, кол жеткис, жеңилбес күч. Бүт аалам – табияттын кубулушу, жаныбарлар дүйнөсү, адамдын өзү, кыргыздардын пикири боюнча Теңирдин – кудайдын жаратканы.

Ошондуктан кудурет күч – Теңирдин батасын алуу үчүн жер эне менен айкашып жашап, аны кадырлап, ага аяр сезим менен мамиле кылуу керек. Жер, суу – бул кудурет күч

жана адам бакубат өмүр сүрүү үчүн – табиятка сыйынуу, аны менен биримдикте жашоо негизи каралат. Башына кыйынчылык келгенде көчмөндөр кудурет күчкө кайрылып суранышчу: «Айланайын Теңир, айланайын жер, айланайын суу! Саат-сабырдан сакта, оору-сыркоодон сакта! Мал-жан аман болсун!» же төмөнкү сөздөр менен кайрылышкан:

«Теңир, Теңир!
Тогуз жалбырактуу ыйык кайың сайдык, Теңир!
Тогуз козу бир сойдук, Теңир!
Жакшылыкты жерге, элге жалга, Теңир!
Жамандыкты жерден, элден качыр, Теңир!
Жашообузду оңдо, Теңир».

*Жусупов К.* Кыргыздардын байыркы маданияты.
– Бишкек: Байтик, 2006. – 51-б.

Тирүүлүктүн башаты, бүткүл жашоонун негизи катары сууну кадырлоо да орчундуу орунга ээ болгон:

Суу атасы – булак.
Суу кудукка сыйын.
Жер–казына, суу – алтын.
Булактын көзүн ач.
Суу – жашоонун булагы.
Суулуу жер бейиштин төрү.
Тамчы Суу – өмүр азыгы.
Суу сыйлаган – зор болот,
Суу кордогон – кор болот.

*Жусупов К.* Байыркы кыргыздардын тарыхына жана рухий маданиятына ой чабыт // Кыргыздар. Он төрт томдук. – VI том. – 324-б.

Сууну жашоо маңызы, өмүр берген күч катары кадырлоо жаратылышты коргоп, сактоо үчүн негиз түзгөн жана турмушту табигый мыйзамдар аркылуу талдап түшүнүүгө умтулткан.

Адамдар окуган намаздарында жана дубаларында жер түшүмдүү, суу мол болсун деп суранышкан. Кырсыктан жана оорудан сактаныш үчүн да асманга, жерге, сууга кайрылышкан.

Илгертен чөйрөнү коргоого багытталган үрп-адаттардын жана ченемдердин системасы байкалат. Ал «убал» деген түшүнүк аркылуу берилген. Түшүндүрмө сөздүктө «убал» күнөө деп табылат, ал бирөөнү азапка салуу, ага зыян келтирүү, туура эмес иш-аракети үчүн тартылган жоопкерчилиги.

Кыргыздардын салттык билиминин системасында «убал» деген түшүнүк – өзгөчө коргоо механизми, психологиялык тарбия чеги: «Бейкүнөө кумурскага зыян кылба, убалы тиет», «Чөптү да жөнү жок тебелеп-тепсеп үзсөң убал, тийбе», «Малды теппе».

«Убал» түшүнүгү адам менен жаратылыштын өз ара катнашынын туруктуулугун камсыздаган. Ушул түшүнүктүн негизинде көп кылымдар бою адам менен жаратылыштын өз ара аракети тең салмакта кармалып келген. Негизги мааниси – жаратылышка аяр мамиле жасоо жана аны рационалдуу колдонуу, экосфераны коргоо, суунун тазалыгын сактоо ж.б.

Салттык ой жүгүртүү системасында табу – өзгөчө чектөөлөр болгон, алар тарбия милдетин гана аткарбастан, чөйрөнү коргоого багытталып, экологиялык тең салмакты кармап турушкан:

«Агын сууну чачпа, булгаба!
Жалгыз даракты кыйба.
Токойду өрттөбө.
Очоктун күлүн тебелебе, сапырба.
Аккан сууга түкүрбө.
Кудукту булгаба.
Аккан сууну сабаба.
Көк чөптү жулба, көктөй соолосуң».

*Жусупов К.* Байыркы кыргыздардын тарыхына жана рухий маданиятына ой чабыт // Кыргыздар. Он төрт томдук. – VI том. – 328-б.

Кыргыздардын салттык дүйнөгө болгон көз карашында «чен» түшүнүгү орчундуу орунга ээ. Мисалы, кош туяктуу жапайы жаныбарлардын атылууга уруксат берилген саны 99га барабар болгон. Жүзүнчү жаныбарды аткандан кийин мергенчини бугунун духу/жаны куугунтуктап кубалайт жана кайберен эненин (жапайы жаныбарлардын колдоочусу) каргышы тиет деп айтышкан. Буга «Кожожаш» эпосу үлгү боло алат. Ургаачы жаныбарды өлтүрүүгө тыюу салынган, эркек жаныбарлар гана атылган. Жаныбарлардын балдарын да өлтүрүүгө тыюу салынган. Бул чектөөнү бузгандарга насаат катары «Карагул ботом» кошогу айтылган, анда мергенчи адашып, эликтин ордуна эликтин терисин жамынып, уктап жаткан уулун атып алат.

Мына ошентип, жаныбарларды чексиз кырууга, урууга, бактарды кыюуга, сууну, булактарды булгоого болбойт деген тыюу чеги жаратылышты коргогон, анын ресурстарын үнөмдөгөн механизм жана табиятка болгон аяр мамиленин негизи болгон.

Жаратылышты кадырлоо, аны ыйык көрүп, ага аяр мамиле кылуу элдин берген баталарында чагылдырылган:

«Тоо – ата, суу – энебиз,
Тоодой бийик, суудай тунук өмүр берсин!
Өзөндө суу мүрөк чачсын.
Ак мөңгүдөй, карлуу тоодой калдайган,
Ак калпактуу ушул элге кут айтсын!»

Каада-салттар. Баталар. «Эл адабияты сериясы». Т. 29. – Б., 2003. – 197-б.

Ошол эле убакта жаратылышка каргыш менен кайрылуулары да кездешкен:

«Төбөсү бийик көк урсун,
түбү терең жер урсун,
төшү түктүү жер урсун!»

*Жусупов К.* Байыркы кыргыздардын тарыхына жана рухий маданиятына ой чабыт // Кыргыздар. Он төрт томдук. – VI Т. – 333-б.

Элдин чөйрө таануу акылмандуулугу жаратылышты тиричилик керектөөлөрүн камсыздандырган каражат катары гана эмес, адамды руханий жактан өстүргөн негизги атрибут катары кабыл алынышынан байкалат. Калыгул олуя айткандай:

«Асыл болсоң күндөй бол,
Ааламга жарык нур берген.
Жакшы болсоң жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң суудай бол,
Баарын жууп кетирген.
Улукман болсоң жердей бол,
Ушунча жанга дем болгон».

Жогоруда келтирилген ыр саптарынан байкасак, кыргыздар жаратылышка жөн гана сыйынбастан, элдин моралдык-этикалык баалуулуктарын жаратылыш кубулуштары менен байланыштырып, табият менен келишип жашоого чакырган, адамдын руханий дүйнөсүн, анын эмоционалдык абалын, мүнөзүн, жөндөмдүүлүгүн жаратылыштын кубулуштары, жаныбарлар дүйнөсү менен байланыштырышкан. Мисалга алсак, адамдын айрым сапатын жана мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн төмөнкү түшүнүктөр аркылуу беришкен: «жолборс жүрөк» (эч нерседен коркпогон), «арс- тандай айбаттуу» (каардуу), «бүркүттөй тектүү» (теги ак сөөк), «шумкардай эптүү» (эптүү), «сагызгандай сак» (сак, сезгич). Бул мисалдардан биз салттык дүйнөгө болгон көз карашка мүнөздүү жаратылыш жана адамзат болмушунун окшоштуктарын байкасак болот.

Кыргыздардын салттык дүйнө таануу түшүнүгүндө табиятка сыйынуу сезими жаныбарларга карата да таралган (тотемизм), ал «пир» – колдоочу, кожоюн деген түшүнүктү берген. Жаратылыш кубулушунун, материалдык дүйнөнүн ар бир буюмунун өзүнүн колдоочусу – «кожоюну» куду-

реттүү күчү болот, алар айрым жаратылыш кубулуштарын, процесстерин, материалдык дүйнөнүн буюмдарын башкарат. Төмөнкү колдоочуларга сыйынышчу: «Камбар ата» – жылкынын колдоочусу, «Зеңги баба» – бодо малдын колдоочусу, «Чолпон ата» – койдун колдоочусу, «Чычаң ата» – эчкилердин колдоочусу, «Ойсул ата» – төөнүн колдоочусу, «Буудайык» – канаттуунун колдоочусу, «Кара чаян» – курт-кумурскалардын колдоочусу. Ошондой эле жаратылыш кубулуштарынын колдоочулары болгон, алар мазардын ээси – ыйык жердин колдоочусу; башаттын ээси – булактын колдоочусу; арашандын ээси – дарылык касиетке ээ булактын колдоочусу, «Байтерек» – бактын колдоочусу, «Жел кайып» – шамалдын колдоочусу, «Куланчы» – аңчылардын колдоочусу жана башкалар.

Биздин көз карашыбыз боюнча, мындай түшүнүк рационалдык гана негизге (жаратылышка болгон жалаң гана керектөө мамилеси ачкачылыкка жана өлүмгө алып келиши мүмкүн) ээ болбостон, ошол эле учурда адам менен жаратылыштын тең салмактуу абалын камсыздандырып, экосистеманын сакталышына кепил болгон.

Ошентип, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

Кыргыздардын салттык дүйнө таануу түшүнүгүнө жаратылыш кубулуштары жана процесстери гана эмес, физикалык, биологиялык, психикалык, руханий, социалдык чөйрөлөрдү да камтыган, дүйнөнүн холистикалык таанымы мүнөздүү. Жаратылыш – бүтүн, ал эми адам анын тубаса бир бөлүгү. Адам башка жаратылыш кубулуштары сыяктуу эле жаратылыштын объектиси катары каралып, адамзаттын болмушу жана табият дүйнөсүнүн окшоштугун кабыл алуу – негизги багыттоочу  түшүнүк катары аныкталган;

Кыргыздардын салттык дүйнө таануу билими ар кандай концепт түрүндө берилген – дүйнө таанымы, элестер, «убал», «пир» түшүнүктөрү, чек жана башка тыюулар – табу – кыргыз элинин экософиялык ой жүгүртүүсүнүн негизин түзгөн, алар тиричилик ишмердигин гана эмес, адамдын

жүрүш-турушун да башкарып, жаратылышты коргоо жана сактоо механизмдеринин милдетин да аткарган. Экософиялык ой жүгүртүү, колдоочу – «пирдин» каарынан коркуу сезимине негизделип, XX кылымга чейин жаратылыштын алгачкы түрүндө сакталып келишине өбөлгө түзгөн.



# III



# ИЛБИРС – ШАМДАГАЙ ЖАНЫБАР

## Илбирстин экосистемасы

Биздин өлкөбүз Борбордук Азиядагы баалуу жана сейрек кездешкен жапайы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн концентрациясынын уникалдуу орду.

Кыргызстанда жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн саны аянты боюнча чоң экендиги дүйнө жүзүнө маалым. Кыргызстандын аянты жер планетасынын болгону 0,04% аянтын түзөт, өлкөбүздүн территориясында дүйнөлүк флоранын 2% түрү өсөт, дүйнө жүзүндөгү фаунанын 3% жашайт. Кыргызстандын флорасында жогорку өсүмдүктөрдүн 4500 түрү бар, алардын ичинен 1600 түрү экономикалык, практикалык баалуулукка ээ жана 200 түрү дары өсүмдүктөрү болуп эсептелет.

Кыргызстандын территориясы Тянь-Шань, Памир-Алай тоо кыркаларында жайгашкан. Тянь-Шанда борбордук жана түндүк азиат тегинен жаралган аралаш флора менен фауна кездешет. Тянь-Шандын бийик тоолуу бөлүгүндөгү абанын жылдык орточо терс температурасы менен өзгөчөлөнөт, суук эмес мезгил дээрлик болбойт.

Кыргызстандын жаратылыш шарттарынын ар түрдүүлүгү түркүн табигый экосистемаларды түзөт. Негизги жаратылыш экосистемалары:

- *чөптүү экосистемалар (бийик тоолуу, орто тоолуу жана жапыз тоолуу);*
- *токойлуу (карагайлуу, арчалуу, жаңгак мөмөлүү);*
- *суулуу (көлдүү, дарыялуу, саздуу);*
- *антропогендик (адамдар жараткан) экосистемалар: талаалар, бакчалар, калк жашаган пункттар, жолдор, ишканалар кирет. Өлкөнүн аянтынын 10% ээлешет.*

Бийик тоолуу чөптүү экосистемалар деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикте жайгашкан, түбөлүк муздуу шарттарга калыптанган жана өлкөбүздүн көбүрөөк аянтын ээлейт.

Алар өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ар түрдүүлүгүнө бай.

Бийик тоолордун кожоюну – илбирс. Илбирстер муздак, бийик тоолуу ландшафтка ыңгайланган. Аларды бийик тоолуу аскалуу аймактан, альпы шалбааларынан, бадалдуу тоолуу талаалардан, бийик тоолуу токойлордон кездештирүүгө болот.

Бийик тоолордо илбирс менен кошуна жейрен, кызыл карышкыр, марал, орто азия кундузу, мензбир сууру, түркестан сүлөөсүнү, тянь-шань күрөң аюусу, тянь-шань тоо текеси (аркар), жапайы мышык, мадыл, суурлар, коён сымал чычкандар жашайт. Аскаларда уларлар ышкырып, альпы таандары менен чөкө таандар уя салышат. Ошондой эле Альпы жана Гималай мукамдары, кызыл боор кыш куйруктар, кызыл мукур, мүйүздүү торгой бар. Талааларда мамыры гүлдөр жайылып өсөт. Өлөң чөп, теңге чөп, бийик тоолуу: герань, кара кыяк, байчечекейлер, кымыздык, сыяктуу 50 түрү кездешет. Бийик тоолуу жана суб бийик тоолуу чөптүү экосистемалар – илбирстер жашаган жер жана анын негизги азык базасы.


Акыркы жылдары бийик тоолуу экосистемалардын экологиялык акыбалы начарлаган. Терс таасирин тийгизген факторлор: ашыкча мал жаюу, эсепсиз аңчылык, тоо-кен өндүрүшү аркылуу тоолуу экосистемаларды бузуу, мыйзамсыз аңчылык. Мунун бардыгы бийик тоолуу чөптүү экосистемалардын деградациясына алып келүүдө. Алар илбирстердин жашоо шарттарын начарлатып, көбөйүүсүнө тоскоол болот, таралуу ареалы тарып, илбирстердин саны азаюуда. Бийик тоолуу табигый экосистемаларды калыбына келтирбесек, илбирстердин санын жана таралуу ареалын калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес.

Экосистемада бардык түрлөр бири-бири менен өз ара таасир этишет. Бул мамилелердин бири белгилүү түрлөрдүн жашоосуна зарыл, башкалары кокусунан келип чыгышы мүмкүн. Жашоо үчүн зарыл болгон мамилелердин

жыйындысы бул экосистемадагы түрдүн экологиялык чөйрөсүн түзөт. Экосистемага бул түр эмнеси менен пайдалуу жана экосистема эмнеси менен өзүнө пайдалуу боло аларын чөйрө аныктайт. Чөйрөнүн маанилүү бөлүгү азык байланыштары болуп эсептелет жана түр эмне менен азыктанарын, ал эми кайсы түрлөр аны менен азыктана тургандыгын билдирет.

Илбирстер таралган территорияларда аларга атаандаш башка жырткыч жок, ошондуктан алар азык пирамидасынын эң чокусунда турушат. Бирок ал чөп жеген ача туяктуу жаныбарларга жана өсүмдүк коомчулуктарына, ошондой эле алар аркылуу азык чынжырынын төмөнкү звенолорунда жайгашкан майда жандыктарга да таасирин тийгизет. Ошентип, илбирс экосистеманын башкы элементи, негизги түр болуп эсептелет.

**Азык байланыштары, азык чынжырлары –** экосистемага заттардын толук айланышын камсыз кылат, жашоо үчүн маанилүү шартты аткарат.



**Бийик тоолуу чөптүү экосистемалардын азык пирамидасы**

- Чөптүү экосистемалардын эң чокусунда илбирс турат.
- Экинчи орунда чөп жей турган сүт эмүүчүлөр жайгашкан.
- Пирамиданын биринчи баскычында өсүмдүктөрдүн бай ар түрдүүлүгү өсөт.

# Илбирс жөнүндө

Илбирс – ири мышык тобуна кирген сүт эмүүчү жырткыч. Катаал тоонун шартына үйүр алган илбирсти көргөн адамдар чанда. Илгертен эле илбирсти адамдар ыйык жаныбар катары эсептешкен. Аны тоонун кожоюну, сырдуу жаныбар дешкен.

Кыргыз эли илбирсти ыйык тутуп, кыргыз аскерлеринин коргоочусу деп билген. Кыргыздардын күчтүү кагандарынын бири – Барсбек болгон. Барсбек биздин замандын VII кылымында жашаган баатыр. Ал кыргыздарды бириктирген, улут биримдикте өз эгемендигин коргоп, сырткы душмандарына каршы тура алган. Кыргыз уруулары өз тегин мифологиялык бабалардан – илбирстерден тараган деп эсептешет. Ошондуктан элдин эсинде кыргыздар илбирстердин тукумунан чыккан деген ынануу бар.

Кыргызстанда илбирс символ катары кеңири тараган. Мисалы, илбирс Бишкек шаарынын гербинде тартылган. Анын келбети көптөгөн өлкөлөрдүн мамлекеттик белгилерине – монета, герб, почта маркаларына түшүрүлгөн.

Ар түрдүү улуттарда аны ар башкача аташат: кыргыздар илбирс деп аташса, казактар – каблан, алтайлар – ирбис, монголдор – ирвэс дешет. Көпчүлүк элдер илбирсти ыйык жана сырдуу жаныбар деп эсептешет. «Чаар чагылган», «күмүш керемет», «тоонун кожоюну» деп суктануу менен адамдар ага ат коюшкан.

**Түрдүү өлкөлөрдө жана тилдерде илбирстин көптөгөн аталыштары бар:**
Англис тилинде – кар леопарды (snow leopard)
Кытайча – пу-пи
Япончо – тора
Өзбекче– аладжи барс
Калмыкча – иргиз
Татарча – акбарс
Якутча – хахай
Тунгусча – куник
Казакча – каплан же каблан
Монголчо – ирвэс

Байыркы түрк тилинде «ирбис» сөзү «кар мышыгы» дегенди түшүндүрөт.

## Сырткы келбети жана дене түзүлүшү кандай?

Илбирстин териси ачык боз түстө болгондуктан, анын темгилдери даана көрүнөт. Ошондуктан аны ак илбирс деп аташат. Өңү аска-таштуу тоолордун арасына жашынып, аңчылык кылууга ыңгайланган. Узак жылдар бою сырткы келбетине карата алар кабылан тукумундагы жаныбар деп эсептелген. Көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөндөн кийин илбирстер жолборско жакын тууган экени аныкталган.

Илбирстин бою – 65 сантиметрге чейин жетет. Денесинин узундугу – орточо 115 сантиметр. Орточо салмагы – 40–50 килограмм. Жүнүнүн узундугу – 55 миллиметр. Жумшак жана тыгыз жүнү катуу суукка чыдамдуу. Алдыңкы буттары кыска жана күчтүү, ал эми арткы буттары узун. Алар тез чуркоого жана бийик секирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Илбирстер алты метр узундукка жана үч метр бийиктикке секире алышат.

Илбирстин таманы тегерек жана чоң. Ошон үчүн буттары карга батып кетпей, жеңил басат. Манжаларынын арасында таманын жаап өскөн жүнү сууктан сактайт. Узун жана курч тырмактары ийилип турат, жалама аскаларда тайгаланбай жүрүүгө ылайыктуу.

Илбирстин куйругунун узундугу 100 сантиметрге жетет. Секиргенде куйругу тең салмактуулукту сактайт. Катуу суук болгондо ал куйругун оронуп жылууланат. Илбирстин баскан изи бир сызыкка түшкөндүктөн, куйругу менен кайра аларды шыпырып, изин жашырып кетет дешет.

Илбирстин башы анча чоң эмес, кулагы – кыска, көзү – абдан курч. Илбирстин отуз тиши болот. Үстүңкү жана астыңкы жаагында алтыдан кашка тиштери жайгашкан, эки азуусу бар. Илбирстердин көмөкөйүнүн түзүлүшү арстан менен жолборстукунан өзгөчө болгондуктан, алар ырылдабай, кадимки мышыктай эле үн чыгарып мыёолошот.

# Илбирс бийик тоолордун кожоюну

**Сүт эмүүчүлөр** *классы* — **Жырткычтар** *отряды* — **Ири мышыктар** *тукуму* — **Uncia Gray** *теги* — **Илбирс** *түрү*



Илимий аталышы:
**Panthera uncia**

**12 мамлекеттин** аймагын мекендешет.
**540–6000 метрден** ашуун бийиктикте жашашат.

Саны
**~6000**
ден ашуун

**Кыргызстанда ~150–500 илбирс бар**


*Илбирс Кызыл китепке киргизилген*

**Илбирстин бою:** 55–65 сантиметр.
**Денесинин узундугу:** орточо 90–115 сантиметр.
**Орточо салмагы:** 45–55 килограмм.
**Куйругунун узундугу:** болжолдуу 100 сантиметр.
**Жүнүнүн узундугу:** 55 миллиметр.
**Илбирстин 30 тиши болот.** Устүңкү жана астыңкы жаагында 6дан кашка тиштери, 2 азуусу жана майдалоочу азуулары жайгашкан.
**Териси:** ачык боз түстө, жумшак жана тыгыз.
**Таманы:** тегерек жана чоң.
**Тырмактары:** узун жана курч, ийилип турат.
**Башы:** анча чоң эмес.
**Кулагы:** кыска.
**Көзү:** абдан курч.
**Активдүүлүгү:** таң эрте жана күүгүм маал.
**Секириги:** күчтүү.

Эркектери **4 жылда** жетилишет, ургаачылары **2 же 3 жылда** балалуу боло алышат.
**Тууту:** баласын курсагында 93–110 күнгө чейин көтөрөт
**Төлдөшү:** илбирстер эки жылда бир жолу, жазында төлдөйт.
Адатта эки же үч бала тууйт.
Жаңы туулган баласынын салмагы 500 грамм.
Алар кичинекей, алсыз, бирок жүндүү жылуу териси менен туулушат.
Туулганда көздөрү жумулуу болот, 7–9 күндөн кийин көзүн ачат.

Илбирстердин жашоо узактыгы жаратылышта
**10 – 13 жыл**
(ал эми колдо багылса 20–25 жыл)

**Негизги азыктары**



Тоо теке — Аркар — Марал — Элик — Каман — Коён — Суур

# Илбирстин таралуу ареалы

Илбирс Борбордук Азия тоолорунан Гималай, Алтайга чейин жана Тянь-Шандан Гиндукушка, Чыгыш Тибетке чейин таралып, 12 мамлекеттин территориясын камтыйт: Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Афганистан, Бутан, Кытай, Индия, Монголия, Непал, Пакистан жана Россия. Илбирстин байыр алган аймактарынын 60 % Кытай мамлекетине туура келет.

Илбирстер ар түрдүү бийиктиктерде: Гималайда деңиз деңгээлинен 540тан 6000 метрден ашуун бийиктикте жашайт. Монголия жана Россияда жапызыраак бийиктикте, болжолдуу түрдө деңиз деңгээлинен 1000 метр бийиктиктеги аймакты мекендейт.




Илбирс Кыргызстандын көпчүлүк аймактарында кездешет: Тескей, Кыргыз, Талас Ала-Тоосу, Чаткал, Какшаал-Тоо, Фергана, Памир жана Алай кырка тоолору. Ошондой эле илбирстер Беш-Арал, Ысык-Көл, Нарын, Сарычат-Эрташ, Сары-Челек мамлекеттик коруктарында жана Ала-Арча улуттук жаратылыш паркында жашайт. Кышында алар

азык издеп тоодон төмөн түшүп, жайында болсо эң бийик чокуларга чыгып кетишет. Илбирстердин түнөгү – үңкүрлөр, аскалардын жаракалары. Эгер балдарынын өмүрүнө коркунуч жаралса, жашаган аймагынан ооп кетишет. Территориясын белгилөө же өнөктөшүн табуу үчүн жерди же асканы арткы буттары менен тырмап же заара чачышат. Илбирстердин азык базасы болгон, ал аңчылык кылган жаныбарлар көп болгон жерде анын саны жана таралуу жыштыгы көбүрөөк. Ошондуктан илбирстин территориясы 65тен 1000 чарчы километрге жетет.

Окумуштуулар илбирстердин саны 4000ден 6500кө чейин деп божомолдошот. Алар байырлаган жалпы аянт эки миллион чарчы километр.

## Илбирстин балдары кандай болот?

Илбирстер эки жылда бир жолу төлдөшөт. Илбирс баласын курсагында 93–110 күнгө чейин көтөрөт. Адатта эки же үч бала тууйт. Балдары туулганга чейин ургаачы илбирс жайлуу, тынч жер даярдайт, кийин анда балдарын чоңойтот. Куут маалы январдан марттын ортосуна чейин жүрөт. Ушул аралыктарда ургаачы жана эркек илбирстерди бирге көрүүгө болот. Эркек илбирс бир нече ургаачылары менен жашап, чоң аймакты кайтарууга кудурети жетет. Илбирстин балдары көбүнчө жаз айында туулат. Туут маалы май айына туура келет. Жаңы туулган баласынын салмагы 500 грамм болот. Алар кичинекей, алсыз, бирок жүндүү жылуу териси менен туулат. Териси күңүрт келип, чоң илбирстерге салыштырганда, темгилдери азыраак болот. Туулганда көздөрү жумулуу болот, 7–9 күндөн кийин көзүн ачат.

Энеси балдары менен көп убакытты бирге өткөрөт. Балдарын беш-алты айга чейин сүтү менен багат. Эки ай болгондо катуу тамактарды да жей башташат. Үч айында эне-

син ээрчип, кар баскан тоодо аңчылык кылууга үйрөнүшөт. Алар кичине кезинен эле бийик тоонун татаал шарттарына көнүшөт. Экинчи кышта өз алдынча жашаганга даяр болушат.

Илбирстердин жашоо узактыгы жаратылышта болжол менен 13 жыл, ал эми колдо багылса 20–25 жылды түзөт.

## Эмне менен азыктанат жана кантип аң уулайт?

Илбирс жырткыч жаныбар болгондуктан эт менен жан багат. Илбирстер жашаган чөйрөсүнө жараша азыктанышат. Көбүнчө тоо эчки-текелери, аркар-кулжалар, эликтер, камандар, бугу, маралдар, аркарлар менен азыктанышат. Суур, коён, кекилик, улар, кыргоол сыяктуу майда жандыктар менен канаттуулар да илбирстердин олжосу болушат. Жайында жашыл өсүмдүктөрдү, чөптөрдү да жешет. Илбирстер үй жаныбарларына – койлорго, эчкилерге, жылкыларга же жаш топоздорго да кол салган учурлар кездешет. Анын башкы себептеринин бири илбирстер азыктана турган жаныбарлардын саны азайып, өзгөчө кышында ага тамак жетишсиз болууда. Кышында азык издеп тоодон төмөн түшүп, адам жашаган аймактарга, мал баккан жерлерге келишет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, азыктанууда ургаачылары менен эркектеринин ортосунда айырма жок.

Илбирстер күндүз да, түндө да сергек жүрүшөт. Аңчылыкка көбүнчө кечинде жана таң эрте чыгышат. Көбүнчө жалгыз аң уулашат. Алар олжосун түрдүү жаратылыш шарттарына карабастан таап алышат. Илбирс дабышсыз басып, шамдагай жана бийик секиргендиктен, мыкты аңчылык кыла алат. Темгилала териси дагы ага аска-тоолордун арасында көрүнбөстөн аңчылык кылууга мүмкүнчүлүк берет. Олжосун ала албай калганда 300 метр аралыкка чейин кайра кууп кете алат.

Олжосун өлтүргөндөн кийин аны асканын алдына же бактын жанына сүйрөп барып, андан кийин жей баштайт. Абдан жай жейт, бир жегенде 2–3 кг эт жейт. Эттин калганын кийин жегенге калтырат да, бир топ күндүн ичинде бир нече жолу бөлүп жейт. Мунун бардыгы илбирстердин акылдуу жана үнөмдүү жаныбар экендигинен кабар берет.

Аңчылыкка чыкканда олжосуна капилеттен кол салып, өзүнөн үч эсе оор жаныбарга алы жетет. Ар бир 8–15 күндө ири жаныбарга ууга чыгат, ошондуктан ал этке канааттануу үчүн жылына минимум 100–150 жаныбардын эти керектелет.

Илбирс тынч жүргөн жаныбар. Адамга өзү кол салбайт.


## Эмне үчүн илбирстер коргоого алынган?

Азыркы учурда илбирс жоголуу коркунучунда турат. Илбирстердин саны азайгандыгынын негизги себеби – мыйзамсыз аңчылык кылуу. Адамдар илбирстерге кооз терисин алуу үчүн аңчылык кылышат.

Илбирстер азыктана турган жаныбарлардын саны да азайып, аларга тамак жетишсиз болууда. Адамдар алардын жаратылыш чөйрөсүн өзгөртүп, жашаган аймагын тарытууда. Илбирстерди сактап калуу үчүн анын жашоо чөйрөсүн, ал чөйрөдөгү жаныбарларды, өсүмдүктөрдү да коргоо керек. Антпесе илбирстин азыгы азайып, тез арада жок болушу мүмкүн.

Илбирс байырлаган бардык өлкөлөр аны коргоого алышкан. 2000-жылдан тартып жоголуу коркунучунда турган жаныбар катары Кызыл китепке кирген. Аталган түр Жапайы жаратылыштын фауна жана флорасындагы түрлөрдү эл аралык сатуу жөнүндө Конвенциянын тиркемесине жоголуп бараткан түр катары киргизилген, анда эл аралык деңгээлде мындай жаныбарларды, алардын айрым бөлүк-

төрүн жана жашоосу үчүн зарыл болгон азыктарын сатуу-га тыюу салынат. Көчүп жүргөн жапайы жаныбарлардын түрлөрүн коргоо тууралуу Конвенция илбирстер таралган ареалдын өлкөлөрүн илбирстерди жана алар жашаган ай-мактарды коргоо жана калыбына келтирүү иштерине ко-шулуусун өтүнүп, жоопкерчиликке чакырат. Илбирстер 12 мамлекеттин улуттук мыйзамы менен коргоого алынган. Дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн илбирстерди коргоо ма-селесине буруу максатында, бул сейрек жаныбарлардын популяциясын коргоп калуунун иш кадамдарын макулда-шуу жана алар жашаган ареалды коргоо проблемаларын талкуулоо үчүн 2013-жылы Кыргыз Республикасында Ил-бирстерди коргоо боюнча бүткүл дүйнөлүк форум болуп өткөн. Анда 23-октябрды Эл аралык илбирс күнү катары белгилөө чечими кабыл алынган. Ошондой эле 2020-жыл-га чейин илбирстерди жана алардын экосистемасын кор-гоо боюнча Глобалдык программа кабыл алынган. Форум илбирстер таралган өлкөлөрдүн аймактарында эл аралык уюмдар, эксперттер менен кызматташтыкты өнүктүрүү жана кеңейтүүгө өбөлгө түздү.



# V



# МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПРАКТИКАЛЫК ИШТЕЛМЕЛЕР

# «Ак илбирс: анын экологиясынын өзгөчөлүктөрү, таралышы жана корголушу»

## 6–9-класстар үчүн ачык сабактын планы

Сабактын түзүлүшү

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу учуру | 2 мүнөт |
| 2 | Окуу ишмердүүлүгүнө шыктандыруу (мотивация) | 5 мүнөт |
| 3 | Оюн форматында билимдерди жалпылоо жана актуалдаштыруу, системалоо<br>1. «Акыл көнүгүүсү»<br>2. «Бардыгын үйрөн»<br>3. «Экологиялык лото»<br>4. «Эсептөө» тапшырмасы<br>5. «Илбирс эмне жейт?»<br>6. «Ким табат?» | 25 мүнөт |
| 4 | Рефлексия | 5 мүнөт |
| 5 | Жыйынтык чыгаруу | 5 мүнөт |
| 6 | Үй тапшырма | 3 мүнөт |

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** илбирстер жөнүндө окуучулардын билимдерин системалаштыруу жана жалпылоо, «Жашоо чөйрөсү», «Экосистема», «Азык базасы» түшүнүктөрүн жана жаңы терминдердин маанисин ачып берүү.

**Өркүндөтүүчүлүк:** экологияны үйрөнүүгө окуучулардын кызыкчылыктарын арттыруу; илбирстерге жана башка жандыктарга аяр мамиле кылууга тарбиялоо; керектүү маалыматты табууну жана пайдаланууну үйрөтүү; анализдөө, салыштыруу, фактыларды жана кубулуштарды жалпылоо жана классификациялоо.

**Тарбия берүүчүлүк:** башка адамдардын пикирин уга билүү жана түшүнүү; топ менен (группа) иштөөдө сабак (окуу) аркылуу таасир этүүнү уюштуруу.

**Милдеттери:** 1. Экология маселелерин жана илбирстер жөнүндө маалыматтарды оюн кырдаалдары, бет ачарлар жана топтор менен иштөө жолдору аркылуу үйрөтүү.

2. Үйрөнүлүп жаткан түшүнүктөрдү жана фактыларды жалпылоо; ар бир топтун ишин баалоо; жыйынтык чыгаруу.

**Материалдар жана жабдуулар:** үч топтун электрондук бет ачарлары; «Акыл көнүгүүлөрү үчүн» суроолордун 3 көчүрмөсү; «Экологиялык лото» үчүн карточкалар; «Эсептөө» үчүн тапшырмалар, слайддар; илбирстердин тоют базасына кирген жаныбарлардын сүрөттөрү (аркар, тоо эчкилери жана бугу); желектер, проектор, компьютер/ноутбук, экран.

**Сабакты өтүү методдору:** көрсөтмөлүү оюн/оюн форматындагы сабак. Класс бир нече чакан топторго бөлүштүрүлөт, окуучуларга үйгө тапшырмага «Ак илбирс», «Илбирстердин жашоосу үчүн экосистемалардын мааниси», «Кыргыз элинин жаратылышка жана илбирстерге мамилеси» деген темаларга 3–5 мүнөттүк бет ачар даярдап келүүгө, ошондой эле өз тобуна ат коюу, топтун лидерин шайлоого алдын ала тапшырма берилет.

Окуучулардын аткарган иштерин мугалимдерден же тышкы эксперттерден түзүлгөн калыстар тобу баалашы зарыл. Командалардын алган баллынын санын доскага жазып турууга окуучу-ассистентке милдеттендирүү керек (жардамга башка класстын окуучусун алууга болот). Бир ассистент техникалык каражаттарды жана электрондук материалдарды коюуга жооптуу.

### I. Уюштуруу учуру

Окуучулар командалары менен отургузулат, көрсөтмөлүү материалдар менен техникалык каражаттарга дагы бир ассистент жооп берет. Калыстар тобу орун алат.

*Мугалим:* Бүгүн сабакта «Илбирс: анын экологиясынын

өзгөчөлүктөрү, таралышы жана коргоо» темасында окуучуларга арналган таанып билүү оюндары болот. Оюндун катышуучулары (классы аталат) окуучулар. Сабакта чакан топтор менен иштейбиз. Ар бир топтун ишин калыстар тобу баалайт (калыстар тобунун мүчөлөрү менен тааныштыруу), менин ассистенттерим (ассистенттер менен тааныштыруу), топтун жана жеке окуучулардын алган баллын эсепке алып турушат.

**II. Окуу ишмердүүлүгүнө шыктандыруу (мотивация)**

*Мугалим:* Өз командаңарды түзүп, тааныштыргыла. (Топтор өз командаларына ат коюшат: «Экологдор», «Зоологдор», «Салттуу эко-билимдин билермандары»). Жеңүүчү топко «Билерман» деген наам берилет, баалуу сыйлык катары сабакка «эң жакшы» деген баа коюлат (башка сыйлыктарды, саякаттарды ойлоп табууга болот).

**III. Актуалдаштыруу, системалаштыруу жана билимдерди жалпылоо**

**① «Акыл көнүгүүсү»**

Жооптордун варианттары бар суроолор (төмөндөгү таблицадан карагыла), алдын ала барактарга чыгарылып, ар бир топко таратылат. Аткарууга 4 мүнөт берилет. Окуучулар бир туура жоопту табышат. Бир туура жоопко 1 балл берилет. Тапшырма аткарылгандан кийин суроолор проектор менен экранга чыгат. Ар бир команда кезек менен суроолорду окуп, өз жоопторун беришет. Калыстар балл коюшат, ассистенттер доскага жыйынтыктарын жазып турушат.

Суроолорду окуп, туура жообун тапкыла.

*Мугалимдин жалпылоосу:*

Биз жашоо чөйрө деген эмне экендигин карап чыктык.

***Жашоо чөйрө*** – бул жаратылыш шарттары менен кубулуштарынын жыйындысы, жандуу организмдерди курчап турат, организмдер дайыма аракеттенүү таасиринде

болушат. Ошондой эле биз жашоо чөйрө ар түрдүү болорун билдик. Планетада жашоо чөйрөсүнүн 4 тиби бар: суу, топурак, организмдер, жер жана аба.

***Суу чөйрөсү*** – суу көлмөлөрү: океандар, деңиздер, дарыялар, көлдөр менен байланыштуу. Көпчүлүк сууларда кычкылтек жана күндүн жарыгы жетишсиз. Терең жерлери караңгылыкта, ал эми 200 м тереңдиктен кийин жарык дээрлик жок. Ошондуктан өсүмдүктөр анча терең эмес, күндүн нуру тийген жерлерде гана өсөт. Суу өсүмдүктөрүнүн көпчүлүгү – балырлар.

***Жер-аба чөйрөсү*** – бул жашоо чөйрөсүндө өсүмдүктөрдүн көбү өсөт. Кургакта өскөн өсүмдүктөр токой жана талааларды, талаалар жана өсүмдүк коомчулуктарын түзүшөт. Жер-аба чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү аба менен жарыктын, шамалдын көп болушу, айрым жерлерде температура жогору же төмөн болуп, нымдуулук жылдын мезгилине жараша суткага байланыштуу болот. Жер-аба чөйрөсү абдан ар түрдүү. Өсүмдүктөр белгилүү чөйрөнүн шарттарына ыңгайлашкан.

***Топурак чөйрөсүндө*** жашоо жердин түшүм берүүчү кыртышында, топурактын ичинде жүрөт. Топурак тоо тектеринин эзилип аралашкан бөлүкчөлөрүнөн жана жандуу организмдердин калдыктарынан (чириндилерден) турат. Бул жерде жарык жок, ошондуктан топуракта майда өсүмдүктөр болушу мүмкүн. Бирок бул жерде өсүмдүктөрдүн уруктары, споралары жана тамырлары бар. Топурак чөйрөсүндө бактериялар, жандыктар, козу карындар болот.

***Организмдер чөйрөсү*** – бул жандуу организмдин денеси, ал башка организмдердин (мителердин) жашоосу үчүн колдонулат. Адатта кожоюн организм азык заттарды мите организмдерге берет. Мисалы, чымылдык өсүмдүгү башка өсүмдүктөрдүн сабактарындагы азык заттарды жеп мителик кылышат. Өсүмдүктөр калыптанып ыңгайланган жашоо чөйрөсүндө гана жашашат. Эгер бул өсүмдүктөрдүн чөйрөсүн башка чөйрөгө алмаштырса, ал өлүп калат.

**② «Билермандарга» тапшырма**

*Мугалим:* Ар бир топ илбирс жөнүндө маалыматтарды даярдашкан. Келгиле, аларга сөз кезегин берели. Ар бир топ өздөрүнүн бет ачарларын экранда көрсөтүшөт.

*«Зоологдор»* тобу: «Илбирс» бет ачары;

*«Экологдор»* тобу: «Илбирстердин жашоосу үчүн экосистеманын мааниси» бет ачары;

*«Салттуу эко-билимдердин билермандары»* тобунун бет ачары: «Жандуу жаратылышка кыргыз элинин мамилеси».

Ар бир бет ачар 5 балл менен бааланат.

**③ «Экологиялык лото» тапшырмасы**

Столдун үстүнө ар бир топтун алдына төрт желекчелүү гүл түрүндөгү оюн талаасын коёбуз. Топ 1 жообу туура эмес маалыматы бар карточка алат. Гүлдүн желекчелерине туура жоопторду коюу керек, ал эми туура эмес жоопту да табуу зарыл. Берилген суроого жооп берип жатып, окуучулар маалыматка кошумчаларды киргизиши керек.

Ар бир туура жоопко 1 балл коюлат.

*«Экологдор»* тобуна тапшырмалар: Илбирстин дене келбетине, мүчөсүнө кандай мүнөздөмө бересиң?

1) бою: 55–65 см
2) денесинин узундугу: 90–115 см
3) куйругу: орточо 100 см
4) салмагы: орточо 45–55 кг
5) баласын ичинде 180–200 күн көтөрөт (Туура эмес)

*«Зоологдор»* тобуна тапшырмалар: Илбирстин жүрүш-турушу кандай?

1) адамдардын өмүрүнө коркунуч алып келет (Туура эмес)
2) эртең менен жана күүгүмдө көбүрөөк активдүү
3) аймагын белгилейт
4) жалгыз жана байкалбайт
5) бийик тоолорду мекендейт

*«Салттуу эко-билимдердин билермандары»* тобуна тапшырмалар: Илбирстердин таралуу ареалы кандай?

1) 12 мамлекеттин территориясына таралган:

Кыргыз Республикасы, Монголия, Непал, Пакистан, Россия Федерациясы, Тажикстан жана Өзбекстан.

2) Борбордук жана Түштүк Азиянын катаал тоолорунда кездешет.

3) Таралган ареалы болжол менен 2 миллион кв/км.

4) Бийик тоолуу аскалуу таштуу аймактарда, альпы талааларында, тоолуу талааларда, бадалдуу жана бийик тоолуу токойлордо кездешет.

5) 10 мамлекеттин территориясына таралган:

Афганистан, Бутан, Кытай, Индия, Казакстан, Пакистан жана Россия Федерациясы. (Туура эмес)

④ **«Эсептөө» тапшырмасы**

*Мугалим:* Азаматсыңар, балдар, андан ары кеттик? Ал эми азыр экранга чыккан маселелерди чечишибиз зарыл, жоопторун өсүү иретинде жайгаштыргыла. Тапшырманы аткарып жатып, катылган сөздү окуй аласыңар.

Туура жоопко 1 балл беребиз.

А 7*8-3 (53)
И 5*6+1 (31)
Т 10+3*10 (40)
Е 15+5*6 (45)
С 5*5+3 (28)
М 7*7+1 (50)
Э 2*6-3 (9)
К 6*4-10 (14)
О 5*5+1 (26)
С 7*6-5 (38)

Кайсы сөздү окуй алдыңар? (Экосистема)

*Мугалимдин жалпылоосу:* Экосистема деген эмне?

Экосистема – өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, козу карындардын, микроорганизмдердин түрлөрүнүн жыйындысы, бири-бири жана айлана-чөйрө, жашоо чөйрөсү менен узак мөөнөткө жашай алган жана сакталып калган коомчулук.

⑤ **«Илбирс эмне жейт?»**

Илбирстер азыктана турган жаныбарлардын сүрөттөрүн алдын ала даярдоо зарыл. Бул сүрөттөрдө аркар, кулжа, тоо эчки болушу керек. Ар бир топтон кезек менен бирден окуучу чыгат. Мугалим башка окуучулар көрбөгөндөй кылып ал окуучуга жаныбардын сүрөтүн көрсөтөт. Сүрөттү көргөн окуучуга башка окуучулар тактоочу суроолорду берип, жаныбарды табышы шарт (мисалы, «Анын туягы барбы?», «Чөп жейби?» ж.б.), окуучу «ооба» же «жок» деп жооп берет. Биринчилерден болуп туура жооп айткан топ жеңишке ээ болуп, 1 балл алат.

*Мугалимдин жыйынтыктоосу:* жаратылыштагы азык чынжыры деген түшүнүктү, илбирстин азык базасы жана аны сактоо эмне үчүн маанилүү экендигин бекемдөө.

Ар бир организм жашоо үчүн энергияны алышы зарыл. Мисалы, өсүмдүктөр күндүн энергиясын колдонушат, жаныбарлар өсүмдүктөр менен азыктанышат, ал эми жырткыч жаныбарлар башка жаныбарлар менен азыктанышат. Экосистемада организмдердин жашоосун кармап туруучу азыктануу жана энергия алуунун үзгүлтүксүздүгү азык (трофикалык) чынжыры деп аталат. Азык чынжырынын жөнөкөй мисалы: Күн энергиясы =>чөп =>аркар =>илбирс.

Илбирстин азык базасы анын жашоосун жана ден соолугун сактап турат. Андан ал керектүү энергияны алат. Жапайы жаратылышта илбирстер негизинен ача туяктуу жаныбарлар менен азыктанарын билебиз, кээде майда жандыктар менен канаттууларды жейт. Жапайы ача туяктуу жаныбарлардын саны кескин азайып кетсе, илбирстер бул аймактан кетип, үйдөгү малга кой-козу, эчки, жылкыларга кол салышат. Жайында илбирстер эттен тышкары өсүмдүктөрдү жеп, өз азыгына кошумча кылышат. Өзүнүн бүткүл жашоо чөйрөсүнүн аймагында азык пирамидасынын эң чокусунда турат жана ага башка жырткычтар атаандаш болбойт. Чоң илбирс бир жегенде 2–3 кг эт жейт.

⑥ **«Ким тез табат?»**

Биринчилерден болуп желекчени көтөргөн команда жооп берүү укугуна ээ болот. Эгер жооп туура болбосо, желекчени экинчи көтөргөн команда жооп берет. Ар бир туура жоопко 1 балл берилет.

1) Экосистемаларга мисал келтиргиле. (Көлмө, токой, тоолор ...)

2) Бийик тоолуу экосистемалардын азык чынжырынын чокусунда эмне турат? (Илбирс)

3) Эгер экосистема түрлөрдүн жана популяциялардын курамына бай болсо, экосистемалардын туруктуулугу жогорубу же төмөнбү? (Жогору)

4) Кыргызстанда кайсы экосистемалар эң чоң территорияны ээлейт? (Тоолуу экосистемалар)

5) Илбирс үйдөгү малга кол салабы? (Ооба, эгер тоодо жапайы жаныбарларды кармай албаса же азык жетишсиз болсо)

**IV. Рефлексия**

Ар бир топ бир мүнөттүн ичинде сабакта эмнени билгендигин, үйрөнгөндүгүн айтып бериши зарыл, өздөрүнүн тобуна жана башка эки топтун ишине баа берип, күчтүү жактарына токтолушу зарыл.

**V. Жыйынтык чыгаруу**

Мугалим теманы жыйынтыктайт. Калыстар тобу ар бир топтун ишине баа берет, алардын күчтүү жактарын белгилеп, балл боюнча жеңүүчүлөрдү аныкташат. Жеңүүчү топко «билерман» деген наам берилет жана «эң жакшы» деген баа коюлат.

**VI. Үй тапшырмасы**

«Өлкөбүздөгү илбирстерди сактап калуу үчүн кандай аракет кылуу зарыл?» аттуу темада чакан баяндама жазып келүү тапшырмасын үйгө берсе болот.

## «Эко-эстафета» оюну

Оюн жаратылышта, таанып билүү жүрүшүнө чыкканда же класста ойнолот. Оюн байкагычтыкка үйрөтөт. Экологиялык оюн бир нече этаптан турат: ар бир этапта балдарды мугалим/ассистент күтүп турушу керек, алар командаларга тапшырма беришет жана анын аткарылышын баалашат. Эстафетанын алдында тапшырмаларды таратып, ар бир командага өтө турган маршрутун айтып берүүгө болот. Бардык маршруттун ичинде окуучулар бул тапшырмаларды өз алдынча аткаруулары керек. Бардык этаптарды бат өтүп, марага биринчи келген жана көп балл топтогон команда утат.

Маршруттун ар түрдүү этаптары бар. Маршрут боюнча ар бир этапка өткөн катышуучулар ар түрдүү тапшырмаларды аткарып жана өздөрүнө балл топтошот.

Мисалы, тапшырмалардын этаптарына төмөнкүдөй аттарды коюуга болот:

***1. «Канаттуулардын үндөрү»:*** канаттууларды үнүнөн аныктоо. Эгер оюн имараттын ичинде ойнолсо, анда канаттуулардын сүрөтү тартылган плакаттарды жана үндөрүн жазып алуу керек. Эгер жаратылышта мугалим/ассистент бул этапта угуп жазган окуучулардын жазууларын текшеришет – кайсы канаттуулардын үндөрүн угушкан? Канча канаттуу?

***2. «Курт-кумурскалар»:*** бул этапта окуучулар жолунда кездешкен курт-кумурскаларды сүрөттөп, сүрөтүн тартып аныктоолору зарыл. Эгер оюн имараттын ичинде ойнолсо, балдар курт-кумурскалардын сүрөттөрүн таап, алардын аталышын жана кошумча билген маалыматтарын айтышат.

***3. «Кызыл китеп»:*** бул этапта окуучулар Кызыл китепке кирген, коргоого алынган өсүмдүктөр менен козу карындарды жазышат. Имараттын ичинде ар түрдүү өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү колдонулат. Окуучулар Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдү тандашат.

***4. «Бийик бактар»:*** бул этапта окуучулар жолунда кезиккен чоң бактардын аттарын жазышат. Эгер оюн имараттын ичинде ойнолсо, окуучулар бактын сүрөттөрүн таап, өздөрү жашаган аймактагы бактардын сүрөттөрүн тандашат. Алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып беришет.

***5. «Токойдогу кафе»:*** окуучулар бул этапта кездештирген желе турган өсүмдүктөрдү жазышат. Имараттын ичинде сүрөттөр менен иштешет. Ал сүрөттөрдүн ичинен өз аймактарынан кездештирип жүргөн  желе турган өсүмдүктөрдү тандашы керек.

***6. «Козу карындар»:*** окуучулар жолунда кездешкен козу карындарды сүрөттөшөт жана алардын аттарын аташат. Кайсы козу карындар желет, кайсылар желбейт аныкташат. Имараттын ичинде болушса, козу карындардын сүрөттөрү менен иштеп, желе турган козу карындарды табышат.

Оюндун акырында мугалим жыйынтык чыгарып, жеңүүчүлөрдү табат.

## «Көйгөйүбүздү ким чечет?» оюну

**Максаты:** ар түрдүү экологиялык проблемалардын түрлөрү, аларды чечүүнүн варианттары менен таанышуу, экологиялык проблемаларды чечүүдө жеке жоопкерчиликти көтөрүү.

**Катышуучулар:** жалпы класс, үч чакан топко бөлүнүшөт.

**Убактысы:** 15–20 мүнөт.

**Материалдар жана жабдуулар:** столдор менен отургучтар чакан топтордун иштөөсүнө ыңгайлуу болуп коюлат; форматы А4 болгон барактар; фломастерлер; стенд/доска.

**Даярдык:** столдор менен отургучтарды, барактарды, керектүү материалдарды коюу.

**Оюндун жүрүшү:**

Мугалим/алып баруучу катышуучуларды үч чакан топко бөлөт, ар бир топко 3 барактан таратат. Андан кийин катышуучуларга төмөнкү тапшырмаларды аткарууну сунуш кылат.

**1-тапшырма.** Ар бир топ экологиялык проблемаларды талкуулап, эң маанилүү деп эсептеген үчөөнү тандашат. Талкуулоо маалында бардык катышуучулар жамааттык бир пикирге келиши керек. Андан кийин ар бир барактын үстүңкү бөлүгүнө бир проблема жазылышы керек.

Тапшырма аткарылгандан кийин алып баруучу барактарды жыйнап алып, жазылган проблемаларды окуйт. Окшош жана түрдүү проблемаларды белгилеп, доскага жалпы тизмесин жазып, окуучулар менен бирге классификацияга бөлөт. Мисалы, глобалдык, аймактык, жергиликтүү, жеке белгилери боюнча. Андан кийин алып баруучу топторго (командаларга) кайрадан барактарды таратат, бирок ар бир топ өзүнүн барагын албайт.

**2-тапшырма.** Командалар аталган проблемалардын ар бирин чечүү жолдорун ойлонуп, барактын ортосуна жазышы зарыл. Алып баруучу барактарды жыйнап, проблемаларды жана аны чечүүнү сунуштаган жолдорду окуйт.

Барактар кайрадан таратылат, топторго өз барактары эмес башка топтун барактары тиет.

**3–тапшырма.** Бактын төмөн жагына экологиялык проблемаларды ким чечиши керектигин жазышат. Мисалы, өкмөт, жергиликтүү бийлик, эл аралык фонддор, жергиликтүү коомдук фонддор же топтор, шаардын/айылдын тургундары.

Алып баруучу катышуучуларга натыйжаларды окууну сунуш кылат. Доскага экиге бөлүнгөн айлана чиет. Ар бир жооп айтылган сайын айлананын бир бөлүгүнө белги коюп турат: бир жагы – «проблеманы мен чечем», экинчиси – «башка бирөө чечет». Мугалим катышуучуларга белгилердин коюлушун түшүндүрбөйт. Бардык жоопторду окуп бүткөндөн кийин алып баруучу катышуучулардан айлананын эки бөлүгүнө кайсы принцип менен белгилер коюлгандыгын сурайт.

Алып баруучу талкуунун жүрүшүндө экологиялык проблемалар жана аларды чечүүнүн жолдору боюнча жыйынтыктарды чыгарат. Андан кийин катышуучуларга мындай суроолорду берет: эмне үчүн биздин экологиялык проблемаларды кимдир бирөө чечиши керек? Бул проблемаларды жаратууда жоопкерчилик бизде эмеспи? Ар бирибиз бул экологиялык проблемаларды жекече, мектептик, көчөлүк, жергиликтүү коомчулуктун деңгээлинде чечүүгө жардам/аракеттерди берүүбүз мүмкүнбү?

## «Окшош түрдү тап» оюну

**Максаты:** окуучуларга «биоартүрдүүлүк» түшүнүгүн чечмелеп берүү.

**Катышуучулардын саны:** жалпы класс.

**Убактысы:** 10–15 мүнөт.

**Оюндун жүрүшү:**

Алып баруучу ар бир катышуучунун жанына келип, жаныбардын, канаттуунун же курт-кумурсканын аталышын айтат (мисалы, илбирс, карышкыр, аюу, марал, бака, чыч-

кан, бүркүт, аары, курт ж.б.). Ар бир жаныбарды эки башка окуучуга айтуу керек.

***Катышуучуларга тапшырма:*** эч сөз айтпастан, өзүңө окшош шеригиңди тап. Бул үчүн катышуучулар жаныбардын, канаттуунун, курт-кумурсканын үндөрүн, адаттарын, сырткы келбетинин өзгөчөлүктөрүн, кыймылын тууралашы зарыл.

Качан ар бири өзүнө окшош жандыкты тапканда, бул кайсы жаныбар экендигин, ал жөнүндө кыскача маалыматтарды: кайда жашайт, эмне жейт, сырткы кебетеси, өзгөчөлүгү ж.б. кызыктуу фактыларды айтып беришет.

Мугалим жыйынтыкташы зарыл. Жаратылышта ашыкча түр болбойт, ар бир түр маанилүү, анткени ал жаратылыш экосистемасындагы түрлөрдүн өз ара мамилесинде татаал түйүндөрдүн маанилүү чынжыры экендигине окуучулардын көңүлүн бурат. Түрлөр канчалык көп болсо, экосистема ошончолук туруктуу жана байланышы бекем. Түрлөрдүн азайышы менен байланыш үзүлөт, экосистема алсызданат. Түрлөрдүн жоголушу жөнүндө фактыларды келтирсе болот. Кыргызстандагы жоголуу коркунучунда турган жаныбарлар жөнүндө санап айтып берүү керек. Эмне үчүн жаныбарлардын жоголуп жаткандыгынын себептерин санап айтып берүү.

## «Жашоонун желеси» оюну

**Максаты:** экосистемадагы татаал байланыштарды көрсөткөн моделдер аркылуу экосистемадагы өз ара байланыштар жөнүндө окуучуларга билим берүү.

**Убактысы:** 10–15 мүнөт.

**Катышуучулардын саны:** 20–25.

**Материалдар жана жабдуулар:** 20–25 м болгон тасма же бышык жип; жандуу организмдердин сүрөттөрү же аттары жазылган карточкалар, экосистемада ар түрдүү кызмат аткарган: 4–5 продуценттердин түрү, ар түрдүү деңгээлдеги 2–3 консументтердин түрү, редуценттердин 3–4

түрү, ошондой эле жансыз жаратылыштын сүрөттөрү. Карточкаларга жип же тасма бекитилип, моюнга илип тагууга ылайыкталат. Кенен аянт зарыл болот.

**Оюндун жүрүшү:**

Оюндун катышуучулары бир карточканы тандап алып мойнуна илишет. Бардыгы айлана болуп турушат. Колуна түрүлгөн жиби бар алып баруучу ар бир катышуучудан өзүн аташын өтүнөт. Катышуучулардын милдети – экосистеманын моделин түзүү, жипти чыныгы экосистемадагы экологиялык байланыштарга, башкача айтканда, аларсыз жашай албаган жансыз жаратылыштын «организмине» же элементине беришет. Өз тандоосун сөзсүз түшүндүрүп бериши зарыл.

Эгер окуучулар кыйналышса, мугалим бул байланыш, мамилелерди алар баамдап байкай алгандай суроолорду берет. Мисалы:

Күн эмнени берет? (Энергия).

Күндүн энергиясы кантип өсүмдүктөргө берилет? (Фотосинтез аркылуу).

Кайсы жаныбарлар өсүмдүктөр менен азыктанып, кантип күн энергиясын алышат? (Чөп жеген жаныбарлар).

Кайсы жаныбарлар чөп жеген жаныбарлар менен азыктанышат? (Жырткыч жаныбарлар жана канаттуулар).

Алып баруучу окуучуларга суроолорду берүү менен азык жана азыктан тышкары байланыштарды аныктайт. Экосистема түзүлгөндөн кийин алып баруучу бир кадам артка жылат. Ал бардык катышуучулардан бири-бири менен байланышты сезип, жипти катуу тартууну өтүнөт.

Андан кийин экосистемада ар түрдүү байланыштардын бузулушу көрсөтүлөт. Мисалы, экосистемада продуценттер же редуценттер, жандуу организмдердин конкреттүү түрү жок болгондо, абал кандай болорун көрсөтүү үчүн түрлөрдүн аты аталат. Аталган түрлөр кеткен сайын тартылган жиптер бошоңдойт, колдор ылдый түшөт, бирок жиптерди коё бербей кармаш керек. Бошогон жиптерди сезген катышуучулар да колдорун ылдый түшүрүшөт. Акырында жип толук жерге түшөт, организмдер менен болгон

байланыштар жок, экосистема бузулат. Бул көнүгүү аяктаган соң, алып баруучу экосистемада өз кызматын аткарган экосистеманын ар бир звеносунун бекем байланыштарынын маанилүү экендигин айтып жыйынтыктайт.

Акырында катышуучулар «жашоо жибин» кайра артка түрөт.

Карточка үчүн мисалдар (аталышын же сүрөтүн кошуу).

***Продуценттер:*** чөп, жалбырак, козу карын, суу өсүмдүктөрү.

***Консументтер:*** өсүмдүк жечүлөр (уй, эчки, марал, аркар, коён), жырткычтар (илбирс, арстан, жолборс, леопард, сүлөөсүн, карышкыр, түлкү, үкү, бүркүт), бардыгын жегендер (аюу, кирпи, чычкан, каман).

***Редуценттер:*** бактериялар, козу карындар, курттар, үлүлдөр, эшек курттар.

***Жансыз жаратылыш:*** күн, суу, аба, топурак, шамал.

## «Образдар жана сөздөр» оюну

**Максаты:** образдуу элестетүү аркылуу теориялык түшүнүктөрдү билүү.

**Катышуучулардын саны:** класстын жалпы окуучулары (25–30 окуучу).

**Убактысы:** 15–20 мүнөт.

**Материалдар жана жабдуулар:** 4–5 топ үчүн столдор жана отургучтар коюлат; доска/стенд; ар бир топко барактар, бирден ватман же флип-чарт; фломастерлер; экологиялык жазуулары бар кагаз тилкелер, кайчылар.

Оюндун башталышында баракка экологиялык мисал же аныктама жазылат. Мисалы, мергенчилер терисин алуу үчүн илбирстерге аңчылык кылышат, тоолуу экосистемалардын башка жаныбарларын – тоо текелерин, аркарларды атуу менен илбирстердин азык базасын азайтышат.

Тоодогу жайлоолорго мал жаюу өсүмдүктүн өсүшүн азайтат жана түшүм берүүчү топуракты арыктатат. Топу-

рактын эрозиясын пайда кылып, жапайы жаныбарлардын азык базасын кыскартат.

***Антропогендик факторлор*** – айлана-чөйрөнү жана климатты өзгөрткөн адамдын ишмердүүлүгү, алардын ичинде бул факторлор бар: жерди интенсивдүү пайдалануу жана мал чарбачылыгын жүргүзүү, көмүр кычкыл газынын атмосферага тарашы, токойлорду кыюу.

***Азык же трофикалык чынжыр*** — звенолордун курамы, алардын ар бири кошуна звенолор менен байланыш катышта болушат, организмдердин бир тобу экинчи бир топторго азык болот.

***Редуценттер*** – азык чынжырынын акыркы звеносу, анда организмдер органикалык эмес заттарды органикалык кошулмаларга айлантышат.

Алып баруучу баракка жазылган тексттерди окуйт. Эки жолу да окуса болот. Андан кийин баракты бир нече бөлүктөргө бөлүп кесет (бир топтогу адамдын санына жараша, мисалы, 5 бөлүккө бөлөт), фразадагы бир нече сөздү калтырат. Фразалар ар бир оюндун катышуучусуна жетиши керек.

Алып баруучу катышуучуларга өз барагындагы сөздөрдү окуп, башка катышуучулар менен толук фразаны чогултушун өтүнөт. Сүйлөмдү толук чогулткан окуучулар бир топко чогулушат.

Ар бир топ өз столдоруна отургузулат. Мугалим топторго тапшырма берет. Топтогу окуучулар 5–10 мүнөттүн ичинде фломастер менен ватманга же флип-чартка өз сүйлөмдөрүнүн мазмунун, маанисин чагылдырган сүрөт тартып илишет. Ватмандын үстүңкү бөлүгүнө аныктаманы/сүйлөмдү толук жазышат.

Андан кийин ар бир топ өз сүрөттөрүн көрсөтүп, аныктаманы/сүйлөмдү кандайча түшүнгөндөрүн кыскача айтып беришет. Акырында алып баруучу топтун ишин баалайт.

# Брейн-ринг форматындагы «Этно-экологиялык калейдоскоп» оюну

**Брейн-ринг**

Бир нече команда суроолорго тез жооп берүү аркылуу жарышкан интеллектуалдык мелдеш.

**Оюндун эрежеси:**

Брейн-ринг форматындагы оюн бир окуу жылынын ичинде өткөрүлөт. Силерге жөнөкөй эрежелер менен оюнду уюштурууну сунуш кылабыз.

1. Брейн-ринг өткөрүү үчүн 3 мугалимден турган уюштуруу комитети түзүлөт.
2. Окуу жылынын башында оюн жөнүндө маалымат жазылган плакатты илүү керек. Анда оюндун эрежелери, өтө турган мөөнөтү көрсөтүлөт. Маалыматты жалпы мектептин линейкасында кулактандырууга да болот.
3. 6–9-класстын окуучулары 5 адамдан турган өз командаларын түзүшөт. Командада ар түрдүү класстын окуучулары болушу мүмкүн. Команданын капитаны, аталышы, эмблемасы тандалат.
4. Бардыгы 8 команда болушу керек.
5. Биринчи оюн башталганга чейин чүчүкулак кармалат. Коробкага (кутуга) 8 команданын аты жазылган барактар салынат. Команданын капитандары кезектешип, бирден барак алышат. Эгер өз командаларынын атын алып чыгышса, анда кайра башка баракты алышат. Ошентип төрт атаандаш командалар тандалып, алар бири-бири менен жарышышат.
6. Алып баруучуну чоң класстын окуучуларынын ичинен тандаса болот.
7. Категориялар боюнча суроолор дайындалат.
8. Биринчи чейректе 8 команда тең ойношот. Туура жооп берип, 5 балл топтогон команда жеңүүчү болот. Натыйжада 4 команда утат, 4 команда утулат.
9. Экинчи чейректе 4 утулган команда ойнойт. Туура жооп берип, 5 балл топтогон команда жеңүүчү болот. Натыйжада 2 команда финалга өтөт, алар үчүнчү орун үчүн жарышат.
10. Үчүнчү чейректе 1-чейректе жеңишке ээ болгон 4 команда жарышат. Туура жооп берип, 5 балл топтогон команда жеңүүчү болот. Натыйжада 2 команда жеңип, финалга өтүп биринчи орун үчүн жарышат.
11. Төртүнчү чейректе финалдык оюн болот. Адегенде 2 команда үчүнчү орун үчүн жарышат. Андан кийин 2 команда 1-орун үчүн атаандашат.
12. Биринчи, экинчи, үчүнчү орун алган командалар аныкталат. Алар медаль жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышат. Жеңүүчү команда статуэтка (жаныбардын, мисалы, илбирстин статуэткасын) алат. Бул статуэтка кийинки окуу жылында, жаңы сезондо ойногон башка жеңүүчү командага ыйгарылат.

**Брейн-рингди өткөрүү үчүн зарыл болгон материалдар:**
*1. Кара куту;*
*2. Ар түрдүү түстөгү эки желекче: кызыл жана жашыл болсо болот;*
*3. Секундомер (компьютер секундомерин коюу);*
*4. Медалдар, белектер жана жапайы жаныбардын келбетиндеги статуэтка (мисалы, илбирс);*
*5. Жазуу үчүн барак;*
*6. Ар түрдүү категориялар боюнча суроолор (оюн башталганга чейин купуя болушу керек).*

**Максаты:** кыргыздардын салттуу маданияты жана жаратылышы, айлана-чөйрө жөнүндө окуучулардын билимдерин кеңейтүү жана бекемдөө.

**Милдети:**

- Кыргызстандын маданияты жана жаратылышы жөнүндө окуучулардын билимдерин тереңдетүүгө кызыктыруу;
- жамааттык талкуулоодо туура чечимди табуу;
- өз оюн айтуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, ошондой эле башкалардын ойлорун угуу жана сыйлоо.

**Залды жасалгалоо:** мелдешип жаткан командалар үчүн столдор менен отургучтар класстын же залдын ортосуна коюлат, башка катышуучуларга жана көрүүчүлөргө да отургучтар коюлат. Дубалга экологиялык темаларга арналган плакаттар илинет.

**Материалдар:** конкурстар үчүн тапшырмалар, эки желекче, барактар, калем саптар, секундомер, кара куту, музыкалык коштоо.

**Оюнду өткөрүүгө сунуштар:** бир окуу жылынын ичинде 4 оюнду ар бир чейректе ойноого болот. 6–9-класстын окуучуларынан түзүлгөн 8 команда 5 кишиден болуп ойносо болот (бир же эки класс менен чектелет).

**Оюндун жүрүшү:**

Уюштуруу комитетиндеги мугалимдердин бири оюндун катышуучуларын жана көрүүчүлөрүн оюндун башталышы

менен куттуктап, командаларга ийгилик каалайт. Кыскача оюндун эрежелери менен тааныштырат. Андан кийин алып баруучуга сөз берет.

***Алып баруучу:*** Бизди курчап турган айлана-чөйрө бай жана ар түрдүү. Көптү билгиси келген адам дайыма көп нерселерди өздөштүрүүгө аракет кылат. Адамдар жаратылыштын сырларын таанып-билүүгө же ар түрдүү элдердин маданияттарын үйрөнүүгө умтулса да, дагы эле көптөгөн суроолор менен табышмактар калат. Брейн-рингге катышуучулар өлкөбүздүн маданияты жана айлана-чөйрөнүн жаратылышы жөнүндө өз билим деңгээлдерин көрсөтүшү керек.

Калыстар тобу менен тааныштырууга уруксат этиңиздер. (Калыстар тобу мугалимдер, мектептин жетекчилиги, чакырылган адамдар болушат).

Бардык командалар тааныштырылат. (Командалардын капитандары өз командаларын тааныштырат, аталыштары, эмблемасы жөнүндө чечмелеп айтышат).

Оюндун башталышына чейин командалар чүчүкулак кармашат. Командалар төмөнкү атаандаштар менен мелдешет. Командалардын бири туура жооп берип, 5 балл алганга чейин ойнолот. Суроого ойлонууга 1 мүнөт берилет. Желекчени биринчи көтөргөн команда биринчи жооп берет. Эгер жооп туура болбосо, экинчи команда жооп берет. Сөзсүз аткарыла турган шарт: суроолорду акырына чейин угуш керек. Эгер желекчени эрте көтөрсө, анда ал фальцстарт катары эсептелет жана жооп берүү укугу кийинки командага өтөт. Күйөрмандар тынчтыкты сакташы зарыл. Эгер зал жообун айтып койсо, эсепке алынбайт. Эгер командалар 1 мүнөттүн ичинде туура жоопту билбесе, желекче көтөрбөсө, кийинки суроого өтүү керек.

Анда эмесе, даяр болсоңор брейн-рингди баштайбыз!

Силерге суроолор ар түрдүү категориялардан берилет. Бул кандай категориялар?

1. «**Жаратылыш билермандары**» категориясы. Биздин

планетабызда ар түрдүү жандуу организмдердин көп сандаган түрлөрү жашарын билебиз. Кыргызстандын да жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсү бай жана көп түрдүү. Силерге жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсү, адам менен жаратылыш тууралуу суроолор берилет.

2. **«Жаратылыш кыргыз адабиятында»** категориясы. Акын-жазуучулар чыгармалары аркылуу адамдардын көңүлүн жандуу жаратылыштын проблемаларына жана аны сактоого бурууну көздөшөт. Төмөндө жаратылыш темасына арналган акын-жазуучулардын чыгармаларынан же чыгарма кайсы акын же жазуучуга таандык экенин табуу үчүн суроолор берилет.

3. Кийинки категория **«Көчмөн маданият»** деп аталат. Байыркы замандардан эле кыргыз эли жаратылыш менен эриш-аркак жашап келген. Кыргыздардын тиричилиги жана кол өнөрчүлүгү колдонууга оңой жана экологиялык таза. Көчмөн жашоодо ашыкча нерселерди колдонушкан эмес. Силер байкагандай бул категорияда көчмөн маданиятка тиешелүү суроолор берилет.

4. **«Улуттук кийимдер»** категориясы. Кыргыздардын улуттук кийимдеринин өзгөчөлүгү – көчмөн жашоо шартына ылайык жана ат минүүгө ыңгайлуу жасалган. Функционалдуулук – көчмөндөрдүн кийимдеринин негизги өзгөчөлүгү. Эгерде силерге бул категориядан суроо келсе, анда улуттук кийимдерди сүрөттөлүшү боюнча табуу керек.

5. **«Макал жана ылакаптар»** категориясы. Макал-ылакаптар муундан-муунга өткөн. Алар кылымдар бою элдин даанышмандыгын чагылдырган, алардын маанисин убакыт өтсө да жоготушкан эмес. Макал-ылакаптар аркылуу балдарга жашоонун жана жүрүш-туруштун эрежелери, акыл-насааттары берилген. Эгер бул категориядагы суроолор келсе, макал-ылакаптарды улантуу зарыл.

***Алып баруучу:*** Анда, биринчи эки команданы оюнга чакырам, орун алыңыздар. Биз оюнубузду баштайбыз.

Командалар эки-экиден чыгып, командалардын бири 5

балл алганга чейин суроолорго жооп беришет. Бир туура жооп – бир балл. Калыстар балл коюп, жеңген жана утулган командаларды жазып турушат. Окуу жылынын ичинде үч оюн жана бир финалдык оюн болот.

Финалдык оюн жыйынтыкталгандан кийин жеңүүчүлөр сыйланышат. Алып баруучу жана уюштуруучулар жыйынтыктоо сөздөрүн айтышат:

Биз силердин байыркы маданиятты жана жаратылыштын баркын билип баалаган адамдардан болушуңарга ишенебиз. Эгер силер бир бак тигип өстүрсөңөр да, өсүп жаткан гүлдөрдү үзбөсөңөр, жерибизди таштанды менен булгабасаңар жаратылышка көбүрөөк пайда келтиресиңер. Ата-бабаларыбыздын акылмандыгы, жерге жана жаратылышка, бардык жандууларга сарамжал мамиле кылуу керектиги жөнүндө насааттары силердин жүрөгүңөрдө калса, анда жүрүш-турушуңар туура болуп, жерибиздин жана маданиятыбыздын кооздугун кийинки муундарга сактоого жардам берет.

Кийинки окуу жылындагы жаңы брейн-рингге чейин балдар!

«Этно-экологиялык калейдоскоп» оюнуна болжолдуу суроолор (башка суроолорго алмаштырып, жаңы суроолорду кошсоңор болот).

**«Жаратылыш билермандары»** категориясы.

1. Жалал-Абад областынын Чаткал өрөөнүнүн түштүк-батыш бөлүгүндөгү корук кандай деп аталат?

2. Жаратылыш эстеликтери деп эмнени айтышат?

3. Кара куту. Адегенде бул нерсе баалуу оромо материал катары ойлонуп табылган. Мисалы, баалуу белектерди, гүлдөрдү, зергер буюмдарын орошкон. Азыркы учурда орой турган кызматын жоготуп, планетанын таштандысы болуп калды.

4. Бардыгы Кызыл китеп эмне экендигин билет. Ал эми «Кара тизме» деген эмне?

5. Айлана-чөйрөнүн кандайча булганышын антропогендик деп аташат?

6. Чөлдө эмне алтындан кымбат?

7. Үйдөгү абаны тазалоочу негизги булактар кайсы?

8. Бул – кычкылтектин бир формасы. Үч атомдон турат. Атмосферанын үстүңкү катмарларында 19–35 км катмарында пайда болот. Ал жер жүзүндөгү жашоону күндүн нурдануусунан коргоп турат. Бул эмне?

9. Кайсы жандык жандуу жана жансыз жаратылышка активдүү таасирин тийгизет, аны түп-тамырына чейин өзгөртө алат?

10. Биологиядагы космополиттер деген эмнелер?

11. Эндемиктер деген эмне?

12. Кара куту. Нью-Йорк зоопаркында брондолгон айнектери менен таш павильон бар, анда мындай жазуу жазылган: «Бул жерде жер жүзүндөгү эң коркунучтуу жаныбар жашайт». Павильондо эмне бар, тапкыла?

13. 1866-жылы немец экологу Э.Геккель кайсы илимди «Жаныбарлар жана адамдардын жашоо чөйрөсү менен тыгыз карым-катнаш мамилелеринин илими» деп атаган?

14. Жаратылыштагы кайсы жип эң ичке?

15. Биздин планетабыздагы жандуулардын бардыгы жашаган катмар эмне деп аталат?

16. Кайсы жаныбар колу менен учат, түстөрдү тааныбайт, кулагы менен көрөт, бутун өйдө каратып уктайт?

17. Таза суунун негизги запастары кайсы жерде деп ойлойсуңар? Дарыялар менен көлдөрдөбү, мөңгүлөрдөбү, айсбергдеби же уюлдагы карларда жана жасалма суу сактагычтардабы?

18. Токойдогу өчүрүлбөгөн оттун кесепети?

19. Күндүз аңчылыкка чыккан жырткыч канаттуулардын (бүркүттөр, шумкарлар, таз жорулар) канаттары бекем жана ийилчээк болот, түнкү жырткыч канаттуулардыкы (үкү, филин, бабырган) – жумшак жана сейрек. Бул фактыны кантип түшүндүрүүгө болот?

20. Илбирстин балдарынын көзү ачылып туулабы же жумулуу туулабы?

21. Рактар дайыма эле артын көздөй жылабы?

22. Дүйнөдөгү эң чоң канаттуу кайсы?

23. Жөргөмүштү курт-кумурска деп атоого болобу?

24. Кайсы жандык чоңойгончо үч жолу жаралат (туулат)?

25. Эмне үчүн көпчүлүк чөл өсүмдүктөрүнүн жалбырактарынын ордуна тикенек же ийнеси болот?

26. Күн караманын «башы» чак түштө кайсы жакты карап калат?

27. Бул жаныбар сейрек кездешет, Кыргызстандын жана Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн фаунасын кооздоп турат. Ал ири мышыктар тукумуна кирет.

28. Байыртадан кыргыздар ыйык жаныбар деп санашкан. Кыргызстандын Кызыл китебине кирген. Аны Нарын коругунан гана көрүүгө болот. Бул аталыштагы уруу да бар.

29. Тянь-Шандын тоолорунда гана кездешет. Бийиктиги 60 метрге, сабагынын диаметри 2 метрге чейин жетет. Орточо өсүү узактыгы 250–300 жыл. Кайсы өсүмдүк жөнүндө сөз болуп жатат?

30. Илбирстин куйругунун узундугу канча?

31. Илбирстер канча мамлекеттин территориясына таралган?

32. Илбирстер күнү качан белгиленет?

33. Кандай экосистемада илбирс жашайт?

34. Илбирс ырылдап-иркырай алабы?

35. Илбирстер адатта канча бала тууйт?

**«Жаратылыш кыргыз адабиятында»** категориясы.

1. Бул ыр саптарынын автору ким?
   Жер деген боз топурак.
   Эгер өнсө: арпа, буудай, алма бак,
   Суулар агып, куштар сайрап, мал ойноп,
   Адам жыргап, салкынына салкындап,
   Ар жыл сайын түшүмүнөн жаңылбай,

Берип турса жердин аты акталмак.
Эгер мындай касиети болбостон,
Жалаң гана көмүлүүгө жараса,
Жер дегендин жердигинде кайсы атак?

2. Бул кайсы роман?

Бул роман Ч.Айтматовго таандык. Андагы идея адамзат жаратылышынын карама-каршылыгынын негизинде түзүлгөн. Бир жагынан адам өзү жаратылышты колдонот жана багынтат, өз ишмердүүлүгүнүн жемишин пайдаланат, экинчи жагынан кайра куруулары менен аны бузат. Ошентип, жаратылыш адамзаттын дүйнөсүнө айланат. Дисгармония трагедияга айланат.

Романда карышкырлар менен адамдардын тагдыры сүрөттөлөт.

3. Бул кайсы чыгарма, автору ким?

Бул акындын чыгармачылыгында жаратылыш өзгөчө орунда. Бул ырын 7 күн, 7 түн айткан экен.

4. Бул кайсы чыгарма жана анын автору ким?

Акындын бул ырында жаратылыш кубулуштарына түшүндүрмө берилет. Поэмада от айтат:

«Табым ысык күйдүрөт,
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам,
Көпчүлүктү жыргаткан
Күндүн нуру өзүмдө.
Жердин жүзүн нурланткан,
Жарыгымын баарынын».

5. Бул кайсы поэма, анын автору ким?

Бул поэмада Кыргызстандын флора жана фаунасына 400гө жакын ыр саптары арналган. Анын 150 ыр сабы канаттууларга арналат. Поэмада Чүй өрөөнү сүрөттөлөт.

6. «Эр Табылды» эпосунда Кыргызстандын кайсы аймагы сүрөттөлгөн?

Будурдун чөбү суюлган
Бугусу төштөн куюлган.
Улуу тоонун башынан
Улардын үнү угулган.
Зоосунда теке даңкайган,
Тоолору көркөм заңкайган.
Төрүндө төлдөп аюусу,
Төбө чачы саксайган.
Чыбырык түлкү жойлогон
Чычканын терип тойлогон,
Илбирс, жолборс, жез тумшук
Изин куушуп ойногон.
Байкап турса Ала-Тоо
Бар илбесин чубаган.

7. Бул кайсы чыгарма?

Бул чыгармада жаратылышка зыян келтиргендиги үчүн катуу жазаланган атанын оор кайгысы жөнүндө айтылат. Кийинки муундарга чоң экологиялык сабак болгон. Мергенчи өз уулун чаарчык экен деп атып алат.

8. Кайсы эпос жөнүндө кеп болуп жатат?

Бул кенже эпос. Анда жаратылышты кыйратуу сүрөттөлгөн. Мергенчи ашыкча аңчылык кылгандыгы үчүн каргышка калып, асканын башынан түшө албай өлөт?

9. Кожожаш мергенге ким минтип айтып жатат?

Бербедиң теке курбумду
Өчүккөн кегиң бар беле?
Кырып бүттүң тукумду,
Өксүгөн көнбөй сөзүмө.
Өзүңө өзүң кылганың,
Сенин бир күн Кожожаш
Көзүңдө жашың көл болор

10. Бул ыр саптарынын автору ким?

Адыры болбой тоо болбойт,
Шагылы болбой зоо болбойт,
Камышы болбой саз болбойт,
Өрдөгү болбой көл болбойт.
Ашуусу болбой бел болбойт,
Беш тогоол өтпөй жаз болбойт,
Кар бузулбай сел болбойт.

11. Калыгул акын ырында кайсы көлдү сүрөттөгөн?

Күнгөйдөн агат миң булак,
Тескейден агат миң булак,
Аягына агып чыкпайт бир булак!
Тегереги туюк,
Төбөсү бийик.

12. Бул кайсы чыгарма, автору ким?

«Султанмурат башын шак көтөрүп асманды карады. Төбөсү ачык, түбү жок, тунук көктө коңгуроодой үн салып, кээде бир-бирине орун алмашып коюп, эки ача тизилген турналар учуп баратыптыр. Бийик учуп баратышат. Бирок асман андан да бийик».

13. Бул кайсы чыгарма, автору ким?

«Ак кар, көк муз жердеген бу жаныбарды ушундан улам мөңгү барсы дешет, ал эми тоо жырткычтарын изилдеген илим анын түпкү тегин мышыктарга алып барат да, андан кийинкисин кабылан тукумунан тараган Теңир-Тоонун мөңгү барсы экендигин айтат....»

14. Бул ыр саптары кайсы ойчулга таандык?

Басып чуркап кетүүгө
Боорунда буту жок же жамынарга үстүндө түгү жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Тарбаңдаган шор тумшук
Таш бака байкуш кантти экен?

15. Бул ыр саптары кайсы ойчулга таандык?

Суугa муздап,
Сөөгү сыздап,
Муз алдында тумчугуп,
Көргүлүктү көргөн чыгар
Балык байкуш кантти экен?
Жанын сууда жашырып жүргөн,
Жаян байкуш кантти экен?

**«Көчмөн маданият»** категориясы.

1. Үйдүн дубалына илине турган, саймаланып кооздолгон буюм. Узун төрт бурчтук формасында болот.

2. Жерге салуу үчүн ар түрдүү түстөгү кийизден оюу салынып жасалган кооз, жылуу буюм. Азыркы убакта да жасалып, колдонулат. Бышык шырылгандыктан көп жыл бою урунууга болот.

3. Ичи кара жүндөн, бетине түркүн түстүү жүндөрдөн чоң-чоң оюулар салынып жасалып жерге төшөлөт. Анын үстүнөн жылан же чаян сойлоп өтө албайт дешет.

4. Идиш-аякты сала турган ашкана буюму. Көбүнчө ак жана кара кийизден шырылып жасалат. Анын бетине оюу салынып, чети чачы менен кооздолот. Ал боз үйдүн керегесине эки кулагынан илинет.

5. Өрмөктөн согулуп тигилген кош көздүү чоң баштык. Көчкөндө анын ичине буюмдарды салып, атка, төөгө, өгүзгө тең салмактап артышкан.

6. Териден жасалып, кымыз ачыта турган идиш.

7. Ак куюучу идиш. Сабаа жана чаначтан арткан териден бычып, ыштап жасашат.

8. Кымыз куюу үчүн эчкинин, уйдун, төөнүн терисинен жасалган идиш. Өзгөчө кооздолуп, формасы кыргыз оюусун элестетип турат.

9. Ал туюк союлган эчкинин терисинен жасалат. Ага кымыз куюп ташышкан.

10. Кичинекей кол тегирмен. Аны менен арпа, буудай,

жүгөрү, таруунун данын тартып, ун, талкан кылышкан.

11. Казандагы кайнап жаткан этти оодаруу жана аны чыгаруу үчүн колдонулган жыгач саптуу, эки же үч тиштүү темирден жасалган буюм.

12. Көчүп конууга ыңгайлуу, жеңил тигилген жана чечилген турак жай.

13. Терезе сыяктуу аба алмашып, жарык кирген жана түтүн чыккан нерсе.

14. Көчкөн кезде эң керек
Буюм-тайым салынат.
Эки көздүү бул баштык
Тай, кунанга артылат.

15. Бардык идиш-аяктар
Бул нерсеге салынат.
Ал кийизден жасалып,
Четине чачы тагылат.

16. Салып алып керектүү
Буюмдарын жанына,
Көтөрүшкөн апалар
Колдорунда дайыма.

17. Жасалат ал жыгачтан
Тик бурчтуу чоң куту.
Кийим-кече кайтарат
Боорундагы бир кулпу.

18. Ашатылып бул тери
Майлап анан ышталат.
Керегеге илинип,
Ага кымыз бышылат.

19. Ысык отко чыдамдуу
Чоюндан ал жасалат.
Даярдалып даамдуу
Тамак-аштар асылат.

20. Ыштап эчки терисин
Идиш кылып коюшкан.
Кымыз куюп жайкысын
Жайлоодон кымыз ташышкан.

21. Илгерки кол тегирмен
Данды майда майдалайт.
Арпа, буудай, жүгөрү
Ун, талканга айланат.

22. Бул идиштин негизи
Уйдун, төөнүн териси.
Элибиздин эң бир кооз
Кымыз куйган идиши.

23. Сынбасын деп көчкөндө
Ары-бери термеле.
Салып бекем катышкан
Чыныларын эмнеге?

24. Бул идишке толтуруп
Кымыз, сүттү куюшкан.
Илүү үчүн баканга
Боо тагылат кайыштан.

25. Абдан ысык казанды
Оттон алып чыгарда
Кулактарын кармагыч –
Эмне экенин тап анда!

26. Көпчүлүккө суу куюп,
Элпек бала бата алат.
Жезден ийип жасалат –
Мунун атын ким табат?

**«Улуттук кийимдер»** категориясы.

1. Кийизден жасалган эркектердин баш кийими. Ак кийизден жасалат. Анын тигилишине жараша кийген ээсинин жашын жана статусун билүүгө болгон.

2. Териден талаасы жок тигилген эркектердин баш кийими.

3. Койдун терисинен тигилген узун жеңи бар кышкы кийим. Этек, жеңи жана жакасы көрпөдөн тигилет.

4. Ар түрдүү жаныбарлардын терисинен тигилген кышкы сырт кийим.

5. Жаз-күз кийилүүчү сырт кийим, түрдүү кездемелерден шырылып тигилет. Эркектер да, аялдар да киет.

6. Кийизден тигилген эркектердин сырт кийими. Суу өткөрбөгөндүктөн жамгырда кийилет.

7. Териден тигилген шым. Багалеги кенен бычылып саймаланат.

8. Аялдардын баш кийими. Узун ак чүпүрөктөн оролот. Аны турмушка чыккан аялдар кийген.

9. Аялдардын элечектин ичинен кийген топусу. Ал терди сиңирип, элечекти кирдетпей сактаган. Сайма жана шурулар менен кооздолгон.

10. Кыздардын баш кийими, аны 9–12 жаштагы кыздар кийишкен, үкүнүн канаттары менен кооздолгон.

11. Турмушка чыккан аялдар белине тарткан. Этеги тери менен кыюуланган. Кенен тигилип, калың белиндеги куру белди бекем кармап турган.

12. Көйнөктүн сыртынан кийилген жеңи жок кийим. Саймаланып кооздолуп тигилген.

13. Кыздардын шаан-шөкөттүү баш кийими. Үстү баркыт тышталып конус формасында тигилген. Четине баалуу аң тери карматылат.

14. Бели кымча тигилген сырткы кийим.

15. Жеңи кыска, узун кийим. Аялдар көйнөктүн сыртынан кийишкен.

**«Макалдар жана ылакаптар»** категориясы.

1. Адам кааласа таштан суу, такырдан … .
2. Айыл байыса — … .
3. Бир тамчы суу кумурскага … .
4. Жерге өзүң ийилбесең, жер сенден … .
5. Жерде жаткан жумуртка, асманда … .
6. Жеринен ажыраган жети жыл ыйлайт, элинен ажыраган …
7. Кен асылы — жерде, сөз асылы — … .
8. Сууну көп кечсе чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө …  .
9. Суунун жакыны, төркүндүн … .
10. Таза болсоң суудай бол — баарын жууп кетирген, балбан болсоң жердей бол — … .
11. Туулган жердин ташы алтын, суусу … .
12. Элүү жылда — эл жаңырат, жүз жылда — … .
13. Илим – элдин көркү, токой – … .
14. Жерин сүйбөс эл болбойт, …  .
15. Жырткычтар бар жерде … .
16. Кайберендин каргышы менен … .
17. Карышкыр картайса да, … .
18. Көл канчалык терең болсо да, … .
19. Тоо канчалык бийик болсо да, … .
20. Суу жердин каны, жер … .

## Оюндун жооптору

**«Жаратылыш билермандары»** категориясы:

1. Беш-Арал мамлекеттик коругу. 2. Сейрек кездешүүчү, жоголуп бараткан, илимий жана эстетикалык баалуу жаратылыш объектилери. 3. Полиэтилен. 4. Жер жүзүнөн жоголуп кеткен түрлөрдүн тизмеси. 5. Адамдардын ишмердүүлүгүнүн кесепетинен булганууну. 6. Суу. 7. Үй өсүмдүктөрү. 8. Озон. 9. Адам. 10. Жер жүзүнүн дээрлик бардык бөлүктөрүндө жашаган өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү . 11. Белгилүү аймактарда, чектелген

территорияларда гана өскөн өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү. 12. Күзгү. 13. Экология илимин. 14. Желе. 15. Биосфера. 16. Жарганат. 17. Мөңгүлөрдө, айсбергдерде жана уюлдагы карларда. 18. Өрт. 19. Жумшак жана сейрек канат үкүлөрдүн түнүчүндө үн чыгарбай учуп, аңчылык кылуусун камсыз кылат. Үн чыгарбай учуу менен олжосун угуп, капыстан кармап алууга жардам берет. 20. Жумулуу. 21. Рак дайыма артты карай сүзөт, бирок азыгына жетүү үчүн алдыны көздөй умтулат. 22. Африка төө кушу. 23. Жок. Курт-кумурскалардын 6 буту, ал эми жөргөмүштүн 8 буту болот. 24. Көпөлөктөр: жумуртка, курт, куурчакча. 25. Алар өсүмдүктөргө сууну сарамжал колдонууга жардам берет. 26. Күндү карайт. 27. Илбирс. 28. Бугу, марал. 29. Тянь-Шань карагайы же Шренк карагайы. 30. 100 см ге жакын. 31. 12 өлкөдө. 32. 23-октябрда. 33. Бийик тоолуу экосистемада. 34. Жок. Анын көмөкөйү башкача түзүлгөндүктөн, арстан, жолборстордой ырылдап-ыркырабайт. 35. 2 же 3.

**«Жаратылыш кыргыз адабиятында»** категориясы:

1. Алыкул Осмонов «Жер деген эмне?» 2. «Кыямат» романы. 3. Жеңижок «Аккан суу». 4. Тоголок Молдо «Жер жана анын балдары». 5. Молдо Кылыч «Чүй баяны». 6. Нарын. 7. «Карагул ботом» кошогу. 8. «Кожожаш» эпосу. 9. Сур эчки. 10. Калыгул Бай уулу. 11. Ысык-Көл. 12. Ч.Айтматов «Эрте келген турналар» чыгармасы. 13. Ч.Айтматов «Тоолор кулаганда» романы. 14. Асан кайгы. 15. Асан кайгы.

**«Көчмөн маданият»** категориясы:

1. Туш кийиз. 2. Шырдак. 3. Ала кийиз. 4. Аяк кап. 5. Куржун. 6. Сабаа. 7. Көнөчөк. 8. Көөкөр. 9. Чанач. 10. Жаргылчак. 11. Чеңгел. 12. Боз үй. 13. Түндүк. 14. Куржун. 15. Аяк кап. 16. Баштык. 17. Сандык. 18. Сабаа. 19. Казан. 20. Чанач. 21. Жаргылчак. 22. Көөкөр. 23. Чыны кап. 24. Көнөчөк. 25. Туткуч. 26. Кумган.

**«Улуттук кийимдер»** категориясы:

1. Калпак. 2. Малакай. 3. Тон. 4. Ичик. 5. Чепкен. 6.Кементай. 7. Кандагай. 8. Элечек. 9. Кеп такыя. 10. Үкү топу. 11. Белдемчи. 12. Чыптама. 13. Шөкүлө. 14. Бешмант. 15. Кемсел.

**«Макалдар жана ылакаптар»** категориясы:

1. Гүл чыгарат. 2. Жер байыйт. 3. Дарыя болуп көрүнөт. 4. Кийин дейт. 5. Учкан куш болот. 6. Өлгөнчө ыйлайт. 7. Элде. 8. Тантык болот. 9. Алысы жакшы. 10. Баарын чыдап көтөргөн. 11. Дары. 12. Жер жаңырат. 13. Жердин көркү. 14. Элин сүйбөс эр болбойт. 15. Эт жатпайт. 16. Эненин каргышы бирдей. 17. Бир козуга алы жетээр. 18. Түбү бар. 19. Төбөсү бар. 20. Дыйкандын жаны.

## «Кыргызстан боюнча саякат» оюну

**Оюндун максаты:** окуучуларды Кыргызстандын уникалдуу жаратылыш жайлары жана жаратылыш объектилери, ар бир областындагы өзгөчөлүктөр менен терең тааныштыруу.

**Оюнга даярдык:** оюнду баштардан бир жума мурун мугалим классты 7 топко бөлүп: өз алдынча Кыргызстандын областтарындагы жаратылыш аймактары тууралуу маалыматтарды табууга тапшырма берет. Ар бир топ мугалим санап өткөн өлкөбүздүн областтарынын жаратылыш аймактары жөнүндө маалыматты изилдейт.

**Катышуучулар:** жалпы класс.

**Оюндун жүрүшү:**

Топтор кезек менен классташтарын Кыргызстандын областтарынын бириндеги уникалдуу жаратылыш аймактарына саякатка чакырышат. Жаратылыш объектилери жана кооз жерлердин фотосүрөттөрү дубалдарга көрүнүктүү бо-

луп илинет. Ар бир чыккан топтун окуучулары кезек менен экскурсовод болушат. Калган катышуучулар келип сүрөттөрдү көрүшөт, аңгемелерди угушат, тактоочу суроолорду беришет.

Доскага же дубалга Кыргызстандын картасын илип, ага окуучулар билген объектилерине желекчелерди бекитишет. Бул жаратылыш объектилеринин жайгашуусу тууралуу көрсөтмөлүү элес берет.

Төмөндө областтардагы жаратылыш аймактардын тизмеси келтирилет. Мугалим тизмени өзгөртө жана кыскарта алат.

Чүй областы:

1) Бурана мунарасы,
2) Ала-Арча капчыгайы,
3) Коңорчок каньону,
4) Чуңкурчак капчыгайы,
5) Ысык-Ата капчыгайы.

Ысык-Көл областы:

1) Жети-Өгүз капчыгайы,
2) Барскоон капчыгайы,
3) Жомок каньону,
4) Григорьев жана Семеновск капчыгайы,
5) Туз-Көл көлү.

Нарын областы:

1) Таш-Рабат кербен сарайы,
2) Көл-Суу көлү,
3) Соң-Көл көлү,
4) Чатыр-Көл көлү,
5) Көкөмерен капчыгайы.

Талас областы:

1) Беш-Таш мамлекеттик коругу,
2) Киров суу сактагычы,

3) Беш-Таш көлү,
4) Манас-Ордо комплекси.

Жалал-Абад областы:
1) Сары-Челек көлү,
2) Арсланбап жаңгак токою,
3) Саймалуу-Таш,
4) Падыша-Ата мамлекеттик коругу,
5) Чычкан капчыгайы.

Ош областы:
1) Сулайман-Тоосу,
2) Ленин чокусу,
3) Тулпар-Көл көлү,
4) Кыргыз-Ата коругу,
5) Абшыр-Ата капчыгайы.

Баткен областы:
1) Ай-Көл көлү,
2) Кан-и-Гут үңкүрү,
3) Каравшан капчыгайы,
4) Айгүл-Таш тоосу,
5) Сурматаш мамлекеттик коругу.

Мугалим акырында бардык катышуучуларга ыраазычылык билдирет. Биздин өлкөбүздүн жаратылышы канчалык кооз жана ар түрдүү деген жыйынтык чыгарат. Каникулда жакын аймактарга саякаттарга чыгууну пландаса болот.

## «Экологиялык станциялар» оюну

**Максаты:** балдарды жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн кызыктуу өкүлдөрү менен тааныштыруу. Окуучулардын маалымат берүүчү китептерди колдонуу көндүмүн өнүктүрүү, жаныбарлардын адаттары, кыймыл-аракетте-

рин канаттуулардын үндөрүн тууроо аркылуу билимдерин тереңдетүү.

**Катышуучулар:** жалпы класс, 4–5 командага 5–6 киши.

**Катышуучулардын жашы:** 12–15 жаш.

**Узактыгы:** 45 мүнөт.

Оюн станцияларга саякат жасоо түрүндө өткөрүлөт. Эгер мектепте өткөрүлө турган болсо, анда станциялар кабинеттер, жыйындар залы болот. Эгерде оюн эшикте өтсө, анда командалар бири-бирине жолтоо болбогондой аралыкта станциялардын жайгашканы туура. Оюн башталарда бардык командаларга саякаттын эрежеси кулактандырылат, катышуучулар оюндун бардык станцияларынан сөзсүз өтүшү зарыл.

**Даярдык:** 5 станция жана «китепкана» даярдалат. Столдо Кыргызстандын флора жана фаунасы боюнча маалыматы бар адабияттар керек.

**Оюндун жүрүшү:**

Алып баруучу командаларга өлкөбүздүн жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөөгө саякатка чыгабыз деп кулактандырат. Ар бир командага маршруттук барактар берилет. Анда кайда, саякаттын кайсы этабы жайгашканын, кайсы станциядан командалардын оюну башталары так жазылган.

Станцияларда ар бир командага 5тен суроо берилет. Ар бир туура жоопко окуучулар жашыл баракча алышат. Эгер команда туура жооп айтпаса, анда алар «Китепканага» жөнөтүлөт. Белгиленген убакытка чейин туура жооп издешет. Эгер туура жоопту табышса, команда кайрадан бул этапты өтүшөт. Суроого жооп берип, сары карточка алышат. Эгер команда суроого жооп бере албаса, кийинки станцияга өтөт. «Китепканага» бир суроого жооп алыш үчүн бир жолу гана кайрыла алат. Саякатты тез аяктаган жана жашыл карточка көп топтогон команда утушка ээ болот. Эки сары баракча бир жашыл баракчага барабар.

**Станциялар жана суроолор:**

**«Илбирс»** станциясы.
1. Илбирс кайда жашайт?
2. Кайсы өлкөлөрдө илбирстер бар?
3. Эмне үчүн ак илбирс деп аташат?
4. Илбирс эмнелерге аңчылык кылат?
5. Илбирстер канча бала тууйт?

**«Кыргызстандын уникалдуу өсүмдүктөрү»** станциясы.

1. Бийик тоолуу альпы шалбааларында гүлдүү килем болуп жабылган кайсы өсүмдүк?

2. Бул өсүмдүк Тянь-Шань тоолорунда гана өсөт, жашоо узактыгы 250–350 жыл. Бийиктиги 60 метрге, сабагынын диаметри 2 метрге жетет.

3. Миллион жыл бою мекенибиздин токойлорунда эмне өсөт? Аларды «реликт токою» деп да аташат.

4. Бул түр Сары-Челек биосфералык коругунда бар. Түбөлүк жашыл бак, эндемик.

5. Бул өсүмдүк эндемик, жоголуп бараткан түрлөргө киргендиктен, Кызыл китепке киргизилген. Сейрек кездешкен гүл.

**«Бардыгын билгич»** станциясы.

1. Илбирстер күнү качан белгиленет?

2. Кыргызстанда илбирс жылы деп качан жарыяланган?

3. «Салттуу экологиялык билимдер» деген эмне, аны кантип түшүнүүгө болот?

4. Жети миңдик беш чокуга чыккан альпинисттерге кайсы расмий эмес титул берилет?

5. Илбирсти англис тилинде кантип аташат?

**«Эко-сөздүк»** станциясы.

Бул станцияда экологиялык терминдерге аныктама берилет. Мисалы:

1. Эндемик.
2. Экосистема.
3. Өзгөчө корголгон жаратылыш территориялары.
4. Популяция.
5. Экология.

**«Жандуу жаратылыштын үндөрү»** станциясы.

Бул этапта бирден үчкө чейин жашыл баракча топтогонго болот. Адегенде канаттуулардын же жаныбарлардын үнүн уктуруу зарыл, эгер команда бул эмненин үнү экенин тез тапса, анда үч жашыл баракчага ээ болушат. Эгер туура жооп бир кошумчалоо түрткү аркылуу (мисалы, бул жаныбар же канаттуу кайда жашары айтылса), эки жашыл баракча берилет. Эгер туура жооп экинчи кошумча түрткү берилгенден кийин айтылса, мисалы, сырткы келбетине мүнөздөмө берилсе), анда командага бир барак берилет.

Эгер команда эки түртмөлөөчү кошумчадан кийин жооп айтса, анда эч нерсе албайт. Бул станцияда «Китепканага» барууга болбойт.

**«Зоотеатр»** станциясы.

Бул эң көңүлдүү этап. Бул жерде командаларга жаныбарларды, канаттууларды, курт-кумурскаларды тууроо сунуш кылынат. Алардын адаттарын, жүрүш-туруштарын дал өзүндөй туурап бериш керек. Болжолдуу тапшырмалар: илбирс, аары, бүркүт, улар, булбул, торгой жана башкалар.

Оюн аяктагандан кийин алып баруучу жашыл жана сары барактарды санайт, жеңүүчү командaны аныктайт. Ар бир станцияда кайсы команда мыкты натыйжа көрсөткөнүн, жалпы баллын эсептеп турат. Станцияларда жеңүүчүлөрдүн дипломдорун даярдап, башкы диплом эң мыктынын мыктысына ыйгарылат.

## Оюндун жооптору

**«Илбирс»** станциясы:

1. Борбордук Азиянын бийик тоолуу экосистемаларында. 2. Илбирстер 12 өлкөдө таралган: Кыргызстан, Кытай, Казакстан, Россия, Афганистан, Бутан, Индия, Монголия, Непал, Пакистан, Тажикстан жана Өзбекстан. 3. Түбөлүк кар жаткан бийик тоолордо жашашат. 4. Жапайы ача туяктуу жаныбарларга: тоо текелер, эчкилер, аркарлар, маралдар, камандар, бугулар, суурлар, коёндор, канаттуулар (тоодактар, уларлар, кыргоолдор), үй жаныбарларына (койлор, эчкилер, уйлар, жылкылар. 5. 2–3 бала тууйт.

**«Кыргызстандын уникалдуу өсүмдүктөрү»** станциясы:

1. Эдельвейс – мамыры гүлү. 2. Тянь-Шань карагайы же Шренк карагайы. 3. Грек жаңгагы. 4. Семенов пихтасы. 5. Айгүл.

**«Бардыгын билгич»** станциясы:

1. 23-октябрда. 2. 2015-жылы. 3. Бул адам менен жаратылыш мамилелерине байланыштуу ар түрдүү окуялар, легендалар, мифтер, уламыштар, салттардын, үрп-адаттардын, жөрөлгөлөрдүн сүрөттөлүшү. 4. «Илбирс». 5. Илбирс, Snow Leopard.

**«Эко-сөздүк»** станциясы:

1. Түрлөр, тектер, уруулар, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн башка түрлөрү, чакан географиялык областтарда чектелген гана аймактарда өсүшөт. 2. Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, козу карындардын, микроорганизмдердин айлана-чөйрөсү менен бирге бири-бирине таасир этүүчү түрлөрүнүн жыйындысы. 3. Коруктар, улуттук парктар, жаратылыш эстеликтери жана заказниктер – биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо үчүн территориялар түзүлөт. 4. Белгилүү ареалды ээлеген бир түрдөгү жаныбарлардын жы-

йындысы. Бири-бири менен жалпы теги бир, генетикалык негизде, тигил же бул даражада башка популяциялардан бөлүнгөн түрлөрдүн даражасы. 5. Грек тилинен «ойкос» – турак жай, «логос»– илим – бири-бири менен өз ара мамиле кылган организмдер, түрлөр, коомчулуктардын жашоо чөйрөсү менен тыгыз катнаштагы мыйзамченемдүүлүгү жөнүндө илим.

## «Илбирстин жашоо чөйрөсүнүн жоголушу» оюну

**Негизги идея:** илбирстердин жашоо чөйрөсүн жоготушунун көп себептери бар. Алар илбирстердин өмүрүнө коркунуч келтирет. Алардын жашоо чөйрөсүн калыбына келтирүүгө жардам берүүчү бир нече жолдорду үйрөтүү.

**Максаттары жана милдеттери:**

Бардык жаныбарлардын жашоосу үчүн тамак-аш, суу, турак жана мейкиндик керек экендигин түшүнүү.

Көбөйө турган популяциянын «чоң үй-бүлө» түзүлүшүнүн сакталышы, жыл бою азык менен камсыз болгон 10–20 чоң жаныбардын болушу зарыл экендигин түшүнүү.

Илбирстердин жашоо чөйрөсүнүн жоголуу себебин түшүнүү. Илбирстердин жашоо чөйрөсүн сактап калуунун жолдорун талдоо.

**Керектүү материалдар:** оюн үчүн кенен жер зарыл. Эшикте же имараттын ичинде ойноого болот.

**Убактысы:** 20 мүнөт.

**Катышуучулар:** 6–9-класстар.

**Катышуучулардын саны:** бир оюнга 20га чукул киши катышат. Тегерек пирогду 6 бөлгөндөй кылып, бор менен алты бөлүнгөн айлананы чиебиз.

Жашоо чөйрөсүн жоготуу боюнча сценарийлерди жана оң натыйжалуу мисалдарды баракка чыгарабыз.

**Оюндун этаптары:**

1. ***Алып баруучу:*** Жаныбарлардын жашоосу үчүн эмнелер керек? Туура, тамак-аш, суу, түнөк жана мейкиндик. Мунун бардыгы жашоо чөйрөсү деп аталат.

*Суроо:* Илбирстердин жашоо чөйрөсүнө мүнөздөмө бергиле. Аларга эмне мүнөздүү?

*Жообу:* Тамак-аш, суу, түнөк жана «чоң үй-бүлө» күтүү үчүн мейкиндик зарыл. Илбирстер бийик тоолорду мекендешет.

*Суроо:* Илбирстер жашаган кайсы тоолорду билесиңер?

*Жообу:* Борбордук Азиянын тоолору: Гималай, Саян, Кара-Корум, Гиндукуш, Памир, Тянь-Шань, Алтай.

*Суроо:* Бул тоолор кайсы өлкөлөрдө жайгашкан? Илбирстер канча өлкөгө таралган, алар кайсылар?

*Жообу:* 12 өлкөдө: Монголия, Россия, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан, Казакстан, Индия, Пакистан, Непал, Бутан, Афганистан, Кытай.

*Суроо:* Илбирстердин азык чынжыры кандай?

*Жообу:* Тоо аркарлары, текелери, суурлар.

2. Жерге 6 бөлүккө пирог сымал бөлүнгөн айлана чийип, тегерек брезент даярдап коюу керек.

***Алып баруучу:*** Элестетсеңер, силер илбирс жана ача туяктуу жаныбарсыңар дейли. Аймакты тегиз ээлегиле.

Алып баруучу «пирогдун» бир кесимин көрсөтөт да, жашоо чөйрөнүн бузулушу жөнүндө сценарийди окуйт. Бул тилкеде жашагандар башка тилкеден жай издешет. Алып баруучу башка жашоо чөйрөсүнүн бузулушу жөнүндө сценарийди окуганды уланта берет, акырында «жаныбарлар» топтолгон акыркы тилке калат.

***Алып баруучу:*** Өзүңөрдү кандай сезип жатасыңар? Силерге орун жетиштүүбү? Ыңгайлуубу? Жашоо чөйрөсүн жоготууну кантип токтотууга болот, оюңар кандай?

Эгерде топ жооп берүүдөн кыйналса, илбирстердин жашоо чөйрөсүн кантип сактап калууга болорун мисал келтиргиле. Ар бир мисалдардан кийин катышуучулар тилкелерге кайтып келишет, эркин туруп, «жашоо чөйрөсү» кеңеет.

3. **Оюндун акырында талкууну улантуу зарыл:**

*Суроо:* Илбирстер тар территорияда жашай алабы, тамак-аш таба алабы? Илбирстердин жашоо чөйрөсүн сактап калууга дагы эмне жардам берет?

**Илбирстердин жашоо чөйрөсүнүн жоголушу тууралуу сценарийлер:**

1. Мергенчилик кызматтарды уюштуруу боюнча фирмалар чет мамлекеттен келген туристтерди тоо текелерге жана аркарларга аңчылык кылууга алып келишет. Аңчылар жаныбарларды атышат жана фотосүрөттөргө түшүшөт, анан мүйүздөрүн алып кетишет. Ошондой эле мергенчиликке браконьерлер да чыгышат. Токойчулар менен егерлердин браконьерлер менен күрөшүүгө күчү жетишсиз. Браконьерлердин көбү жогорку кызматтагы адамдар (чиновниктер). Жергиликтүү тургундар жапайы жаныбарларды атууга каршы болбой эле, кайра аларга жардам берип, акча үчүн жаныбарлардын мекендеген аймактарына ээрчитип барышууда. Натыйжада, тоо текелердин, Марко Поло эчкилеринин жана аркарлардын популяциясы азаюуда. Илбирстерге азык табуу кыйын болууда. Алар бул территориялардан кетип жатышат.

2. Чабандардын малынын саны көбөйүүдө, аларды тоонун этегине жайып жатышат. Мал болгон чөптү жеп, топурактын түшүм берүүчү кыртышын бузууда. Тоону мекендеген тоо эчки-текелери, аркарлардын азык табуусуна кыйынчылык келүүдө. Алардын популяциясы алсызданып азаюуда. Илбирстер азыктануусу үчүн эч нерсе жок. Алардын жашоо чөйрөсү начарлоодо.

3. Мал жана чабандардын иттери жапайы жаныбарларга мителерди жуктурушат. Алардын саны кескин азайып, илбирстердин азыктануу базасы азайып бара жатат.

4. Бийик тоолордон алтын чыгат. Ири компаниялар алтынды казып алуу жана өндүрүштүк масштабда иштеп чыгууну баштайт. Тоолорду жардырып, жол салышат, за-

воддорду жана кызматкерлер менен жумушчулар жашай турган үйлөрдү курушат. Кенди тазалоо үчүн химиялык каражаттарды (цианид) колдонушат, кендин калдыктары тоолордун этегине үйүлөт. Машиналардан катуу үндөр чыгат. Адамдардын жашоо-тиричилигинен үйүлгөн таштандылар чыгат. Бул аймакта жашаган жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсү бузулат.

5. Кургакчылык тоонун этегиндеги чөптөрдүн куурашына алып келет. Тоо текелери жана аркарлар ачкадан өлүмгө дуушар болушат. Илбирстердин азык базасы кескин кыскарат.

6. Жергиликтүү калк илбирстер Кызыл китепке киргизилген сейрек кездешүүчү жаныбарлар экенин билишет. Жергиликтүү тургундар/чабандар кокустан тоодон илбирсти көрүп, аны өлтүрүшөт. Илбирстер адамдардан коркунучту сезишип, тоого улам бийиктеп чыгышат, ал жакта азык табуу кыйын.

7. Тоо текелерди кыруудан, тоонун этегине ашыкча мал жаюудан пайда болгон жайыттардын деградациясынын кесепетинен илбирстердин жашоо чөйрөсү начарлап, алардын жоголуп бара жаткандыгы жөнүндө жергиликтүү элдин маалыматы жок.

**Оң натыйжалуу мисалдар:**

1. Жергиликтүү эл егерлерге жардам берип, браконьерлерди кармашты. Браконьерлик азайды. Тоо текелери менен аркарлар, суурлар көбөйдү. Илбирстердин азык базасы жакшырды.

2. Чабандар малды бир жерге көп убакытка жайбай калышты. Чөп бат калыбына келет. Жапайы чөп жеген жаныбарларга (тоо текелерине, аркарлар ж.б.) азык көбүрөөк калат. Алардын саны көбөйөт.

3. Тоого чыгар алдында үй жаныбарлары ветеринардык тазалоодон өтүшөт. Малдын инфекциялык жана мите оорулары жапайы жаныбарларга коркунучтуу эмес.

4. Жергиликтүү эл тоодогу тоо-кен казып алуучу өндүрүштөрдү жабууну талап кылышты. Алардын чөйрөгө терс таасири азайды. Экосистема акырындык менен калыбына келип жатат. Жаныбарлар бул территорияга кайрадан келе башташты.

5. Жергиликтүү эл семинарга катышып, экологиялык туруктуулук маселелери боюнча өз билимдерин жогорулатышты. Жаштар экологиялык акцияларга катышып, жергиликтүү жаратылышты – анын флорасы менен фаунасын коргоого активдүү киришти.

**Жыйынтык чыгаруу**

Жыйынтык чыгарып жатып, катышуучулар илбирстердин жашоо чөйрөсүнүн начарлашы жана жашоосуна коркунуч келтирилишинин негизги себебин аныкташат:

1. Браконьердик – баалуу терисине карап, илбирстерге мергенчилик кылуу, илбирстердин азык базасы болгон, тоолуу экосистеманын башка жаныбарларына – тоо текелерге, аркарларга, Марко Поло эчки-текелерине аңчылык кылуу. Браконьерликти көзөмөлдөөнүн татаалдыгы.

2. Тоолуу экосистемалардын жайыттарында малды көп жаюудан деградацияга учурашы. Малды көп жаюудан өсүмдүктөр жана топурактын түшүмдүүлүгү азаят. Жер эрозияга учурап, башка жаныбарлардын азык чынжырын азайтат.

3. Азыктын жетишсиздиги: илбирстердин көпчүлүк таралуу аймагында алардын көбөйүшүнө терс таасирин тийгизет, анткени аркарлар менен тоо текелери аз санда, көбөйүү тилкесинде 10–20 чоң жаныбар жыл бою азыктануу үчүн (минималдуу көбөйүү популяциясы) алардын тоют базасы жетишсиз, бийик тоолордо жалгыз каңгып жүргөн илбирстер кездешет.

4. Тоо-кен өндүрүшүнөн чөйрөнүн булганышы: топурактын жана суунун булганышы, өндүрүш жумуштары, ызы-чуудан жаныбарлардын кысылышы.

5. Климаттын өзгөрүшү – мөңгүлөрдүн эриши.

6. Жаратылыш кыйроолору – кургакчылык.

7. Жергиликтүү элдин билиминин жана маалыматтардын жетишсиздиги, браконьердик.

**Акырында чакан талкуу уюштуруу:** Илбирстердин жашоо чөйрөсүн сактап калуу үчүн жергиликтүү эл эмне иш-аракеттерди кыла алат?

## Ток-шоунун сценарийи: «Кыргызстандын биологиялык ар түрдүүлүгүн сактайлы»

Бул ток-шоуга жогорку класстын эки классы катыша алат. Бир класстын окуучуларына ток-шоу өткөрүү үчүн тапшырма берилет. Төмөнкү суроолорго даярданып, маалымат таап келүү керек:

1. Кыргызстандын жана планетабыздын биологиялык ар түрдүүлүгү кандай?
2. Эмне үчүн биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо зарыл?
3. Пестициддер деген эмне, алардын жаратылышка кандай зыяны бар?
4. Бөтөн түрлөрдүн интродукциясы деген эмне? Мисалдар, ойлонулбай жасалган интродукция биоартүрдүүлүккө кандай зыян келтирет?
5. Жаратылышты рационалдуу колдонуу деген эмне?
6. Жандуу жаратылышты коргоо иши кантип жүргүзүлөт? Кызыл китеп деген эмне? Кыргызстандагы Кызыл китеп качан пайда болгон? Кыргызстандын кайсы өсүмдүктөрү менен жаныбарлары Кызыл китепке кирген?
7. Браконьердик деген эмне? Браконьердиктин негизги себептери эмнеде?
8. Кыргызстанда өзгөчө коргоого алынган жаратылыш территорияларынын (ӨКАЖТ) кандай типтери бар?

Мугалим (алып баруучу) бул суроого жооп бере турган окуучуларды, дагы эки окуучуну ботаник жана зоологдун ролуна тандап алат. Башка класстын окуучулары көрүүчү болушат.

**Ток-шоунун катышуучулары:**

***1. Алып баруучу (мугалим);***

***2. Эксперт (жаратылыш коргоо ведомствосунун кызматкери же егерь);***

***3. Ботаник (окуучу);***

***4. Зоолог (окуучу);***

***5. Салттуу билимди алып жүргөндөр же сактоочулар (жергиликтүү адамдардан);***

***6. Залдагы адамдар.***

Бул ток-шоуда  алдын ала даярданган окуучулар алып баруучунун суроолоруна жооп беришет. Алар көрүнүктүү болуу үчүн колдоруна жашыл желекче же эко-клубдун жашыл шапкесин кийип алышат.

Алып баруучунун ролунда мугалим же эко-ийримдин/эко-клубдун жетекчиси боло алат.

Эксперттин ролу – сүйлөп чыккандардын айткандарын баалоо жана комментарий берүү.

Көрсөтмөлүүлүк үчүн сүрөттүү слайд, фото жана ар бир суроо боюнча слайд даярдап, ток-шоунун жүрүшүндө экрандан көрсөтүп туруу натыйжалуу. Эгерде техникалык каражаттар жок болсо, плакат даярдоого болот.

**Алып баруучу:** Биздин ток-шоу Кыргызстандагы биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо проблемасына, башкача айтканда, биздин өлкөбүздүн территориясында жашаган бардык жандуу организмдердин ар түрдүүлүгүнө арналган. Биоартүрдүүлүк эң аялуу жана тез түгөнө турган ресурс. Биологиялык ар түрдүүлүк тез азаюуда. Бүгүн ар бир онунчу түр жоголуу коркунучунда турат. Көп сандагы түрлөр жоголду, бул процесс уланууда.

Эгер 1850-жылдан 1950-жылга чейин өсүмдүктөрдүн

жана ири жаныбарлардын бир түрү салыштырмалуу 10 жылда жоголсо, азыркы учурда күн сайын бир түрдү жоготуп жатабыз. Күн сайын алардын ичинен жөнөкөйлөрдүн катарындагы ондогон түрлөр жоголууда. Эгерде биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо үчүн иш-аракеттерди кылбасак, жакынкы он жылдыкта көп сандагы өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү жоголуп кетет.

Бүгүн биз силер менен биологиялык ар түрдүүлүктү сактоонун мүмкүнчүлүктөрүн талкуулга алабыз. Залда көптөгөн жаратылышты сүйүүчүлөр отурушат, алар флора жана фаунанын тагдырына тынчсызданышат, ошондуктан биздин талкуулга атайын даярданып келишкен. Мен алардын активдүүлүгүнө жана адистердин жардамына ишенем.

Алып баруучу адистер менен тааныштырат.

***Алып баруучу:*** Анда катышуучуларга менин биринчи суроом: Биздин планетанын биологиялык ар түрдүүлүгү кандай?

***Залдагы адамдардын жообу:***

1. Окумуштууларга дүйнөдөгү 2 миллиондон ашуун жандуу организмдердин түрлөрү белгилүү. Алардын ичинде миңден ашуун бактериялар, 26 миңден ашуун суу өсүмдүктөрү, 20 миң лишайниктер, 25 миң мамык чөптөр, 11 миң споралуулар, 270 миңден ашуун жогорку өсүмдүктөрдүн түрлөрү бар.

2. Жаныбарлардын теги абдан ар түрдүү. Окумуштуулар 2,5 млн түрдү сүрөттөшөт, бирок алардын чыныгы так саны жок, «көрүнбөгөн» төмөнкү жандыктарды кошкондо 5 млн го жетет, балким, 15 же 30 млн.

3. Бул түрлөрдүн көпчүлүгү тропиктерде жайгашкан. Бирок алардын экосистемасы адам тарабынан бузулгандыгына байланыштуу, ар бир түр илимий аталышына ээ боло электе эле жок болушу мүмкүн.

***Алып баруучу:*** Кыргызстанда өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгү кандай?

***Залдагы адамдардын жообу:***

1. Кыргызстанда вирустардын 100 формасы, бактериялардын 200 түрү, козу карындардын 2 миң түрү, суу өсүмдүктөрүнүн 1 миң түрү, мамык чөптөрдүн 450 түрү, лишайниктердин 180 түрү, жогорку өсүмдүктөрдүн 4 миңдей түрү, жөнөкөйлөрдүн 100дөй түрү, курттардын 1600 түрү, рак сымалдуулардын 100 түрү, курт-кумурскалардын 10 миң түрү, жөргөмүш сымалдардын 1 миң түрү, балыктардын 62 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 3 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 30 түрү, канаттуулардын 390 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 80 түрү бар.

2. Кыргызстанда омурткалуу жаныбарлардын 500 түрү, балыктардын 50 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 4 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 28 түрү, канаттуулардын 350 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 86 түрү бар. Жөнөкөйлөрдүн жана омурткалуулардын фаунасында 20–30 миң түрлөрү бар, алардын ичинен 4000 түрү гана изилденген.

***Алып баруучу:*** Эмне үчүн биз биологиялык ар түрдүүлүктү коргошубуз керек?

***Залдагы адамдардын жообу:***

Жаратылыштын касиетин билүү жана сактоо керек, ал жандуулардын бардыгын, анын ичинде адамды да жараткан. Жапайы жаратылышсыз, биологиялык түрлөрдүн ар түрдүүлүгүсүз планетадагы жашоо токтоп калмак.

Бул адамдын жаратылыштын алдындагы этикалык милдети. Биз башка биологиялык түрлөрдүн кырылышы менен өз ийгиликтерибизди кура албайбыз.

Ар бир биологиялык түр кайталангыс, зыяндуу түрлөр жаратылышта болбойт. Адамдар зыяндуу деп эсептеген түрлөрдүн кырылышынан экологиялык коркунучка кептелген учурлар көп жолу болуп өткөндүгүн айта кетишибиз зарыл.

***Алып баруучу:*** Ырахмат. Ооба, мен да кошулам. Эгер адам өзүн жаратылыштын бир бөлүгү катары карап, өзүн жаратылышты багындыруучу сезбеши керек, жаратылыштын

тең салмактуулук механизмин бузбашы керек. Жаратылышка коркунуч жараткан кырдаалдарды эстеп көрөлү.

***Залдагы адамдардын сөзү:***

1. Мен Ысык-Көлдө болгон экологиялык кырсык жөнүндө айтып берейин. Көлдө эң көп балык чабактар бар болчу. 90-жылдары чабактарды массалык кармоого уруксат берилген. Ошондуктан балыктарга торлор көзөмөлсүз салынган. Чабактар аны менен бирге башка балыктар да жок болгондон кийин, балык улоого тыюу салынган. Мына эми ондогон жылдардан бери чабактардын саны көбөйгөн жок, бирок түр катары бир аз сакталып калган.

2. Кыргызстанда кара тумоо (чума) менен күрөшүү максатында суурлар кырылган. Көпчүлүк аймактарда алар толугу менен жоголгон, айрым жерлерде алардын популяциясы өтө аз болгондуктан калыбына келүү жөндөмдүүлүгүн жоготушкан.

***Зоолог:*** Келтирилген мисалдар абдан кызыктуу. Адамдардын жаратылышка кийлигишүүсүнүн дагы бир кесепетинен улам, бир түрдүн жоголушу менен экологиялык тең салмактуулук бузулган. Зыяндуу курт-кумурскаларга каршы пестицидди колдонуунун экологияга кесепети тийген. Пестициддер деген эмне?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Пестициддер – бул химиялык каражаттар, алар зыяндуу курт-кумурскалар, өсүмдүктөрдүн ооруларына, ар түрдүү мителерге, отоо чөптөргө, адамдар менен жаныбарлар үчүн коркунучтуу ооруларды жуктуруучу оору козгогучтарга каршы пайдаланылат.

***Зоолог:*** Туура. Бирок пестициддер канаттууларды, жырткыч курт-кумурскаларды жана мителерди жок кылат, алар өсүмдүк жеген жаныбарлардын популяцияларынын тең салмактуулугун кармап турушат. Натыйжада көзөмөлгө алына турган түрлөрдүн саны пестициддерди пайдалануудан улам көбөйүүдө. Мисалы, Японияда 40 жыл мурун зыянкеч курт-кумурскалардын 30га жакын түрлөрүн көзөмөл кылышкан, бүгүнкү күндө 800гө жакын түркөзөмөлгө алынууда.

***Алып баруучу:*** Ыракмат. Силер айыл чарба экосистемасында пайдалуу симбиотикалык байланыштардын проблемаларын козгодуңар. Келтирилген мисалдар «зыяндуу» түр менен күрөшүүнүн кесепети эмнеге алпарарын көрсөтүп турат. Кээ бир түрлөрдү жок кылуу аркылуу да коркунуч жараларын билдик, эми тескерисинче кырдаалды талкуулайлы. Жаңы түрдү киргизүүдөн (интродукция) зыян келтирүүгө болобу? Бул түрдү алып келүү атайын же кокусунан болушу мүмкүн.

***Зоолог:*** Албетте. Мисалы, Африкага жакын Маврикий аралына матростор иттер менен чочколорду алып барышкан. Бул уча албаган додо канаттууларынын (же дронттордун) толук кырылышына алып келген, алардын уялары жерде салынган, аларды иттер менен чочколор бузуп, жумурткаларын жеп салышкан.

***Ботаник:*** XIX к. башында Австралияга Америкадан опунция кактусун жайыттарды тосуу үчүн ийнелүү тосмо кылууга алып келишкен. Опунция климатка жакшы ыңгайланып, абдан көбөйгөн. XX к. башында анын өсүшү күнүгө 800 га көбөйгөн. Эч кандай механикалык жана химиялык жолдор аны менен күрөшө албаган. Акыбалды Австралияга алынып келинген кактус огневкасы аттуу көпөлөк оңдогон. Ал опунциянын популяциясынын тыгыздыгын көзөмөл кылган.

***Зоолог:*** Азыр көптөгөн өлкөлөрдө өсүмдүктөрдү, жаныбарларды чек арадан алып өтүүгө тыюу салынат. Буга чейинки окуялардан кайгылуу сабак алгандыгын билдирет. Флора менен фаунанын ар бир беш түрүнүн азыркы кезде жоголуп бараткандыгынын себеби, интродукциянын кесепетинен деп экологдор эсептешет.

***Алып баруучу:*** Темабызга кайрылалы. Менде мындай суроо бар: Жаратылышты рационалдуу пайдалануу деген эмне? Жаратылышты коргоо түшүнүгүнөн кандай айырмасы бар?

***Залдагы адамдардын сөзү:***

1. Жаратылышты рационалдуу колдонууда «... коргоп, пайдалан жана пайдаланып корго... » деген Ле Шательенин принциби туура. Бул принцип адамдар иштеткен экосистемаларга – токой, талаа, сууларга тиешелүү. Булардын тең салмактуулугуна адамдар кайра калыбына келе алгандай гана кийлигише алышат.

2. Жаратылышты рационалдуу колдонууда өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ресурстарынын алынган биомассасы анын өсүшүнүн көлөмүнөн аз болот, анткени өсүү экосистемалык процесстерге жана популяциялардын өндүрүшү үчүн зарыл. Эгер балык уулоо же аңчылык кылуу түрлөрдүн жыл ичиндеги өсүшүнөн жогору болсо, анда олжо азаят, кийин ала турган эч нерсе жок болуп калары бышык.

3. Мисалы, эгер малды орточо көлөмдө жайбасаң, талаа экосистемасын, эгер чөбүн чаппасаң шалбааны сактай албайсың.

***Алып баруучу:*** Ырахмат. Эми жандуу жаратылышты коргоо деңгээлдери тууралуу маселелерди талкуулайлы. Ким бул маселеге толук токтолуп өтөт?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Жаратылышты коргоо экосистемалык жана популяциялык-түрдүк деңгээлде болуп өткөрүлөт. Биринчи учурда жоголуу коркунучунда турган өзүнчө түрлөр, экинчисинде бүтүндөй экосистемалар корголот.

***Алып баруучу:*** Туура. Кызыл китептер түрлөрдү коргоого алган негизги кадам десек болот. Кызыл китеп качан пайда болгон?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Биринчи Кызыл китеп 1963-жылы пайда болгон. Китепти түзүү демилгеси Жаратылышты жана жаратылыш ресурстарын коргоо боюнча эл аралык бирикме болгон. Кызыл китеп ар түрдүү өңдөгү рамкалар менен белгиленип турат.

Кызыл барактарында өзгөчө сейрек жаныбарлардын тизмеси жазылган.

Сары барактарында саны кескин түрдө азайган жаныбарлар тууралуу маалыматтар бар.

Жашыл барактарында жоголуп кетүүдөн сактап калган жаныбарлар жөнүндө жазылган.

Ак барактарында жер жүзүндө дайыма аз кездешкен жаныбарлар жөнүндө айтылат.

Боз барактарында аз изилденген жаныбарлар жөнүндө маалымат камтылат.

Кара барактарында жоголуп кеткен жаныбарлар жазылат.

***Алып баруучу:*** Кыргызстанда Кызыл китеп качан пайда болгон?

***Зоолог:*** Кыргыз Республикасында биринчи Кызыл китеп 1985-жылы басылып чыккан. Кызыл китепке кирген түрлөрдүн тизмеси Өкмөт тарабынан бекитилет, анткени алар бул өзгөчө түрлөрдү сактап калууну камсыздоо жоопкерчилигин өзүнө алат. Кызыл китептин экинчи басылышындагы тизмелер КРнын Өкмөтү тарабынан 2005-жылы бекитилген. Китеп 2007-жылы чыккан. Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине сүт эмүүчүлөрдүн 23 түрү, канаттуулардын 57 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 8 түрү, курт-кумурскалардын 18 түрү, козу карындардын 6 түрү, жогорку өсүмдүктөрдүн 89 түрү, балыктардын 7 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 2 түрү катталган.

***Алып баруучу:*** Эмне үчүн китепти «кызыл» деп аташат?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Кызыл түс – бул коркунучтун жана кооптонуунун сигналы, бул SOS сигналы.

Китептин кызыл түсү тыюу салган өң экендигин түшүндүрөт: Токто, бузба, стоп! Минтүүгө болбойт!

Китепти кызыл атагандыктын себеби, адамдардын көңүлүн буруу жана айлана-чөйрөнү кыйратууну токтотуу.

Өзүнүн түсү менен белгилүү түрлөрдүн жок болушунан келип чыккан оор кесепеттердин коркунучтуу экендигине көңүл бурдурат.

***Алып баруучу:*** Кызыл китептин кандай түрлөрү болот?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Эл аралык Кызыл китеп,

анда жер жүзүндөгү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жоголуп бараткан түрлөрү киргизилген. Улуттук, мисалы, Кыргызстандын Кызыл китеби.

***Алып баруучу:*** Силер биздин Кызыл китепке кирген өсүмдүктөр менен жаныбарларды атай аласыңарбы?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Семенов пихтасы, Айгүл гүлү (Эдуард чаар гүлү).

***Алып баруучу:*** Айгүл гүлү жөнүндө ким толук маалымат берет?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Баткен тоолорундагы Айгүл-Тоодо Айгүл деген сейрек кездешкен гүл өсөт. Апрелде, Айгүл гүл ачканда ал областта гүл майрамы майрамдалат. Айгүл гүлүн ачканын түн ортосунда гана көрсө болот. Бул өсүмдүк жоголуп бараткан түр катары Кызыл китепке киргизилген.

***Алып баруучу:*** Кыргызстандын Кызыл китебине кирген жаныбарларга мисал келтиргиле.

***Залдагы адамдардын жообу:*** Илбирс, Мензбир сууру, жейрен, кызыл түлкү, боз эчки эмер (варан). (Жооп берүүчүлөр 1–2 түрдү санашат. Алып баруучу залга кайрылат: «Дагы кайсы жаныбарларды атай аласыңар?»)

***Алып баруучу:*** Популяциядан атуу, кармоо сыяктуу бөлүктөрдү алып салса, алар табигый жол менен калыбына келип калышмак. Нормадагы «түшүм жыйноо» үчүн атайын лицензиялоо системасы бар. Бирок аны браконьерлер бузушат. Ошондой эле браконьерлер Кызыл китепке кирген өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрүнө зыян келтиришет. Мен зоологдордон биздин өлкөдө жана чет мамлекетте браконьердиктин айрым учурлары жөнүндө айтып беришин өтүнөм.

***Зоолог:*** Браконьердик аңчылыктын масштабы чоң. Жергиликтүү эл менен кеңири практикаланат. Тилекке каршы, алар Кызыл китепке кирген Марко Поло эчки-текелерине мыйзамсыз аңчылык кылышат. Тоо текелерин атышат. Булар илбирстердин негизги азык базасы. Алардын саны

кескин азайса, илбирстердин санын калыбына келтирип, сактап калууга мүмкүн болбойт. Биз муну илбирстердин бардык аймактардан жоголуу мисалынан көрсөк болот. Жапайы ача туяктуулар азыр көп жолукпайт же эң аз гана санда. Ири сүт эмүүчүлөрдүн санынын азайышынын негизги эки себеби бар: адамдардын түздөн-түз аларды кырышы жана жашаган чөйрөсүн бузуу. Ар түрдүү иш-чараларга карабастан, илбирстердин саны ал таралган ареалдардын бардыгында азайган.

***Алып баруучу:*** Браконьердиктин негизги себептери эмнеде?

***Зоолог:*** Экологиялык аң-сезимдердин, адептин деңгээлинин төмөндүгү. Браконьердик экономикалык себептерге да байланыштуу. Жолборстордун терилеринин баалуу болушунан уссурия жолборстору кырылган (алардын саны 200дөй эле калган). Индия жана Африкада пилдин сөөгү жана кериктин мүйүзүнүн баасы жогору болушунан улам бул жаныбарлардын саны азайган.

Илбирстердин терисине керектөө көп болгондуктан, браконьердик менен күрөшүү кыйын. Тери жана сөөктөрдү саткан мыйзамсыз соода мышыктар тукумунун бул түрүнө олуттуу коркунуч жаратат.

***Алып баруучу:*** Азыркы кезде мыйзамсыз аңчылык менен кандай күрөш жүрүп жатат?

***Зоолог:*** Азыр укуктук жана экономикалык санкциялар кирген, чет мамлекетке трофей алып кетүүнү бажы көзөмөлү катуу карап жатат. Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине кирген жаныбарларды мыйзамсыз атуу, кармоо, жана кырууга тыюу салынып, айып пулдун өлчөмү көбөйдү. Илбирстерге зыян келтирилсе айып пул 500 миң сомго чейин көтөрүлгөн. Ошондой эле күрөң аюуга, маралга, жейрен, аркар, кундузга, кызыл карышкырга, мадыл, сүлөөсүн, суусарга аңчылык кылгандарга айып пулдар көбөйтүлдү.

***Алып баруучу:*** Жоголуу коркунучунда турган түрлөрдү коргоонун натыйжасы аз.

Жаратылышты популяциялык-түрдүк деңгээлде коргоонун кандай түрлөрү силерге белгилүү?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Айрым түрлөрдү жасалма шарттарда коргоо иши атайын коруктарда, ботаникалык жана зоологиялык бакчаларда жүргүзүлөт.

***Алып баруучу:*** Коруктардагы түрлөрдү коргоо — экосистеманын деңгээлиндеги коргоого кирет. Түрлөрдү сактоонун биотехнологиялык жолдору барбы?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Бар. Өсүмдүктөрдү урук түрүндө сактаса болот. Николай Иванович Вавилов тарабынан түзүлгөн маданий өсүмдүктөрдүн уруктарынын коллекциясында уруктардын 400 миң үлгүсү бар.

***Алып баруучу:*** Түр жасалма шартта сакталгандан кийин, ал табигый экосистемага кайтарылат. Бул иш-чара реинтродукция деп аталат. Мен зоологдордон жаныбарлардын реинтродукциясы боюнча тажрыйбаларды айтып берүүсүн сурайм.

***Залдагы адамдардын сөзү:*** Мен Монголияда Пржевальск жылкысынын популяциясын калыбына келтирүү жөнүндө мисал келтиргим келет. Бул породадагы акыркы жылкы табигый шартта 30 жыл мурун жок болгон экен. Түр зоопарктарда сакталып калган жана алар Гоби чөлүнүн бир районундагы корукка кайтарылган.

***Зоолог:*** 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Айлана-чөйрөнү жана токой чарбасын коргоо боюнча Мамлекеттик агентствосунун кызматкерлери тарабынан 9 марал Нарын мамлекеттик коругунан Аксы районунун Балтыркан коругуна коё берилген. Реинтродукция маралды коргоо жана көбөйтүү жана ал жашаган аймакты кеңейтүү үчүн өткөрүлгөн. Жаныбарларды атайын унаага салып, Айлана-чөйрөнү жана токой чарбасын коргоо боюнча Мамлекеттик агентствосунун кызматкерлери жана Улуттук илимдер академиясынын ветеринардык кызматынын адистери менен биргеликте алпарылган. Айлана-чөйрөнү жана токой чарбасын коргоо боюнча Мамлекеттик агентствосу

жана коомдук бирикмелер тарабынан маралдарды коргоо боюнча бир топ жумуштар жүргүзүлгөн, ошондой эле Аксы районунун жергиликтүү адамдары тарабынан да алар коргоого алынган. Балтыркан токой коругу Авлетим токой чарбасында жайгашкан, Сары-Челек биосфералык коругу менен чектешет, ал калың токой деңиз деңгээлинен 2 000 метр бийиктикте турат. Жалпы аянты 504 гектар, маралдын жашоосу үчүн бардык шарттары дал келет.

***Алып баруучу:*** Биоартүрдүүлүктү коргоо боюнча жумшалган бардык күч-аракеттерге карабастан, жер жүзүндөгү көптөгөн жаныбарлар менен түрлөргө чоң коркунуч жаралууда. Манастын осуяттарынын биринде айтылгандай, адам жаратылыш менен таттуу мамиледе жашабаса, адамдын жашоосуна коркунуч келет, жок болуп кетүү коркунучу бар. Биологиялык ар түрдүүлүктү натыйжалуу коргоо экосистемалык деңгээлде гана камсыз болот. Бул учурда түр ал үчүн көндүм болгон шартта сакталат. Атайын Өзгөчө коргоого алынган жаратылыш территориялары (ӨКАЖТ) түзүлөт. ЮНЕСКОнун сунушу менен ӨКАЖТ үчүн өлкөбүздүн үчтөн бир бөлүгү берилиши керек. АКШда ӨКАЖТ 44% ээлейт, Япония, Польшада ӨКАЖТ ээлеген аянты үчтөн бир бөлүккө жакындады. Ар түрдүү ӨКАЖТнын типтери болот. Аларды ким кыскача мүнөздөп бере алат?

***Залдагы адамдардын жообу:*** ӨКАЖТнын негизги 4 тиби бар — коруктар, улуттук парктар, жаратылыш эстеликтери жана заказниктер. Коруктар ишенимдүү коргоо менен камсыз кылат, анткени аларга туристтердин кирүүсүнө тыюу салынат, адамдар жаратылышка кийлигише алышпайт жана ар түрдүүлүктү гана коргоо максатында түзүлгөн. Шалбаалар чабылат, антпесе чөптөр токойдой каптап, шалбаанын флора жана фаунасы бузулат.

***Алып баруучу:*** Биосфералык коруктар деген эмне?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Булар эң маанилүү коруктар, алар улуттук деңгээлде өзгөчө коргоо режими менен кайтарылат.

***Алып баруучу:*** Кыргызстандагы биосфералык коруктарга мисал келтиргиле.

***Залдагы адамдардын жообу:*** Сары-Челек биосфералык коругу 1959-жылы түзүлгөн. Азыр ал ЮНЕСКОнун дүйнө жүзүндөгү биосфералык коруктарынын тизмесине кирет.

***Алып баруучу:*** Кыргызстанда канча корук бар?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Кыргызстанда азыркы кезде 10 мамлекеттик жаратылыш коруктары бар.

***Алып баруучу:*** Булар кайсы коруктар, мисал келтиргиле?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Ысык-Көл коругу, ЮНЕСКОнун «Адам жана Биосфера» программасына киргизилген.

Кулун-Ата мамлекеттик коругу. Ал жакта пайдалуу жапайы өскөн флоранын 600дөй түрү бар. Корукта сүт эмүүчүлөрдүн 24 түрү, канаттуулардын 81 түрү жана өсүмдүктөрдүн 808 түрү жашайт.

Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу. Соң-Көл көлү – республиканын таза суулуу ири табигый суу сактагычы.

**Алып баруучу:** Коруктарда кайтарылган КРнын Кызыл китебине кирген жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү ким мисал келтире алат?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Беш-Арал мамлекеттик коругунда Мензбир сууру бар. Падыша-Ата мамлекеттик коругунда: эндемик – Семенов пихтасы, Грейг жоогазыны, илбирс, бүркүттөр, ал эми Сарычат-Эрташ мамлекеттик коругунда сейрек кездешкен тоо көк чулдуктары бар. Нарын мамлекеттик коругунда Семиречье бугусу кездешет.

***Ботаник:*** «Ысык-Көл» биосфералык аймагын айтсам, анда дарылык касиети бар эфир майлуу, дубилдик, бал алуучу жана фитонциддүү өсүмдүктөргө бай. Бул жакта сүт эмүүчүлөрдүн 54 түрү, алардын 9 түрү Кыргызстандын Кызыл китебине кирген.

Көк чулдук жана чор тумшук – Эл аралык жаратылышты коргоо бирикмесинин Кызыл китебинин тизмесине кирген.

***Алып баруучу:*** Ырахмат. Эми биз улуттук парктар тууралуу талкуулайбыз. Бул кандай коргоо формасы?

**Залдагы адамдардын жообу:** Улуттук парктарда жаратылышты коргоо талаптарына ылайык жаратылыш байлыктарын пайдаланууга эс алуучуларга уруксат берилет. Ал жерлерде эс алуучулар экологиялык нормативдерге ылайык, уруксат берилген гана аймактардан балык кармап, козу карын жана мөмөлөрдү чогултуп жыйнай алышат.

***Алып баруучу:*** Кыргызстанда канча улуттук парк бар?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Он үч.

***Алып баруучу:*** Заказниктер деген эмне?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Заказниктер – территориясында чектелген гана чарбачылык ишмердүүлүк жүргүзүүгө жол берилген жай. Токой, аңчылык, ботаникалык жана комплекстүү заказниктер болот.

***Алып баруучу:*** Жаратылыш эстеликтери деген эмне?

***Залдагы адамдардын жообу:*** Жаратылыш эстеликтери– илимий, маданий, тарыхый мааниси бар: үңкүрлөр, шаркыратмалар, аскалар, тоолор, каньондор, байыркы кендер ж.б. географиялык объектилер.

***Алып баруучу:*** Кандай жаратылыш эстеликтерин билесиңер?

**Залдагы адамдардын жообу:** Сулайман-Тоосу, Ат-Башы каньону, Жети-Өгүз аскалары.

***Алып баруучу:*** Ырахмат. Биздин ток-шоу акырына чыгып бара жатат. Негизги жыйынтыктарды чыгаралы.

Жаратылышты коргоо – этикалык жана экономикалык планда да маанилүү, азыр пайдасы жок сезилген нерселер эртең баалуу ресурстардын катарына кириши мүмкүн. Бир эле түрдүн жоголушу же алынып келиши татаал экологиялык процесстердин чынжыр сымал үзгүлтүксүз реакциясына алып келет.

Коргоонун эң ишеничтүү варианты ӨКАЖТ системасы болуп эсептелет, сунуш кылынган стандарттык аянты — 30%. Кыргызстанда ӨКАЖТнын аянты –7,38% .

Чыгып сүйлөгөндөргө жана катышуучуларга ыраазычылык билдирем!

## «Ак илбирс» — театрлаштырылган көрсөтүү

**Катышуучу каармандар:**

*1) Автор*
*2) Ак илбирс хан*
*3) Биринчи түлкү*
*4) Экинчи түлкү*
*5) Аюу*
*6) Биринчи аңчы*
*7) Экинчи аңчы*
*8) Үчүнчү аңчы*
*9) Кичинекей ак илбирс*
*10) Карышкыр*

***Автор:*** —Бул окуя бардык жаныбарлардын үстүнөн ак илбирс хан болуп турган кезде, Борбордук Азиянын жүрөгү болгон Кыргызстанда болгон экен.

Күндөрдүн биринде ак илбирс хан токойдогу жаныбарларга жыйын өткөрүп мындай дейт:

***Ак илбирс хан:*** —Урматтуу жаныбарлар! Силерди чакырганымдын себеби, адамдар бизге аңчылык кыла баштады. Жакында барыбызды кырып жок кылат. Бул маселени биз баарыбыз чогуу чечишибиз керек.

***Биринчи түлкү :*** —Ийй, коюңузчу ханым, биз кайрадан биригебизби?!

***Карышкыр:*** —Кантип ушундай болсун?! Карышкырлар менен илбирстер эч качан чогуу болбойт!

***Экинчи түлкү:*** —Мисалы, түлкүлөрдү алалы, биз адамдарга жакын жашайбыз жана жер алдына кирсек да жан сактайбыз.

***Хан:*** —Урматтуу жаныбарлар, тукумуңардын уланышы, келечегиңер жөнүндө ойлонгула, жан-жаныбарларды бөлүп жарбагыла, андай болсо адамдар бизди кырып жок кылат.

***Аюу:*** —Болду, жетишет! Ханым, кайдагы болбогонду ойлонуп башты оорутпайлы. Негизи кеп чөөлөр жөнүндө болуп жатат, адамдар жөнүндө эмес.

***Автор:*** —Ошол учурда адамдар жана аңчылар жаныбарларды кыра баштайт.

***Биринчи аңчы:*** —Жаныбарлар таптакыр эле калган жокпу?

***Экинчи аңчы:*** —Ошону айтсаң, жок дегенде бир арык карышкыр же түлкү туш келип калса кана!?

***Экинчи аңчы:*** —Ой, карагылачы, тигинде карышкыр жашынып жатат.

***Үчүнчү аңчы:*** —Ааа, мында түлкү бекинип калды.

***Экинчи аңчы:*** —Баары бизди алдап качышты.

***Биринчи аңчы:*** —Мына сага, бирок булардыкы да туура. Азыркы тапта мергенчилер дагы ак илбирске аңчылык кылууда.

***Экинчи аңчы:*** —Ой, карагылачы, жашынган ак илбирс.

***Аңчылар баары:*** —Кеттик тоого.

***Автор:*** —Мына ошентип, адамдар айбанаттарды четинен кырып жок кылышты. XXI кылымда Кыргызстанда жападан жалгыз гана ак илбирс сакталып калды. Жалгыздыктан корккон кичинекей ак илбирс түлкүнүн алдына жардам сурап келди.

***Кичинекей ак илбирс:*** — Мен... ммм, мен кичинекей ак илбирсмин, сиз менен чогуу жашай турсам болобу?

***Түлкү:*** —Жок, кичинекей ак илбирс, сени бардык адамдар издеп жүрүшөт, сенин айыңдан бизди да жок кылышат. Бул жерден көзүмө көрүнбөй жогол!!!

***Автор:*** —Түлкүдөн жардам болбогон соң, кичинекей ак илбирс, карышкырга кезигет.

***Кичинекей ак илбирс:*** —Мен... мен кичинекей ак илбирсмин. Сиз менен чогуу жашап турсам болобу?

***Карышкыр:*** —Жок, болбойт, ак илбирс! Адамдардын баары сени издеп жатышат, сенин айыңдан биз да өлгүбүз келбейт. Жерибизден кет, жогол!!!

***Автор:*** —Кырдаалдан чыгуу жолун издеп, чарчаган ак

илбирс, жалгыздыктан коркуп, куткаруучу издеп аюуга келип жардам сурайт.

***Кичинекей ак илбирс:*** —Мен... мен кичинекей ак илбирсмин. Сиз менен чогуу жашап турсам болобу?

***Аюу:*** —Жок, кичинекей ак илбирс! Сени бардык адамдар издеп жүрүшөт, сенин айыңдан бизди да жок кылышат. Биздин жерден алыс кет!!!

***Автор:*** —Мына ошентип, жалгыз калган ак илбирс жанын коёрго жай таппай, алсырап жүрүп отуруп, мергенчилерге бетме-бет келет.

***Аңчылар:*** —Мына кызык, карагылачы, кичинекей ак илбирс! Эгер биз муну өлтүрсөк болуп көрбөгөндөй байыйбыз!

***Автор:*** —Дал ушул учурда, асман дүңгүрөп, бороон уруп, чагылган түшүп, дарактар ийилип, шамал күчөйт. Тээ алыстан, айбанаттардын ак илбирске жардамга келе жаткан добуштары угулат.

***Жаныбарлар:*** —Ээ-ээ, мыкаачы адамдар, ак илбирске тийбегиле! Ээй, адамдар, жоголгула!!!

***Автор:*** —Аман калган ак илбирс жардамга келген жаныбарлардан минтип сурайт.

***Кичинекей ак илбирс:*** —Эмнеге мени куткарганы келдиңер?

***Жаныбарлар:*** —Биз чогуу болбосок, бирикпесек, өзүбүздү коргобосок, мыкаачы адамдар бизди кырып жок кыларына түшүндүк. Достор, келгиле, баарыбыз бирге бололу, өзүбүздү өзүбүз коргойлу!!!

***Автор:*** —Мына ошентип, бардык айбанаттар бир пикирге келишип, акыркы ак илбирсти сактап калышкан экен.

# Жаныбарлардын үнү

1. Ар түркүн жандыктар көйкөлүп өскөн көк шиберде от-топ, айрымдары ары-бери кубалашып, бейкапар ойноп-куунаган бейкам учур. Аңгыча күзөттө турган аркар:

**Аркар:** «Качкыла, жашынгыла! Айры буттуу жырткычтар келе жатышат!» — деп жар салат. Бардыгы туш келди качып калышат.

2. Айткандай эле браконьерлер келип аткылап, ок жеген жандыктарды ортого сүйрөп келип ташташат да, бири-бирине мактанышат:

– Карачы, мен кандай аркарды аттым!..

– Мен аткан бугунун мүйүзү аркайып тим эле укмуш!

– Омий, мобул илбирстин териси жылтылдап кулпурганын карачы, бери дегенде миң доллар болот!..

3. Ошентип өз иштерине маашырланып, тегерек-четтеги арча-кайыңдын бутактарын карс-карс сындырышып, ортого алоолонто от жагып, тамекини бурулдата көк түтүндү көккө үйлөшөт. Анан өз «эрдиктерин» белгилей, ала келген арагын ары-бери шыңгытып, бөтөлкөсүн ташка чаап сындырышат. Олжосуна манчыркаган орто кызуу мергендер биринен сала бири ырдашат:

**1-адам:** — Ала-Тоону аралай,
Арча, жаңгак, карагай,
Баарын кыйып сатамын
Балатыга карабай!..

**2-адам:** — Илбирс кармап капканга,
Аркар-кулжа атканга.
Аябай мен машыктым,
Оңой олжо тапканга!..

**3-адам:** — Акча табуу – талабым,
Аскага жол саламын.
Балапанын бүркүттүн
Барамын да, аламын!

**Жалпы:** — Бардыгын тең атабыз,
Бардыгын тең сатабыз.
Табигаттан бай болуп,
Тамашага батабыз!..

4. Алар каткырып-күлүп көңүл ачышат.
**1-адам:** — Эртең дагы аталы,
Эргип көңүл ачалы.
Туруш керек таң атпай,
Кой, эмесе жаталы...

Ошентип, коңурукту кош тартып, уктап калышат.

5. Жаныбарлар кезеги менен тирилип, бири аксап, бири араң боортоктоп, өтө аянычтуу абалда бири-бирин жөлөп-таяп тура келишет да, арыз-муңун айтышат.
**Илбирс:** — Ак мөңгүлүү Ала-Тоо,
Ала албады калкалап.
Көк мөңгүлүү Теңир-Тоо,
Кала албады калкалап.
Куруттуңар тукумду,
Кырып-жоюп, талкалап.
Жашып турам аргасыз,
Жаным кайдан жай табат?
Кино деле тартышкан,
«Ак илбирстин тукуму
болобуз» —деп айтышкан,
Баркым анан ушубу?
Теримди сыйрып тон кылып,
Баламды сатып сом кылып,

Тоюнат качан адамзат?
Жоголуп эртең кетемин,
Ар бир жан кымбат экенин
Туюнат качан адамзат?

**Бугу:** — Карагай, бадал, чер токой
Кыйып келет адамзат.
Бугу эне деп коюшуп,
Кырып келет адамзат.
Мүйүзүм кадап дубалга,
Шыйрагым жасап камчы сап,
Күнүгө батат кумарга.
Калбай барат кайберен,
Карашпайбы убалга.
Кайып болуп кетсемби
Качып кирип туманга.
Жашымды төгөм көлдөтүп,
Жан барбы ыйым угарга?..

**Аюу:** — Тоо-токойду аралап,
Терип жеймин карагат.
Заманамды тарытты,
Адам мени жаралап.
Көкүрөккө муң толуп,
Көз жашым агат салаалап.
Айтчы, кантип ыйлабайм,
Атылды балам мамалак.
Теримди сыйрып тескери,
Көлдөлөң кылып тепседи.
Өтүмдү алып дары деп,
Өчү бардай эт жеди.
Ушунча таш боор болобу,
Уяты калбай беттеги.
Эч жамандык кылбасам,
Эмнеге мынча кектеди?..

**Суусар:** — Суу боюнда жашадым,
Суусар деп мени атадың.
Итиңерге жем кылган,
Ишиңерге капамын.
Кирдеди суунун тунугу,
Кечирбейт кудай мунуңу.
Капилет түшүп капканга,
Кундуз досум куруду.
Ары-бери жойлойсуң,
Ач көздүгүң койбойсуң.
Суусардан кийип тебетей,
Сулуумун деп ойлойсуң.
Толсо да байлык үйүңө,
Тойбойсуң, адам, тойбойсуң!..

**Аркар:** — Аркарын атып кырдыңар,
Ак-Сайды жетим кылдыңар.
Кулжасын атып кырдыңар,
Көк-Сайды жетим кылдыңар.
Качсак да биз аскалап,
Кара жан кайдан сакталат.
Вертолет минип кубалап,
Мээлеп турсаң автомат.
Көп күнөөгө батасың,
Көңүлгө албай жатасың.
Төрт түлүк малың турса да,
Эрмектеп бизди атасың.
Көркоо болуп кетпегин,
Көзүңдү качан ачасың?..

**Кумурска:** — Мен эмгекчил кумурска,
Эрте чыгам жумушка.
Тоспогула жолумду,
Убакыт жок турушка.
Улай турган тукумум –

Уямдагы жумуртка.
Ай, адамзат, аз беле
Акыр-чикир төккөнүң.
Айтчы деги эмнеге
Уюгум бузуп өрттөдүң?..

**Балык:** — Мостоюп адам зор белең,
Момун жандар кор белем.
Жардырып суга динамит,
Кармайсың бизди тор менен.
Тамаша кылып тойлобо,
Таза сууну кордобо.
Тим эле кырып балыкты,
Тили жок деп ойлобо.
Тартасың өзүң азабын,
Табигат менен ойнобо!..

**Бүркүт:** — Чабыттап жерди чалгамын,
Аскага уя салгамын.
Балапаным каякта?
Карайлап таппай калгамын.
Томсоргон тоону айланып,
Толду го ичте арманым.
Эй, адам, мынча мерезсиң,
Сенин да бар го балдарың!..
**Илбирс:** — Айланаңды аярлап,
Кыйратпагын, адамзат!
Аман болсун Жер эне,
Ыйлатпагын, адамзат!
Жан-жаныбар көбөйсүн,
Колуңду тарт, адамзат!
Табигат менен достошуп,
Жолуңду тап, адамзат!..

**Аюу:** —Эй, адамзат! Кызыл китеп! Кызыл китеп! – деп бизди тизмелеп, коруктарды түзүп коргомуш этип жатасыңар. Мунуңарга ырахмат! А бирок эмнеге капкан салып, тарсылдата мылтык атасыңар, ыя?..

**Бугу:** —Ооба, ошол Кызыл китебиңе жыл сайын дагы жоголуу коркунучунда турган жаныбарлар кошулуп жатканына өкүнбөстөн: «Бизде Кызыл китепке кирген жаныбарлардын көптөгөн түрлөрү кездешет» —деп мактанганыңар кандай?

**Балык:** —Бул мактанарлык иш эмес, бул силердин ач көздүгүңөрдүн кесепети!

**Бүркүт:** —Адам баласы биздей эле Кызыл чекке жакындап келет. Бүгүн биз Кызыл китепте болсок, эртең адам баласы ошол Кызыл китебине кирип, өздөрү коргоого муктаж болот!

**Бардык жаныбарлар чогуу айтышат:**

Ойлонгун, адамзат, ойлонгун!
Өчүп калба өзүң тизмеден,
Келечегиң дайым биз менен!
Ойгонгун, адамзат, ойгонгун!..

6. Уктап жаткан браконьерлер уйкусунан чочуп ойгонушат.

**1-адам:** —Оо, кудай, сактай көр, бул эмне мен көргөн түшпү же өңүмбү, же ичкен арактын кесепетиби? Айткылачы, эмне болду ыя? Оой башым. (Башын мыкчыйт).

**2-адам:** —Мен эч качан арак ичкенде мындай болчу эмесмин, мага түшүмө биз кырып салган жаныбарлар кирди, бул жөн түш эмес, мен эми мылтык кармасам, капкан салсам колум сынсын! Бала-бакырам аман болсо экен.

**3-адам:** —Өңүмбү же түшүмбү. Оо, Теңирим, кечир бизди! Биз эми бул күнөөбүздү өмүр бою жууганга аракет кылабыз. Бошоткула капкандагы жаныбарларды, ыргыткыла мылтыктарды, сындыргыла капкандарды.

*Балбакова Фарида.* Табият үнү.– Б. 2015. – 68 б.

# Биомаданий ар түрдүүлүк боюнча фильмдер менен видеороликтердин тизмеси

**Видеороликтерди жана тасмаларды интернеттен (YouTube) таба аласыңар**

1. «Таалим-Форум» коомдук фондунун донордук жана өнөктөш уюмдарынын колдоосу менен долбоорлордун алкагында тартылган видеороликтер жана кыска метраждуу документалдуу фильмдер:

1) «Мураскерлер» деп аталган тасманын үч сериясы кыргыз элинин түпкүлүктүүлүгүнүн (руханий башаттарынын) жаралышы жана өнүгүшү каада-салттары менен күнүмдүк тиричилигинде сакталып калгандыгы тууралуу тартылган. Тасмада салттуу билимдерди мурас катары сактап калган адамдарга коомчулуктун көңүлүн бурдуруу үчүн, маданий жана жаратылыштын көп түрдүүлүгүнүн тогошкон мезгилдерин, ошондой эле табигый көп түрдүүлүктү, аны сактап калуунун маанилүүлүгүн баса белгилөө максатында тартылган. Элдик салттарды алып жүрүүчүлөр жана сактоочулар болбосо, биздин маданий байлыктар өз коозлугун жана мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып бере албайт.
Фильм Кристенсен Фондунун (АКШ) колдоосу менен «Айтыш» студиясынын кызматташтыгы аркылуу тартылган.

1-серия «Улуу жомокчулар»
2-серия «Ыйык мейкиндик»
3-серия «Өлбөс дүйнөнүн күүлөрү»

2) «Осуят» документалдуу фильми Кыргызстандын археологиялык-тарыхый эстеликтери тууралуу. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин өнөктөштүгү менен тартылган.

3) «Жагымдуу шаар» фильми Бишкек шаарынын экологиялык акыбалы тууралуу. Анда Бишкек шаарынын экологиялык проблемаларына элдин көңүлүн буруу, шаардын тургундарынын экологиялык маданиятын жана айлана-чөйрөсүн жакшыртуу. Фильм «Сорос–Кыргызстан» фондунун колдоосу менен тартылган.

4) «Кайберендин изи менен» даректүү фильми режиссер Т.Мураталиев тарабынан Кыргызстандын тоолорунда жашаган ача туяктуу жаныбарлар тууралуу. «Туруктуу өнүктүрүү стратегиялары институту» коомдук фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик айлана-чөйрөнү жана токой чарбасын коргоо департаментинин колдоосу менен тартылган.

2. «Илбирс» документалдуу фильми 2013-жылы Бишкекте өткөрүлгөн Илбирстерди коргоо боюнча Бүткүл дүйнөлүк форумдун жана NABUнун заказы менен тартылган. Кызыл китепке кирген жаныбарларды коргоо проблемасына коомчулуктун көңүлүн буруу, илбирстерди заманбап курал-жарактар аркылуу жырткычтык менен кыруудан сактоо максатында көрсөтүлөт. Тасмада жандуу жаратылышка сарамжал мамиле кылуу, жергиликтүү коомчулуктар өз мекенин активдүү коргошуна багытталган.

3. «Айылды өнүктүрүү фонду» (RDF) коомдук фондунун илбирстерди коргоо жана экологиялык салттуу билимдер боюнча түзүлгөн долбоорлорунун алкагында тартылган видеороликтерди YouTube каналынан таба аласыңар.

4. Талас аймагында Кыргызстандын жапайы жаратылышы тууралуу тартылган «Жылдыз Транзит» коомдук фондунун видеороликтери бар.

5. Илбирстин аскадан секирип өз олжосуна аңчылык кылуусу тартылган видеороликти көрсө болот.

6. «Ак илбирстин тукуму» көркөм фильминин режиссеру Т.Океев.

7. Кыргыз Республикасындагы ПРООНдун колдоосу менен тартылган видео сабак – «Илбирс – бийик тоонун ээси». Роликте Каракол шаарынын окуучусу Албан Али Алим уулу тартылган.

8. «Тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүүсү» аттуу видеороликтер, аралыктан окутуу курсу.

9. «Илбирс – Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюнунун символу 2018» видеоролики.

Кыргыз Республикасындагы ПРООНдун (Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы) колдоосу менен тартылган видеоролик. Анда жаратылышты коргоо, ресурстарды үнөмдүү пайдалануу жана пластикти колдонууну азайтууга чакырат.

# «Ак илбирс» этно-экологиялык лагерин өткөрүүнүн программасы

| Биринчи күн | |
|---|---|
| **Убактысы** | **Иш-чара** |
| **08.00** | Окуучуларды чогултуу, таанышуу, лагерге жол тартуу. |
| **12.30 – 13.00** | Боз үй лагерине келүү.<br>Окуучулардын жергиликтүү салттуу билимдерди сактоочулар менен жолугушуусу, алар боорсок жана бата берүү менен тосуп алышат.<br>Окуучуларга лагердин эмблемасы тартылган футболка жана кепка, блокнот, калем сап, карандаш таратуу.<br>Баннерди жана лагердин желегин илүү. |
| **13.00 – 14.00** | Түшкү тамактануу. |
| **14.00 – 14.30** | Өз айылы/району, мектеби, мектептеги экологиялык лагерге катышуусу жөнүндө кыскача окуучулардын бет ачарлары.<br>Тренерлер жана жергиликтүү эксперттер менен таанышуу. |
| **14.30 – 17.30** | Балдар чоң кишилердин көзөмөлү менен боз үй тигишет.<br>Балдар жана кыздар өз боз үйлөрүнө жайгашышат.<br>Медайым балдардын саламаттыгын карап чыгат. |
| **17.30 – 18.00** | Боз үйдө чай ичүү. |
| **18.00 – 19.00** | Муз жаргыч: катышуучулар менен оюн аркылуу таанышуу.<br>Максаты: тоскоолдуктарды жеңүү, достук мамиле түзүү.<br>Лагердин программасы жана күн тартиби менен таанышуу.<br>Лагердеги негизги эрежелерди иштеп чыгуу.<br>Окуучулар өздөрү эрежелерди сунуш кылышат, лагерде эмне кылууга болорун жана болбостугун айтышат. |
| **19.00 – 19.30** | Бет ачардын темасы: «Боз үйдүн көчмөн кыргыз турмушундагы ролу жана мааниси».<br>Боз үйдүн бөлүктөрү, жашоо эрежелери.<br>Боз үйгө байланыштуу жөрөлгөлөр, салттар.<br>Боз үй жөнүндө балдардын пикири, өз тажрыйбасын талкуулоо. |
| **19.30 – 20.00** | Кечки тамактануу. |
| **20.00 – 21.30** | Күндүз жергиликтүү адамдар «Алты бакан» орнотушат.<br>Окуучулар мурда жаштар кандай оюн ойногондорун айтып беришет. Селкинчек тебишет.<br>Дежур группа өткөргөн күнү жөнүндө дубал газетага чагылдырат. |
| **21.30 – 22.00** | Жеңил тамактануу.<br>Бардыгы өткөргөн күнү жөнүндө күндөлүк толтурушат.<br>Уктоого камдануу. Уктоо. |

| Экинчи күн | |
|---|---|
| **Убактысы** | **Иш-чара** |
| **08.00** | Туруу. Эртең мененки көнүгүү жасоо жана жууну. Боз үйдү жыйноо. |
| **08.30 – 09.30** | Көчмөндөрдүн тамагы.<br>Кыргыз тамактары тууралуу айтып берүү. |
| **09.30 – 10.00** | Лагердеги биринчи күн тууралуу дубал газетаны көрсөтүү.<br>Таасирлер менен алмашуу (күндөлүктөн үзүндүлөрдү окуу).<br>Лагердеги экинчи күндүн программасы менен таанышуу. |
| **10.00 – 11.00** | Тема: «Булак жашоо үчүн суунун башаты, руханий, маданий аспектидеги көчмөндөрдүн жашоосу».<br>Булакты тазалоо. Идиштерге суу алуу. |
| **11.00 – 13.00** | Экскурсия «Илбирстердин изи менен».<br>Жаратылыш паркынын территориясында илбирстер жана алардын жашоо чөйрөсү жөнүндө айтып берүү.<br>Илбирстин жашоо чөйрөсүндөгү жаныбарларды, өсүмдүктөрдү коргоо.<br>Жаныбарлар жана алардын жашоо чөйрөсү жөнүндө айтып берүү, экскурсиянын программасы жана маршрутун түшүндүрүү.<br>Экскурсия учурунда:<br>• Кумурскалардын уюгун тосуу. Эмне үчүн аны тосуу маанилүү. Кумурсканын уюгу жөнүндө легенда.<br>• Илбирстердин азык чынжырындагы жапайы жаныбарлар үчүн акырларды орнотуу.<br>• «Илбирстердин жолун» таштандылардан тазалоо.<br>Боз үйгө кайтуу. |
| **13.00 – 14.00** | Түшкү тамактануу. Көчмөн ашкананын тамак-ашы менен тамактануу. |
| **14.00 – 15.00** | Боз үйдө эс алуу. |
| **15.00 – 16.30** | Браконьерлер деген кимдер? Салттуу мергенчилер кимдер?<br>Жергиликтүү мергенчилер менен аксакалдардын илбирс жөнүндө айткан легендалары.<br>Бүркүт жана тайган менен аңчылык кылуу тууралуу айтып берүү.<br>Мергенчилердин этикалык жана моралдык принциптери. |
| **16.30 – 17.00** | Боз үйдө чай ичүү. |
| **17.00 – 17.30** | «Кожожаш» эпосун окуу.<br>Окуучулар Кожожаш мерген жөнүндө ролдорду бөлүштүрүп, репетиция кылышат, спектакль коюшат. |
| **17.30 – 19.30** | Репетициялар. |
| **19.30 – 20.00** | Кечки тамактануу |
| **20.00 - 21.30** | «Кожожаш» эпосунан үзүндү коюу.<br>Талкуу. Оюндар. Дежур группа дубал газета даярдайт. |
| **21.30 – 22.00** | Жеңил тамактануу.<br>Бардыгы өткөргөн күнү жөнүндө күндөлүк толтурушат.<br>Уктоого камдануу. Уктоо. |


| Үчүнчү күн | |
|---|---|
| **Убактысы** | **Иш-чара** |
| **08.00** | Туруу. Эртең мененки көнүгүү жасоо жана жууну. Боз үйдү жыйноо. |
| **08.30 – 09.30** | Көчмөндөрдүн тамагы.<br>Кыргыз тамактары тууралуу айтып берүү. |
| **09.30 – 10.00** | Дубал газетаны көрсөтүү.<br>Лагердин экинчи күнү жөнүндө талкуу.<br>Таасирленүү жөнүндө бөлүшүү (күндөлүктөн окуп берсе болот).<br>Лагердин үчүнчү күнүнүн программасы менен таанышуу. |
| **10.00 – 13.00** | Тема: «Тоолуу экосистемалардын флорасы менен тааныштыруу».<br>Дарылык касиети бар чөптөр.<br>Жаратылышка экскурсия.<br>Жаратылыш аймагында өскөн өсүмдүктөрдү көрсөтүү.<br>Флористика же гербарий.<br>Ар ким өз ишин аткарат. |
| **13.00 – 14.00** | Түшкү тамактануу.<br>Көчмөн ашкананын салттуу тамак-ашы менен тамактануу. |
| **14.00 – 15.00** | Боз үйдө эс алуу.<br>Флористика же гербарий жасоо иштерин аякташат. |
| **15.00 – 16.30** | Тема:  «Кыргыздын салттуу кол өнөрчүлүгү».<br>• Кийиз. Кийизди табигый боёктор менен боёо. (Панно жасоо)<br>• Чий. Чий чырмоо.<br>• Аркан эшүү. Териден жасалган буюмдар.<br>• Ат жабдыктарын жасоо. (Балдар) |
| **16.30 – 17.00** | Боз үйдө чай ичүү. |
| **17.00 – 18.00** | Бет ачардын темасы:  «Тоолуу экосистемалар. Аларды сактоо эмне үчүн маанилүү?»<br>Тоолуу аймактын тургундары, салттар жана жаратылыш менен эриш-аркак жашоо.<br>Тоо жөнүндө тартылган Би-Би-Синин фильми. |
| **18.00 – 19.00** | Талкуунун темасы:  «Экосистемалар жана экосистемалардын бузулушунун антропогендик себептери: таштанды, өндүрүш, шаарларды өнүктүрүү».<br>Оюндар: «Азык чынжырлары жана экосистемалар», «Жашоо чөйрөсүнүн жоголушу». |
| **19.30 – 20.00** | Кечки тамактануу. |
| **20.00 - 21.30** | «Ак илбирстин тукуму» көркөм фильмин көрүү. Фильмди талкуулоо.<br>Дежур группа дубал газета даярдайт. |
| **21.30 – 22.00** | Жеңил тамактануу.<br>Бардыгы өткөргөн күнү жөнүндө күндөлүк толтурушат.<br>Уктоого камдануу. Уктоо. |

| Төртүнчү күн | |
|---|---|
| **Убактысы** | **Иш-чара** |
| **08.00** | Туруу. Эртең мененки көнүгүү жасоо жана жууну. Боз үйдү жыйноо. |
| **08.30 – 09.30** | Кыргыз элинин тамак-аштары тууралуу айтып берүү.<br>Дубал газетаны көрсөтүү. Үчүнчү күндүн таасирлери менен алмашуу. Лагердин төртүнчү күнкү программасы менен таанышуу. |
| **09.30 – 10.00** | Талкуу: биоартүрдүүлүктү сактоо жана жаратылышка зыян келтирбөө үчүн өзүн кантип алып жүрүү керек? |
| **10.00 – 13.00** | Кыргыздардын жашоосунда жылкынын орду. Ат жабдыктары, атты токуу. «Тору-Айгыр» уламышын угуу.<br>Атка мингенди үйрөнүү. Ат минип жаратылышка экскурсияга чыгуу.<br>Саякат учурунда:<br>• Парктын аймагындагы жапайы жаныбарларга тоют даярдап, чөп боолоо.<br>• Фото капканды көрүү, аны орнотуу. |
| **13.00 – 14.00** | Түшкү тамактануу.<br>Көчмөн ашканасынын салттуу тамак-ашы менен тамактануу. |
| **14.00 – 15.00** | Боз үйдө эс алуу. |
| **15.00 – 15.30** | Фото капкандын видео кадрларын көрүү. |
| **15.30 – 16.30** | Илбирс жөнүндө театрлашкан көрсөтүү, концерт жана флешмоб. |
| **16.30 – 17.00** | Боз үйдө чай ичүү. |
| **17.00 – 19.30** | Театрлашкан көрсөтүү, концерт, флеш-моб.<br>Лагердин жабылышы.<br>Лагерде өткөргөн күндөр жөнүндө фото презентациялар.<br>Сертификаттарды тапшыруу. Китеп сыйлыктарын берүү. |
| **19.30 – 20.00** | Кечки тамактануу. |
| **20.00 - 21.30** | От жагуу. Музыка, бий, оюндар. Төртүнчү группа дубал газета даярдашат. |
| **21.30 – 22.00** | Жеңил тамактануу.<br>Бардыгы өткөргөн күнү жөнүндө күндөлүк толтурушат.<br>Уктоого камдануу. Уктоо. |
| **Кетер күн** | |
| **08.00 – 08.30** | Туруу. Эртең мененки көнүгүү жасоо жана жууну. Кийим-кечелерин жыйноо. |
| **08.30 – 09.30** | Эртең мененки тамактануу.<br>Лагерь тууралуу таасирлер менен бөлүшүү.<br>Уюштуруучулар менен жергиликтүү адамдарга ыраазычылык билдирүү. |
| **09.30** | Лагерден жолго чыгуу. |

# Экологиялык баш катырмалар

## 1. Бийик тоолордо эмнелер жашайт?

**Чекиттерди бириктирип боёсоңор бийик тоодо жашаган үч жаныбарды табасыңар. Бул жаныбарларды билесиңерби?**



## 2. Эсеп оюну

Борбордук Азиянын тоолорунда укмуштуу жаныбар – илбирс жашайт. Ал жөнүндө көп маалымат алгыңар келсе, анда төмөнкү баш катырманы эсептеп чыккыла. Жоопторун бош көзөнөктөргө жазгыла.

**20x2+15=? Илбирстин бою ☐ сантиметрге чейин жетет.**

**(200 – 25x4 ) + (2x6) +3= ? Денесинин узундугу – орточо ☐ сантиметр.**

**10x2+50- 25= ? Орточо салмагы ☐ килограмм.**

**(23+37) – (20:4)= ? Жүнүнүн узундугу ☐ миллиметр.**

**300 – 100x2= ? Илбирстин куйругунун узундугу ☐ сантиметрге жетет.**


**2x5+30-10= ? Илбирстин ☐ тиши болот.**

**18:3= ? Үстүңкү жана астыңкы жаагында ☐ дан кашка тиштери,**

**10-(2x2+4)= ? ☐ азуусу жана майдалоочу азуулары жайгашкан.**

## 3. Илбирстин изи менен

Ар бир звеносу кийинки звеного азык болгон курамдар эмне деп аталат? Аны табуу үчүн илбирстин изин кубалап окугула.



РАЛ ТЕ КАР КЕ УР АР КА СУ МАН МА

## 4. Илбирс эмне менен азыктанат?

**Эки бөлүккө бөлүнгөн сөздөрдү бириктирип, илбирс азыктанган жаныбарларды билгиле. Сүрөттөр жана алгачкы тамгалар силерге жардам берет.**



А _ _ _ _

М _ _ _ _





Т _ _ _

К _ _ _ _

С _ _ _





## 5. 12 мамлекетти тапкыла

Илбирстер таралган ареал 12 мамлекеттин аймагын камтыйт. Бул мамлекеттерди тапкыла. Алардын аталыштарын туурасынан жана тигинен таап окугула.

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б | С | А | Т | Й | Ц | У | К | Е | Н | Г | Ш | З | Х | Ф | Ы | В | А | П | Р |
| Ч | Я | Ф | Э | К | Ы | Р | Г | Ы | З | С | Т | А | Н | Ж | И | Д | Л | О | С |
| С | М | Г | И | Т | Б | О | Ю | Й | Ц | У | К | Н | Е | Г | Н | Ш | Б | З | Х |
| Ф | К | А | З | А | К | С | Т | А | Н | Ы | В | А | П | И | Д | Р | У | О | С |
| Т | Б | Н | Ю | Й | Ц | С | У | К | Е | Т | Б | П | А | К | И | С | Т | А | Н |
| И | М | И | С | Я | Д | И | А | М | О | Н | Г | О | Л | И | Я | Н | А | Л | И |
| Ш | Х | С | Ф | Ы | В | Я | А | П | Р | О | Л | Д | Ж | Т | Э | Я | Н | Ч | М |
| К | Ы | Т | А | Й | Н | Ө | З | Б | Е | К | С | Т | А | Н | Н | Й | Ц | У | К |
| Г | Т | А | Ж | И | К | С | Т | А | Н | Т | А | Д | О | Й | А | Ы | Г | Н | Е |
| В | С | Н | Ю | Б | Т | С | И | М | Ч | Я | Э | Ж | Л | Р | П | Ф | Х | З | Ш |

## 6. Илбирстин олжосу

Илбирс кармаганы жаткан жаныбарды тапкыла. Бир жолу кездешкен тамгаларды гана жазып алып, алардан сөздү туура курагыла.




## 7. Кроссворд

**Тигинен:**

1. Немец экологу Э.Геккель 1866-жылы «Жаныбарлар менен адамдардын жашоо чөйрөсү менен карым-катышы жөнүндө илим» – деп кайсы илимди атаган?
2. Бардык жандуу жандыктар жашаган планетабыздын катмары эмне деп аталат?
3. Уламышта балдарын сактап калам деп, эне-илбирс да жардан учуп өлөт. Ошол жерден шаркыратма агып чыгат. Аны «Илбирстин көз жашы» деп аташат. Шаркыратма аккан капчыгайдын аталышын тапкыла.
4. Азык чынжырынын акыркы звеносу, анда организмдер органикалык кошулмаларды органикалык эмес заттарга алмаштырат.
5. Баалуу жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү өстүрүп, аларды атууга, үзүүгө, кыюуга же терүүгө тыюу салынган жер тилкеси.
6. Жандуу организмдердин айлана-чөйрө менен өз ара байланышуу системасы эмне деп аталат?
7. Баткен тоолорунда гана өскөн гүлдүн аты эмне? Ал жоголуп бараткан түрлөргө киргендиктен, Кызыл китепке катталган.

**Туурасынан:**

8. Бийик тоолуу экосистемалардын азык чынжырынын чокусунда кайсы жаныбар турат?
9. Мүйүзү буралган мархур деп аталган теке жашаган өлкө.
10. Кайсы мамлекеттин 10 000 теңге акча банкнотасында илбирстин сүрөтү тартылган?
11. Кайсы эпосто сур эчки мергенчиден өч алганы айтылат?
12. Өлүп жок болуудан аман сактап алып калган жаныбарлар Кызыл китептин кайсы түстөгү барактарында жазылган?
13. Азык чынжырынын алгачкы бөлүгү (звеносу) ....
14. Чектелген мейкиндикте жана бир гана аймакта өскөн/жашаган, таралган жаныбар же өсүмдүк.



## 8. Кызыл китеп

Дүйнө жүзүндө бардык нерсе бири-бири менен желе сымал тыгыз байланышта. Эгерде анын бир жиби андан жоголуп кетсе, анда бул желедеги калгандарга да эртеби-кечпи таасирин тийгизет. Эгер бир нече жиби жоголсо, жашоонун желеси алсызданат. Ушуга байланыштуу мамлекеттер биргелешип жаратылышты сактап калуу үчүн эл аралык келишимдерди түзүп, коргоо чараларын көрүп турушат. Алгачкы кадамдардын бири катары Кызыл китеп түзүлгөн. Баш катырмадагы кайталанган эки сөздү чийип салгыла да, кызыл китеп жөнүндө маалыматты окугула!

ТАБИЯТ КЫЗЫЛ КИТЕПКЕ КОРУК ЖОГОЛУП КЕТҮҮ КОРКУНУЧУНДА ТУРГАН ЖАНА ТАБИЯТ СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ КОРУК ӨСҮМДҮКТӨРДҮН, ТАБИЯТ ЖАНЫБАРЛАРДЫН КОРУК, КОЗУ КАРЫНДАРДЫН КОРУК ТҮРЛӨРҮНҮН ТИЗМЕСИ ТАБИЯТ ЖАЗЫЛАТ, АНДА КОРУК ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ТАБИЯТ ЖӨНҮНДӨ КОРУК МЫЙЗАМДАР ТАБИЯТ ЖАЗЫЛБАЙТ.

## 9. Экосистема

«Түнү», «жан» сөзүнө уйкашкан сөздөрдү жана «оо» созулма үндүүлөрү катышкан сөздөрдү чийип салгыла. Андан кийин калган сөздөрдү ирети менен окугула. «Экосистема» тууралуу түшүнүк аласыңар.

| | | |
|---|---|---|
| КҮНҮ | ЖАНДУУ | СУРОО |
| ОРГАНИЗМДЕРДИН | ЖҮНҮ | АЙЛАНА |
| НАН | КАН | ЧӨЙРӨ |
| КООЗ | КОРГОО | САН |
| АЛТОО | МЕНЕН | ТОО |
| ӨЗ | ООЗ | АРА |
| БАЙЛАНЫШТАГЫ | ЖАШОО | СИСТЕМАСЫ |

## 10. Экосистемалардын түрлөрү


Тизилген тамгаларды сөздөргө бөлүп таблицага жазгыла. Булар табигый экосистемалардын түрлөрү.

**ТОКОЙКӨЛДАРЫЯКӨЛМӨОКЕАНЧӨЛДЕҢИЗТООСАЗШАЛБАА**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | | 6 | |
| 2 | | 7 | |
| 3 | | 8 | |
| 4 | | 9 | |
| 5 | | 10 | |


## 11. Шуруга тизилген сөздөр

Кызыл жебеден баштап, ар бир тамгаларды терип жазгыла. Акырына чыккандан кийин аягынан баштап, тескерисинче окусаңар экосистеманын трофикалык курамын түзгөн бөлүктөрдүн аталыштарын биле аласыңар.




## 12. Илбирстин жолу

Илбирстин баскан жолу менен барып, ал жөнүндө кызыктуу маалыматты билип алгыла.




## 13. Азык пирамидасы


Сүрөттөн эмнелерди көрдүңөр? Алардын аталышынын 1-тамгасын бош көзөнөкчөлөргө жазгыла. Сөздөрдү окугула. Андан кийин аларды бийик тоолуу чөптүү экосистеманын азык пирамидасына туура жайгаштыргыла.





# Баш катырмалардын жооптору

## 1. Бийик тоолордо эмнелер жашайт?




## 2. Эсеп оюну

20x2+15= **55**

(200 – 25x4 ) + (2x6) +3= **115**

10x2+50- 25= **45**

(23+37) – (20:4)= **55**


300 – 100x2= **100**

2x5+30-10= **30**

18:3= **6**

10-(2x2+4)= **2**

## 3. Илбирстин изи менен




## 4. Илбирс эмне менен азыктанат?

**АРКАР**

**МАРАЛ**

**ТЕКЕ**

**КАМАН**

**СУУР**


## 5. 12 мамлекетти тапкыла

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б | С | А | Т | Й | Ц | У | К | Е | Н | Г | Ш | З | Х | Ф | Ы | В | А | П | Р |
| Ч | Я | Ф | Э | К | Ы | Р | Г | Ы | З | С | Т | А | Н | Ж | И | Д | Л | О | С |
| С | М | Г | И | Т | Б | О | Ю | Й | Ц | У | К | Н | Е | Г | Н | Ш | Б | З | Х |
| Ф | К | А | З | А | К | С | Т | А | Н | Ы | В | А | П | И | Д | Р | У | О | С |
| Т | Б | Н | Ю | Й | Ц | С | У | К | Е | Т | Б | П | А | К | И | С | Т | А | Н |
| И | М | И | С | Я | Д | И | А | М | О | Н | Г | О | Л | И | Я | Н | А | Л | И |
| Ш | Х | С | Ф | Ы | В | Я | А | П | Р | О | Л | Д | Ж | Т | Э | Я | Н | Ч | М |
| К | Ы | Т | А | Й | Н | Ө | З | Б | Е | К | С | Т | А | Н | Н | Й | Ц | У | К |
| Г | Т | А | Ж | И | К | С | Т | А | Н | Т | А | Д | О | Й | А | Ы | Г | Н | Е |
| В | С | Н | Ю | Б | Т | С | И | М | Ч | Я | Э | Ж | Л | Р | П | Ф | Х | З | Ш |

## 6. Илбирстин олжосу

**КУЛЖА**

## 7. Кроссворд




## 8. Кызыл китеп

~~ТАБИЯТ~~ КЫЗЫЛ КИТЕПКЕ ~~КОРУК~~ ЖОГОЛУП КЕТҮҮ КОРКУНУЧУНДА ТУРГАН ЖАНА ~~ТАБИЯТ~~ СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ ~~КОРУК~~ ӨСҮМДҮКТӨРДҮН, ~~ТАБИЯТ~~ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ~~КОРУК,~~ КОЗУ КАРЫНДАРДЫН ~~КОРУК~~ ТҮРЛӨРҮНҮН ТИЗМЕСИ ~~ТАБИЯТ~~ ЖАЗЫЛАТ, АНДА ~~КОРУК~~ ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ~~ТАБИЯТ~~ ЖӨНҮНДӨ ~~КОРУК~~ МЫЙЗАМДАР ~~ТАБИЯТ~~ ЖАЗЫЛБАЙТ.

## 9. Экосистема

| | | |
|---|---|---|
| ~~КҮНҮ~~ | ЖАНДУУ | ~~СҮРӨӨ~~ |
| ОРГАНИЗМДЕРДИН | ~~ЖҮНҮ~~ | АЙЛАНА |
| ~~НАН~~ | ~~КАН~~ | ЧӨЙРӨ |
| ~~КӨӨЗ~~ | ~~КОРГОО~~ | ~~САН~~ |
| ~~ААТОО~~ | МЕНЕН | ~~ТОО~~ |
| ӨЗ | ~~ӨӨЗ~~ | АРА |
| БАЙЛАНЫШТАГЫ | ~~ЖАШОО~~ | СИСТЕМАСЫ |

## 10. Экосистемалардын түрлөрү

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | ТОКОЙ | 6 | ЧӨЛ |
| 2 | КӨЛ | 7 | ДЕҢИЗ |
| 3 | ДАРЫЯ | 8 | ТОО |
| 4 | КӨЛМӨ | 9 | САЗ |
| 5 | ОКЕАН | 10 | ШАЛБАА |

## 11. Шуруга тизилген сөздөр

П Р О Д У Ц Е Н Т
К О Н С У М Е Н Т

## 12. Илбирстин жолу

ИЛБИРСТЕР УЗУНДУККА СЕКИРҮҮ БОЮНЧА ЧЕМПИОНДОР

## 13. Азык пирамидасы






# Белгилүү даталар

## Январь

11-январь – Коруктар менен улуттук парктардын бүткүл дүйнөлүк күнү.

Январдын үчүнчү дем алышы – Бүткүл дүйнөлүк кар күнү.

## Февраль

2-февраль – Бүткүл дүйнөлүк суулуу-саздуу жерлердин күнү.

19-февраль – Киттердин жана деңиз сүт эмүүчүлөрүнүн бүткүл дүйнөлүк күнү.

19-февраль – Орнитологдордун күнү.

## Март

3-март– Бүткүл дүйнөлүк жапайы жаратылыш күнү.

3-март– Мамлекеттик туу күнү (Кыргызстанда).

5-март – Ак калпак күнү (Кыргызстанда).

14-март – Дарыяны, сууну жана тиричиликти коргоо иш-аракеттеринин күнү.

20-март –Жер күнү.

21-март – Нооруз майрамы.

21-март – Эл аралык токой күнү.

22-март – Бүткүл дүйнөлүк суу ресурстарынын күнү.

23-март – Бүткүл дүйнөлүк метеорология күнү.

## Апрель

1-апрель – Бүткүл дүйнөлүк канаттуулар күнү.

7-апрель – Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо күнү.

15-апрель – Экологиялык билимдердин күнү.

19-апрель – Байчечекей күнү.

16–22-апрель – «Парктардын Маршы» акциясы.

22-апрель – Бүткүл дүйнөлүк жердин, жаратылыш-эненин күнү.
23-апрель – Китеп күнү (Кыргызстанда).

## Май

1-май – Эмгекчилердин эл аралык майрамы.
3-май – Күн майрамы.
15-май – Эл аралык климат күнү.
18-май – Эл аралык музейлер күнү.
Майдын үчүнчү дем алышы – Энелер күнү (Кыргызстанда).
22-май – Эл аралык биологиялык көп түрдүүлүктүн күнү.
27-май – Китепканалар күнү (Кыргызстанда).

## Июнь

5-июнь – Бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрөнүн күнү.
17-июнь – Бүткүл дүйнөлүк чөлгө айлануу менен күрөшүү күнү.

## Июль

11-июль – Эл аралык жергиликтүү калк күнү.
29-июль – Эл аралык жолборстор күнү.

## Август

Августун үчүнчү дем алышы – Үйү жок жаныбарлардын эл аралык күнү.

## Сентябрь

16-сентябрь – Озон катмарын коргоо күнү.
15-сентябрдан – 15-октябрга чейин – Жаратылышты коргоонун бир айлыгы.
Сентябрдын үчүнчү дем алышы – Токой кызматкерлеринин күнү.
21-сентябрь – Эл аралык тынчтык күнү.
20-сентябрь – Эл аралык жарганаттар түнү.
Сентябрь айы – «Планетаны таштандыдан арылтабыз» акция жумалыгы.

22-сентябрь – Автоунаасыз жүрүү күнү.
23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү (Кыргызстанда).
27-сентябрь – Бүткүл дүйнөлүк туризм күнү.
Сентябрь айынын акыркы жумасы – Деңиздердин эл аралык күнү.

## Октябрь

Октябрдын биринчи жумасы – Бүткүл дүйнөлүк канаттууларга байкоо жүргүзүү күндөрү.
4-октябрь – Бүткүл дүйнөлүк жаныбарларды коргоо күнү.
6-октябрь – Жашоо үчүн мекендеген жерлерди коргоонун бүткүл дүйнөлүк күнү.
23-октябрь – Эл аралык Ак илбирс күнү.

## Ноябрь

10-ноябрь – Илим күнү (Кыргызстанда).
10-ноябрь – Жаштар күнү (Кыргызстанда).
15-ноябрь – Бүткүл дүйнөлүк кайрадан иштеп чыгаруу күнү.
17-ноябрь – Кыргыз киносунун күнү.

## Декабрь

3-декабрь – Эл аралык пестициддерге каршы күрөшүү күнү.
4-декабрь – «Манас» эпосунун күнү (Кыргызстанда).
5-декабрь — Эл аралык ыктыярчылардын (волонтерлордун) күнү.
11-декабрь – Бүткүл дүйнөлүк тоолор күнү.
12-декабрь – Улуттук адабият күнү (Кыргызстанда).

## Айрым сөздөргө түшүндүрмө

**Ааламдашуу** – бүткүл дүйнөлүк экономикалык, саясий, маданий жана диний интеграция жана унификация процесси.

**Азык же трофикалык чынжыр** – экосистемадагы организмдердин азыктануу ирети. Организмдердин бир түрлөрү башка топтогу түрлөрдүн азыгы болушат.

**Азык пирамидасы** – экосистеманын бардык деңгээлиндеги продуценттер менен консументтердин ортосундагы байланыштардын графикалык сүрөттөлүшү: чөп жеген жаныбарлардын, түрлөрдүн, башка жырткычтар менен азыктанган жырткычтардын түрлөрү.

**Антропогендик факторлор** – айлана-чөйрөнү өзгөртүп, климатка таасирин тийгизген адамдардын ишмердүүлүгү. Ал факторлорго: жерди пайдалануу жана мал чарбачылыгын жүргүзүү, атмосферага көмүр кычкыл газынын чыгарылышы, токойду кыюу жана башкалар кирет.

**Ашыкча мал жаюу жана жайыттардын деградациясы** – топурактын түшүм берүүчү катмарын малдын таптап, өсүмдүктөрдүн калыбына келүү жөндөмдүүлүгүнүн жоголушу жана бул аймактагы жаныбарлар үчүн тоют базасынын төмөндөшү.

**Бийиктик курчоолору** – тоолордо улам бийиктеген сайын жаратылыш шарттарынын жана ландшафттын мыйзам ченемдүү алмашылышы. Ал негизинен тоонун абсолюттук бийиктигине жана климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу. Тоо канчалык бийик жана экваторго жакын болсо, бийиктик курчоолору ошончолук бийик болот.

**Биомаданий ар түрдүүлүк** – адам менен жаратылыштын тыгыз байланышы, ал экологиялык билимдерде жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу (башкаруу) системаларында чагылдырылат.

**Биосфера** – жер үстүндөгү тиричиликтин таралышы. Ал өзүнө литосферанын тиричиликтер жайгашкан үстүңкү катмарын, суу-дарыялар, көлдөр деңиздер (гидросфераны), атмосферанын төмөнкү бөлүгүн (тропосфераны) камтыйт.

**Биосфералык коруктар** – жаратылыш комплекстерин коргоо жана сактоо максатында улуттук деңгээлдеги өзгөчө корукка алынган жаратылыш аймактарынын бөлүгү.

**Браконьердик** (мыйзамсыз аңчылык кылуу) – жапайы жаныбарларга аңчылык кылуу, балык улоо, жапайы өскөн өсүмдүктөрдү жыйноо, токойду кыюу жана башкалар. Мисалы: мергенчиликке тыюу салынган маалда аңчылыкка чыгуу, жоголуп бараткан жаныбарларга же коруктардагы жаныбарларга аңчылык кылуу.

**Жаратылыш парктары** – кээ бир бөлүктөрү корукка алынып, экинчи бир бөлүктөрү коруктарга коюлган эрежелерди сактоо менен адамдарды киргизүүгө уруксат берилген территориялар. Бул жерде мал жаюуга катуу чектөө коюлат.

**Жаратылыш эстеликтери** – илимий, маданий жана тарыхый баалуулуктарга ээ болгон географиялык объектилер: үңкүрлөр, шаркыратмалар, аскалар, тоолор, каньондор, байыркы кендер жана башкалар.

**Жашоо чөйрөсү** – белгилүү индивид, популяция же түр жашаган конкреттүү абиотикалык жана жансыз биотикалык шарттардын жыйындысы.

**Жер-аба чөйрөсү** – бул чөйрөдө өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү өсөт. Жердин үстүндөгү аба чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү – анда аба жана жарык көп, шамал жүрүп, көпчүлүк жерлеринде температура алмашып, жыл мезгили жана суткага ылайык нымдуулук өзгөрүлүп турат. Жердин үстүндөгү аба чөйрөсү абдан ар түрдүү.

**Жоголуп же өлүп бараткан түрлөр** – саны өтө аз, жоголуу коркунучунда турган түрлөр.

**Заказниктер** – биоартүрдүүлүктү бузбай, чарбалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө чектөө менен уруксат берилип,

корукка алынган жерлер. Токой, мергенчилик, ботаникалык жана комплекстүү заказниктер болуп бөлүнөт.

**Инвазивдүү түрлөр** – бул аймакта өспөгөн же жашабаган түрлөрдүн алынып келиши. Жаңы чөйрөдө мындай түрлөрдүн саны кескин көбөйүп кетип, жергиликтүү өсүмдүктөр менен жаныбарларга зыяны тийиши мүмкүн.

**Интродуция же бөтөн түрлөр** – бул аймакта мурда болбогон же өспөгөн түрлөрду атайын же кокусунан адамдардын алып келиши.

**Климаттын өзгөрүшү** – адамдын ишмердүүлүгү менен узак мөөнөткө чейин орточо климаттык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшү менен кургакчылык, катуу шамалдар жана суу ташкындарынын болушу.

**Консументтер** – даяр органикалык заттар менен азыктанып жашаган жаныбарлар. Биринчи катарда өсүмдүктөрдүн эсебинен жашагандар, экинчи катарда жырткычтар, ал жырткычтардын эсебинен үчүнчү катардагы консументтер жашашат.

**Корук** – эч кандай чарбачылык ишмердүүлүк жүргүзүүгө уруксат берилбеген территория (мал жаюу, чөп чабуу, аңчылык, балык улоо ж.б.).

**Кургакчылык** – узак мезгилге чейин жаан-чачындын санынын төмөндөшү.

**Мейкиндик** – жаныбарлар өз тукумун көбөйтүп, башка керектөөлөрүн канааттандырууга жетиштүү болгон аянт, территория. Айрым жаныбарлар үчүн миңдеген гектарлар, башкалары үчүн бир гектар эле жетиштүү болушу мүмкүн. Мейкиндик керектөөлөрү жаныбардын эмне менен азыктанышына жараша болот. Мисалы, сууну көп керектеши, жалгыз же үйүр менен жашашынын мүнөзүнө жараша болот.

**Организмдик чөйрө** – бул жандуу организмдин денеси, аны башка организм (мите) өзүнүн жашоосу үчүн пайдаланат. Кожоюн организм мителик кылган организмге азык заттарды берет. Мисалы, чымылдык өсүмдүгү башка

өсүмдүктөрдүн сабактарына мите болуп жашап, алардан азык заттарды алат.

**Өзгөчө коргоого алынган жаратылыш территориялары** – биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо үчүн түзүлгөн коруктар, улуттук парктар, жаратылыш эстеликтери жана заказниктер.

**Пестициддер** – өсүмдүктөрдүн зыянкечтерине, ооруларына, түрдүү мителерге, отоо чөптөргө, ошондой эле адамдар менен жаныбарларга коркунучтуу ооруларды жугузуучу вирустарга каршы колдонулган химиялык каражаттар (уулуу заттар).

**Популяция** – өз түрүнүн башка топторунан табигый чектер менен ажырап, ареалдын белгилүү бөлүгүндө көптөн бери жашаган өз ара эркин аргындашкан өсүмдүктөрдүн же жаныбарлардын бир түрүнүн бөлүгү.

**Продуценттер** – фотосинтез процесси аркылуу органикалык эмес заттардан органикалык кошулмаларды түзүүгө жөндөмдүү бардык жашыл өсүмдүктөр.

**Редуценттер** – органикалык заттардын калдыктарын минералдык абалга чейин ажыратып чириткен микроорганизмдер. Алардын аракети менен биологиялык айлануунун бир этабы аяктап, кийинки жаңы этаптары башталат.

**Реинродукция** – 1) Жасалма шарттарда сакталган түрлөрдү табигый чөйрөгө кайтаруу боюнча иш-чара; 2) Жаңы жана туруктуу популяция түзүү үчүн, кандайдыр бир себептер менен жоголуп кеткен жапайы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн бир түрүн мурда алар жашаган же өскөн аймактарга алып баруу, көчүрүү.

**Салттуу экологиялык билимдер (СЭБ)** – муундан-муунга берилген айлана-чөйрө жөнүндө билимдердин жыйындысы. Кылымдар бою бул билимдер жаратылыш экосистемаларынын шарттарына ыңгайланып жашоого, анын ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга, климаттык өзгөчөлүктөрүнө калыптанууга шарт түзгөн. СЭБге

жергиликтүү ландшафтка, жаратылыш объектилерине байланышкан легендалар, мифтер, уламыштар, салттар, үрп-адаттар, жөрөлгөлөр, ырлар, күүлөр жана башкалар кирет.

**Суу чөйрөсү** – океандарга, деңиздерге, дарыяларга, көлдөргө, сууларга байланыштуу чөйрө. Көпчүлүк сууларда кычкылтектин жана күндүн жарыгы тереңдеген сайын азайып, 200м тереңдиктен кийин жарык дээрлик жокко эсе. Ошондуктан өсүмдүктөр анча терең эмес суунун түбүндө, жарык жеткен жерде гана өсөт. Сууда өскөн өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү — балырлар.

**Топурак чөйрөсү** – жердин түшүм берүүчү үстүңкү бөлүгүндө жайгашкан. Топурак тоо тектеринин талкаланышынан жана жандуу организмдердин калдыктарынан (чириндилерден), бөлүкчөлөрдүн бириигиши аркылуу түзүлөт. Бул жакта жарык жок болгондуктан топуракта суу өсүмдүктөрү дээрлик өспөйт. Топуракта өсүмдүктөрдүн уруктары жана тамырлары гана бар. Топурак чөйрөсүндө негизинен бактериялар, жаныбарлар жана козу карындар жашайт.

**Урбанизация** – шаарлардын өсүү процесстери. Натыйжада, шаар калкынын үлүшү көбөйөт.

**Чөлгө айлануу** – кургакчылыктын кесепетинен өсүмдүктөрдүн кескин азайышы.

**Экология** – (грекче «ойкос» – турак жай, «логос» – илим) организмдердин, түрлөрдүн жашоо чөйрөсү жөнүндө илим.

**Экологиялык билим берүү** – инсанды өстүрүү жана тарбиялоого, илимий жана практикалык билимдери менен көндүмдөрүн жаратууга багытталган баалуулуктарга, жүрүш-турушка жана ишмердүүлүккө, социалдык айлана-чөйрөгө, ден соолукка жоопкерчилик мамилени камсыз кылууну максат кылган окутуудагы үзгүлтүксүз процесс.

**Экологиялык тарбия** – адеп-ахлактын негизги курамдык бөлүгү, ал аркылуу экологиялык аң-сезимге ылайык келген ынануу менен жүрүш-турушту түзөт.

**Экосистема** – белгилүү бир аймактагы жаратылыш комплекстеринин өз ара байланыштарына жана көз карандылыктарына ылайыкташып, чөйрөсү менен бирдиктүү функционалдык бүтүндү түзгөн жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тобу.Ээлеген ордунун өлчөмү боюнча улам чоңойгон иерархиялык системаны түзөт. Экология илиминин негизги түшүнүктөрүнүн бири.

**Эндемик** – жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн чектелген географиялык аймакта жашашы.

**Этникалык тарбия берүү** – адеп-ахлак баалуулуктарына, өз этносунун жүрүш-туруш моделин түзүүгө үйрөтүү, өз маданиятынын үлгүлөрү менен тааныштыруу процесси.

**Этномаданий билим берүү** – эне тили жана маданиятын үйрөтүү менен бирге дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарын бир мезгилде өздөштүрүү аркылуу инсандын этномаданий окшоштугун сактоого багытталган билим берүү процесси.

**GPS (Global Positioning System)** – багыт алуу боюнча глобалдык система, өзү турган географиялык орунду аныктоо мүмкүнчүлүгү бар виртуалдык карта.

# Пайдаланылган адабияттар жана булактар

*Андросов М. А.* «Социокультурные аспекты этно-экологического воспитания молодёжи». В журнале: Социология. – Горно-Алтайск, 2011. С. 85–90.

*Миркин Б.М., Наумова Л.Г.* «Ролевые игры по экологии». Пособие для учителей. – М., 2000. – С. 272.

*Поташник М.М., Левит М.В.* «Как подготовить и провести открытый урок (современная технология)» – М.: Педагогическое общество России, 2008. – С. 144.

*Поташник М.М.* «Требования к современному уроку: методическое пособие». – М., Центр педагогического образования, 2007. – С. 272.

*Ставская Л.Г, Лужанский Д.В, Урстанбекова З.Б, Кречнер М.А* «От мудрости природы к мудрости народа». – Б., 2015. –С. 48.

*Шукуров Э. Дж., Ушаков В., Шагапова Н., Ю. Тенькова* и др. «По следам снежного барса». – Б., 2013. – С. 144.

*Шукуров Э. Ж., Шукуров Э.Э., Жусупбаева А.А.* «Кыргызстандын жандуу жаратылышы». Популярдуу энциклопедия. – Б., 2014. 125 б.

Экология и творчество: учебно-методическое пособие/ автор-сост. *И.М. Зарубина* и др. – Киров: ООО «Типография «Старая Вятка», 2012. – С. 95.

Всемирный фонд дикой природы https://wwf.ru/

Глобальная программа по сохранению снежного барса и его экосистем http://www.globalsnowleopard.org/ru/

Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү http://bizdin.kg/

Программа «Ирбис – снежный барс» http://programmes.putin.kremlin.ru/leopard/

Snow Leopard Trust https://www.snowleopard.org/

**ОКУУ КУРАЛЫ**

**МЕКТЕПТЕ ЭТНО-ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**

*Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо*

Түзгөндөр ***Осмонова А.А., Жолчубекова А.А.***

Которгон ***Турпанова Ж.А.***
Адис редактору *Жунушалиева К.К.*
Редакторлору *Турпанова Ж., Теңирбергенова Ж.*
Корректору *Абдрахманова Г.*
Дизайны жана компьютерге терген *Ульмасов А.*

© «Таалим-Форум» КФ, 2019

Басууга 11.07.2019-ж. берилди.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84/16
Көлөмү 12,75 басма табак.
Заказ 1945. Нускасы 1000.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көч. 1